

Абдыразак Шермамбетов



# ӨЧПӨС ӨМҮР



## Кыш мезгилдин тазасы;




*Бийик аска тоолорду каптап жаткан мөңгүлөрдүн көбөйүү убагы. Андан агуучу суулар, өмүрдүн булагы. Ак илбирс эмне үчүн артын карап калды? Ал анын изи менен келе жаткан адамдарга кайрылып: «Адамдар силер акылдуу жырткычсыңар, акылсыз айбандардан төмөн түшпөгүлө! Мендейлердин жашоосун үзбөгүлө! Мен тамак издеп улуу тоолордон бөксө тоолорго чейин келдим. Силердин тамагыңар үйүңөрдө, бизден тамак талашпагыла, биз дагы жашагыбыз келет. Ичимде эки балам бар, аларды чоңойтуш үчүн мен дагы тамак жешим керек. Менин тамак таппай жүргөнүмө силер күнөлүү экениңерди билесиңерби? Туулуп өскөн жерибизден тамак таппай, мигрант болуп кайда барабыз? Билемин менин теримди сыйрып ырахатка батасыңар, анан аны сатасыңар, келечекти ойлоп уялсаңар боло, акылыңарга келгиле адамдар!»*

*Айбанатты барктагыла,*
*Ага каршы баспагыла.*
*Ала-тоонун көркү болгон,*
*Ак илбирсти атпагыла,*
*Жаратылышты сактагыла!*

*Ак Илбирс.*



*Ушул менин өзүм эмес сүрөтүм,*
*Эстеликке беришет да сүрөтүн.*
*Сактай билсең мен өлсөм да ал калат,*
*Ак кагазда элестеген мүнөзүм.*

АБДЫРАЗАК ШЕРМАМБЕТОВ

# ӨЧПӨС ӨМҮР

Бишкек 2015

УДК 821.51
ББК 84 Ku 7- 4
Ш 49

**Шермамбетов А.**

Ш 49 ӨЧПӨС ӨМҮР. /-Б.«Техник» ББ, 2015. – 248б.

ISBN 978-9967-467-30-9

Мекенибизге ат кашкасындай белгилүү улуу дайрабыз карт Нарындын боюнда жазылган бул чыгармалар жыйнагында элин-жерин даңктоо, ата-мекенине болгон сүйүү, эгемен элибиздин бүгүнкүсү, эртеңкиси чагылдырылган.

Ш 4702300100-15

ISBN 978-9967-467-30-9

УДК 821.51
ББК 84 Ku 7-4
© Шермамбетов А., 2015

## Кириш сөз

Шермамбетов Абдыразак — колуңуздардагы жыйнактын автору, кесиби боюнча врач. 1933-жылы Ат-Башы районундагы Казыбек айылында туулуп, орто мектепти ийгиликтүү аяктагандан кийин Нарын шаарындагы айыл чарба мектебин бүткөн. Эмгек жолун өзүнүн айылында мал догдур болуп иштөөдөн баштаган. Билимин дагы жогорулатууну көздөп Кыргызстан Мамлекеттик айыл чарба институтуна кирген, бирок армияда кызмат өтөөгө чакырылып, окуусун уланткан эмес.

Ал эми 1964-жылы Шермамбетов Абдыразактын Кыргызстан Мамлекеттик медициналык институтун артыкчылык диплому менен бүтүшү анын өмүр жана эмгек жолундагы бурулуш учур болуп калды. Ошондон ушул күнгө чейин ал медицина жаатында үзгүлтүксүз эмгектенип келүүдө. Нарын шаарындагы медициналык окуу жайында мугалим, 30 жылга чукул кургак учукка каршы облустук диспансерде жогорку категорияда дарыгерлик кылып келе жатат.

Ат-Башы аймагынын ажайып кооз жаратылышы, элет калкынын кулк мүнөзү, турмуштук бай тажрыйба, кесибине байланыштуу адам дүйнөсүнө терең аралашуусу, коомдук кубулушка болгон көз карашы, саякатты сүйгөндүгү Абдыразак Шермамбетовдун ыр жазууга ышкысын күчөтүп келгендей. Колуңуздагы жыйнактагы ар кыл мүнөздөгү ырлар болобу, учкул сөздөрү, айтор автордун көп жылдык аракетинин үзүрү. “Жаратылыш байлыгы адамдар үчүн жаралган белек, аны сактай билип, туура пайдалануу ар адамга керек” - бул автордун турмуштук тутуму сыяктанат.

## Пикир ДАРЫГЕР АКЫН

Акындык өнөр кесип тандабайт. Жыйнактын автору-врач. Негизги кесиби дарыгерлик болсо да, ыр жазууга болгон ынтызарлык, тубаса ыроолонгон талант- шык, көркөм табит дарыгердин колуна калем карматкан. Анан да ал акын эле эмес, коомдук турмушка кайдыгер болбой, дайыма активдүү турмуштук позицияны кармана жашап, эли - жери, анын бүгүнкүсү менен келечеги үчүн күйүп- бышкан мекенчил инсан. «ӨЧПӨС ӨМҮР» аталган жыйнак ак бата («сакта») менен ачылып, ар кыл темадагы, түркүн мазмуундагы ырлардан, макал- ылакап, учкул сөздөрдөн, эскерүү, ой- толгоо, сунуш- пикирлер менен каттардан турат. Автор өзү да чыгармаларын «Арноо ырлар», «Артүркүн ырлар», « Лирикалар», «Менин сырларым», дегендей тематикалык уяларга топтоштурат. Арноо ырлары Ч.АЙТМАТОВ, Ж.ШЕРАЛИЕВ өңдүү залкарларга, көбүнчө бирге өскөн курбу- курдаштарына, жердеш инилерине, куда-сөөк, тели-теңтуштарына арналып, аларга жүрөктөн чыккан каалоо тилектер айтылса, лирикалык ырларында акын сулуулукка суктанып, келбети келишкен, периштедей кыздарга, Кга, Зга, Мга, Жга арнап ашыктык ырын жазат, жан дүйнөсүн жашырбай махабат сырын ачат. Ал эми «Ар түрдүү ырлары» өзү айтып тургандай поэзия, акындык өнөр, адам өмүрү, коомдогу терс көрүнүштөр, кайдыгерлик, эл достугу, эл ынтымагы, эл пейили, таалим-тарбия, жаратылыш коздугу, жер байлыктары, Ат-Башы, Нарын жергеси, кыргыз тили сыяктуу темаларды ичине камтыйт. Даяр ыргак обонго салып чыгарган ырлары бар. Фелетон, тамсилдерди тарыхый окуяга байланышкан ырларды да жазган. Кийинки бөлүмдөр акындын ички «сырлары» менен «чырларын» баяндаган эскерүүлөр менен ой толгоолордон, каяша каттар менен сунуш пикирлерден турат.

Турмуштук тажырыйбасы мол, акылгөй кары катары учкул сөздөрдү чыгарган, эл оозундагы макал- ылакаптарга, баталарга заманбап кошумчаларды киргизген.

Акынды баарыдан мурда эл ичиндеги көрөалбастык, ичи тардык, кайдыгерлик бушаймага салып, тынчын алат. Ал бир ырында Кыргыз калкына мүнөздөмө бере келип, элибиз жалкоолугун койсо, оюбуз таза болсо, эмгектенсек тез эле оңолуп

кетебиз деген ойдо. Ошондон улам акын көзү көрүп, өзү туюп турган жат көрүнүштөргө чыдай албай журт башчыларына кайрылат, сунуш айтат. Маселен: Билим берүү системасына кандайча реформа керек?, президентти кантип шайласа болот?, мамлекетти көтөрүүнүн кандай жолдору бар?, дегендей орчун маселелерге өзүнүн жекече сунуштарын айтат.

АБДЫРАЗАК ШЕРМАМБЕТОВ кырктын кырын ашканда поэзия дүйнөсүнө кадам таштап, ыр курап, калем сынап көргөн өңдүү. Кийинчереек, 1986-жылы Ленинградда адистикти жогорулатуу курсунда жүрүп, жердеши, улутташы ЧЫҢГЫЗ АЙТМАТОВДУН дүйнөлүк кадыр- баркына, аброюна өтө таасирленген акын бир түн уктай албай, «каалоом бар айтчу Чыңгызга»! деген ырын жаратып, анысын кайра-кайра окуп өзү жактырган соң таза баракка көчүргөн экен. Мына ушундан кийин «жакшынын шарапаты» дегендей көмүскө жаткан чыгармачылык талант козголуп, Чыңгыз агабызды пайгамбарымдай сезип калгамын дейт акын. Ырасында эле ыр жазууга чындап шыктанган автор андан бери жогоркудай ырларды жаратты. Ал акындыкты биротоло кесип кылып, бул багытта атайын билим албаса да,кыргыз акындарынын чыгармалары менен жакшы тааныш, дүйнөлүк адабияттан, поэзиядан кабары бар. Ырларынын көркөм- поэтикалык деңгээли нукура поэзиянын чен өлчөмүн чапчып турбаса да, окурманды кайдыгер калтырбай турган көркөмдүк касиеттерге ээ, айта турган олуттуу ойлору бар. Бул жыйнак — дарыгер — акындын көркөм жан дүйнөсү, түбөлүктүү өчпөс өмүрү.

КУБАТ ИБРАИМОВ, филология илимдеринин кандидаты.

Бата менен эл көгөрөт, жамгыр менен жер көгөрөт.

Жамалган! жана Кыргыз элиме

## АК БАТА

Мылтыктуу көздөн, мыскылдуу сөздөн, улуктун өзүнөн, көрөгөчтүн көзүнөн, сөгөнөөктүн сөзүнөн, узун кулактын ушагынан, ууручулуктун тузагынан сакта!

Ниеттин битирөөсүнөн, жердин титирөөсүнөн, ташкындаган суудан, атайлап берген уудан, амалкөй куудан, зыяны тийчү буюмдан, алып учкан куюндан сакта!

Жолдун кырсыгынан, иштин кынтыгынан, жалган жалаадан, билинбей келген балээдан, калыссыз карадан, айыкпаган жарадан, сокур октон, кызыл чоктон сакта!

Күндүн тутулуусунан, мыйзамдын бузулуусунан, бийликтин кутуруусунан, элиңдин шоктугунан, пейилинин жоктугунан, куланып кетчү өйдөдөн, кубанычсыз чөйрөдөн, көөнөргөн көңүлдөн, көз тийген өмүрдөн, кунары жок айлыктан, кутурткан байлыктан сакта!

Ичи тарга билинбей, ийри тумшукка илинбей «кырт» эрткен жерди баспа, сабырдуулукту туу тутуп акыры шашпа, душманыңа тике карап, артыңа качпа!

Белен оокат улабай, вертолеттон кулабай, капыстан канат кайрылбай, ага-туугандан айрылбай, арамзанын жолуна түшпөй, башка аялдын торуна түшпөй, акылдуудан кол үзбөй, жумушуңду бүгүн бүтүр, эртеңкини күтпөй, жаманга зыярат кылбай, жаратылышка кыянат кылбай, Алланын амирин сакта, адамдык парзыңды акта, бирөөгө чуңкур казба, жолдошуңду сатпа!

Ата-бабанын арбагы колдоп, кызыралейкисалам жолдоп, элиңдин малдары жондуу, эгини дандуу, карагаты кандуу, балдары таңдуу болуп, жайытына баш толуп, дасторконуна аш толуп, көңүлдөрү жаздай гүлдөп, урук-бутагы көбөйүп-бүрдөп, каапырдын каргышы жетпей, эл ичинен ынтымак кетпей, иштери оңолсун!

Оомийин! Ушул берилген батаны Аллам өзү кабылдасын, жакшылык Кыргыз элинен жаңылбасын!

**Батаны жазган дарыгер-акын Абдыразак Шермамбетов.**

Эскертүү: Бул батаны көбөйтүп, көчүрүп алууга болбойт, анткени бата күчүн жоготот. Аты аталган атадан балага калат.

# АРНОО ЫРЛАР



**Алмазбек Шаршеновичти президенттик шайлоодо колдогон ураан!**

Эмитен барчу жолду түздөйлүчү,
Эл ичинде биримдикти күчтөйлүчү.
Сатылып таза өткөрбөй шайлообузду,
Такалып дагы жарды сүзбөйлүчү.

Тагдырдын тайгак жолун тандабаган,
Тайкы акыл кара өзгөйдү жандабаган.
Татыктуу президентке Атамбаев,
Так сүйлөп адамдарды алдабаган!

Бул ураанды жазган Абдыразак Шермамбетов, Нарын шаары 25.09.2011ж.

# МЕНИН ЫРЛАРЫМ

## Кандай элбиз кыргыздар

Кыргыздар кылымдар карыткан,
Кыргыздар аргымак арыткан.
Калтырып Эне сай, Алтайды,
Көчүшүп келишкен алыстан.
Тарыхты таштарга жазышкан,
Талаага казандар азышкан.
Душманга сырларын билгизбей,
Табылгыз жерлерге катышкан.
Кыргыздар чакан элденбиз,
Көзгө атаар чечен мергенбиз.
Кыябы келген кездерде,
Кыйратчу жоону жеңгенбиз.

***  ***  ***

Атадан калган наркыбыз,
Дүйнөгө маалым даңкыбыз.
Таанылбаган адамга,
Тамак берүү салтыбыз.
Бирөөгө мүшкүл иш түшсө,
Көтөрөбүз жалпыбыз.
Пейили кенен берешен,
Дүйнө элинде жалкыбыз.
Тарытпасак пейилди,
Дагы көтөрүлөт баркыбыз.

Асманда эле эмес жылдыздар,
Жерде дагы жылдыз бар.
Урпактары Манастын,
Ал жылдыздар кыргыздар.
Пейилинден ушул жазбагын,
Айланайын кыргыздар.
Ата-Тоо кыргыздын тиреги,
Дайрасы элимдин билеги.
Эрдикке-шердикке шык берген,

Кыргызда Манастын жүрөгү.
Ырыскы, ыйманды жоготпой,
Чатаксыз туугандар жүрөлү.

***          ***          ***

*Үч инсанга үч ооз сөз*

## АКАЕВГЕ!

Айтайын деген оюм бар,
Айланайын Акаев.
Кыргызынды багып ал,
Ордунда туруп какайып.
Мафия, Коррупция деген ооруну,
Жаныңа жакын жолотпой,
Байлыгын элдин коротпой,
Алыс болгун сакайып.

Жаңы туулган айдайсын,
Жаркылдап күлүп жайнайсың.
Пейилиң жумшак берешен,
Эл багуучу сайдайсың.
Жакшылык болот шашпа деп,
Эл журтуңду жайлайсын,
Убагында бербей айлыкты.
Талоонго салган байлыкты,
Журт куруткан жегичтин,
Качан колун байлайсың?

***          ***          ***

## ШЕРИМКУЛОВГО!

Кыйынчылык заманда,
Чын төрөагалык кылыңыз.
Улууларга кеңешүү,
Башынан келген сыйыбыз,
Парламенттин арасын,

Жикке бөлбөй тыйыңыз.
Эки жүз кырк гектарды,
Дыйкандарга берсеңиз,
Басылар дейбиз ыйыбыз.

***　　　***　　　***

## ЖУМАГУЛОВ АПАСКА

*Жолдоштук каалоо!*

Бул чылбыр менен тизгинди,
Экинчи жолу алдыңыз.
Эл мүдөөсүн аткарчу,
Туура жерге бардыңыз.
Алтындан чыккан чатакка,
Аралашпай калдыңыз.
Коррупция менен Мафиянын,
Жолун бууп салыңыз.
Аскар менен Кеңешип,
Айласын элдин табыңыз.
Кеңешип кескен оорубайт,
Бармакты эле малыңыз.
Чымчып койгон сөзүмө,
Абыке чычалабай калыңыз.
Жашоонун чыйырын түз салып,
Жалпы элге жагыңыз.
Кыйынчылыкка калтырбай,
Кыргызды багып алыңыз..!

***　　　***　　　***

## Үчөөнөн башкаларга

Башкалар жүктү артпаса,
Башаламандыкты таштаса,
Ээрчибей кантип коёбуз,
Аскар менен Апастар,
Эмгегин элдин актаса.
Эмгектенип иш кылбай,

Жалкоолор үйдө жатпаса,
Турмушум өтпөй калды — деп,
Жамандык жакка баспаса.
Оңолуп бир күн кетербиз,
Оюбуз болсо таптаза.

21.06.1993-жыл, Нарын шаары

***          ***          ***

**Каалоом бар айтчу ЧЫҢГЫЗГА!**

Кайрылам элим кыргызга,
Каалоом бар айтчу Чыңгызга.
Корабль минбей космостук,
Кабарың жетти жылдызга.

Түшүнсө элим кыргызым,
Туу кылып кармаар жылдызым.
Ааламга кыргыз таанылды,
Өмүрлүү болгун Чыңгызым.

Дүйнө эли болуп жолдошуң,
Чынырмаң сени колдосун.
Нобелдик сыйлык берилип,
Жылдызың жалгыз колдосун.

Көлдө өткөргөн форумуң,
Биринчи болду жоругуң.
Тынчтыктын чебин бекемдеп,
Согуштан элди корудуң.
Ысык — Көлгө баргансың,
Тынчтыкка салым салгансың.
Сага окшогон уулдарды,
Дүйнөнүн эли кармансын…

Ноябрь 1986-жыл.

***          ***          ***

## Жакшынын шарапаты

80 жылдык маарекеңиз көзүңүз жок болсо дагы, көзүңүз бардан артыгыраак өтөрүнө шек жок. Себеби биз кыргыздар, адамдын тирүүлүгүндө колдой албай, көзү өткөндөн кийин «аттиң» - деп өкүнүп калмай адатыбыз бар эмеспи «Колдогу алтындын баркы жок»-деген сөз таамай айтылган.

ЧЫҢГЫЗ агабыздын көзү тирүү кезинде, анын чыгармаларына дүйнө элдеринин суктануусу жылдан жылга арта баштаган сайын өзүбүздүн жергебизде ЧЫҢГЫЗ агабыз тууралуу, кайдыгерчилик, көрөалбастык жагдайдагы терс ойчулдар да болбой койгон жок. Бул эмнени билгизип турат, жогоруда жазылган учкул сөздүн калетсиз экендигин тастыктап турат. Ушул жерден сөзүм куру болбос үчүн: жума 17-январь 1997-жылы Кыргыз Туусу газетасынын биринчи бетинде «КАРАӨЗГӨЙЛҮК ЖЕ ЖОЛБОРС ЖАМЫНГАНДЫН БААРЫ ЭЛЕ БААТЫР ЭМЕС» - деген ЖУСУПБЕК ЭРМАТОВДУН көлөмдүү макаласы чыккан. Мында мен тууралуу төмөнкүчө жазылган. ЛЕНИНГРАДДА 1986 - жылы күзүндө адистикти жогорулаттуу курсунда окуп жүргөн элек. 500дөн ашык киши. Күн сайын кечинде «Времядан» жанылыктарды угуу үчүн клубга чогулчубуз. Бир күнү кечинде ЫСЫК - КӨЛ форумуна катышуучуларды СССРдин президенти М. ГОРБАЧЕВ кабыл алганын телевизордон көрсөтүп калышты. Ал бүткөндө баягы залда отургандар толкунданышып, Кыргызстандан киши барбы? Тургулачы ордуңардан деп суранышып калышты. Биз ордубуздан турдук, үч киши экенбиз, бир аял бир эркек орус, үчүнчүсү кыргыздан мен экенмин. Көпчүлүк мени сахнага чыгууну суранышты.

Бул залдагыларда жеке эле СССРдин курамындагы элдерден башка чет элдик врачтар да бар эле. Мен алардын суранычы менен сахнага чыкканда ЧЫҢГЫЗ тууралуу ар түрдүү суроолорду жаадыра башташты.

Мен болушунча жооп берип, кээде калпты да айтууга туура келген учур да болду. Себеби; Мен ЖАМИЛАДАН башка китебин окуган жок элем. Эми аргасыздан калп айтууга туура келди. Ошентип жарым саатка созулган суактын кээ бири калп

болгондуктан, кара терге түшкөнүмдү сезбей калыптырмын. Өмүрүмдө калп айтканды жаман көрүүчүмүн, көрсө турмуштун ар кандай жактайлары калп айттырат турбайбы. Ал жерде отургандарга үч айдан бери менин бар-жогумду билбегендердин баардыгы мени бир укмуш кишидей суктана карашкандыгы, залдан чыгып бара жатканда мен аларга лекция окуган академик катары жакшы маанайда жол ачып бергени мени аябай толкунданткандыктан ошол түнү уктай албай койдум. Өмүрү лекциядан, рецептен башка жазбаган жаным, ЧЫҢГЫЗГА арнап төмөнкү ырды жазып бүтүрдүм. КААЛООМ БАР АЙТЧУ ЧЫҢГЫЗГА!

Мен өзүмө өзүм ишенбей жазганымды кайра-кайра окуп көрсөм кадимки эле ырдай болуп тургандыктан, таза баракка көчүрүп жаздым

Мына «жакшынын шарапаты» - деген ушул. ЧЫҢГЫЗГА арнаган ырдан кийин, мен өзүмдүн көмүскө жаткан мүмкүнчүлүгүмдүн бардыгы ыр дүйнөсүндөгү ачылууларды жаратып бергендигинен мен ЧЫҢГЫЗ агабызды пайгамбарымдай сезип калганмын. Сөзүмдүн аягында маркумдун жакындарына жана күйөрмандарына көңүл айтуу менен бирге, өлбөгөн адам болбойт, жашоонун өлчөмү 80-100 жаш жакшы жаш, ошол убакта акылынан же кыймылынан ажырабаса, кокусунан тескерисинче болсо канчалык жакын болбосун өлүмүн тилеп калган учур болот. ЧЫКЕМДИН бактысына андай болгон жок, жакшы адам экен.

Өзүн өзү өлбөс кылып кете берди. Бейишин берсин. 18-июнь 2008-жыл..

**Кубанамын жыгач атчан «Агайыма»**

Дайым жүрөм Сизди көрүп арманда,
Убагында жардам бербей калганга.
Жакшы адамды бир жеринен кемитүү,
Мүнөздүү го бул ченемдүү жалганга.

Баш иштесе буттун анча баркы жок,
Салыштырсам Рузвельтке сиз окшоп.
Кубанамын «жыгач атчан» агайыма,
Жаш- карынын жүрөгүнө салган чок.

Жылдар өтөт, өтсө жылдар сезилбей,
Жүрөгүңүз көп жашасын жешилбей.
Кызды сүйүп ага жакшы ыр ырдайлы,
Өтмөк белек бул дүйнөдөн кечилдей.

Обонуңуз канаттуудай уччу болду,
Уккандардын көңүлүнө абдан толду.
Кубанамын «жыгач атчан» агайыма,
Эриткенге обондоруң миллионду.

Эчен жакшы обондорду жараттың,
Бул жагынан абдан учкул канатсың.
Кыргыз элин Чыңгыз экөөң көтөрүп,
Таң калтырып башка элди караттың.

Куттуктап Сиздин туулган күнүңүздү,
Алтымыш жаш күбүлтбөсүн гүлүңүздү.
Кут кылып бул заманды Сизге бизге,
Тилеймин сак саламат жүрүүңүздү.

Туулган күн дайым артка кала берсин,
Күн санап өмүр алга бара берсин.
Баа жеткиз обондоруң жетелешип,
Алтындын кени сымал чыга берсин.

Ырларым бар уурдалбаган бирөөдөн,
Мен тазамын мына ушундай күнөөдөн.
Жардам берчү жакшы адам кабылса,
Кантип эле мен качайын сүрөөдөн.

Сүйүктүү обончу агай Жумамүдүн,
Ырдалса сахнада жагымдуу үнүң.
Ырыма обон ойлоп таап бериңиз,
Деп кайрылып турган сизге врач иниң.

07.07.1975-жыл, Нарын шаары

***

**Б ҮК Ө Ш деймин атыңды эркелетип**



Сен дүйнөгө жаралгансың мен үчүн,
Мен да ошондой болсом керек сен үчүн.
Жашыбыздан бирге кошкон жүрөктөр,
Көп жашаса деген менин үмүтүм.

Жашыбыздан кошулганбыз экөөбүз,
Ынтымакты ырыскыдай сезебиз.
Үлгү болчу үй - бүлөнү биз курсак,
Анда ойлогон оюбузга жетебиз.

Үй ичинде эмгегиң зор өзүндүн,
Таасири чоң сенин айткан сөзүңдүн.
Сен апасы болгондуктан балдардын,
Карегимдей сактайм сени көзүмдүн.

Алыс жүрсөм эстен чыкпайт элесиң,
Эмгектенсем кубатты сен бересиң.
Мээримиңе үй-бүлөнү бөлөгөн,
Баарыбызга азыр өзүң энесиң.

Бүкөш! — деймин атыңды эркелетип,
Бердиң мага уул — кызды жетелетип.
Перзенттерим карманган аман болуп,
Карыганда биз жүрсөк жетелешип.

18.10.1976-жыл

*** *** ***

**Кадырлуу кудам Саткынбайга!**

Алтымыш жаш арытпасын атыңды,
Биз тилейбиз узун өмүр жашыңды.
Ак өргөөнүн куту болуп Ырысжан,
Алла таалам сактап жүрсүн башыңды.

Тоюңарга белек кылып алып келдим,
Минип жүрчү сага арнаган атымды.
Анда — санда эриккенде окуп кой,
Чын жүрөктөн чыккан сөздөр жазылды.

Эми САТЫКЕ!
Ак сарайың нап берсин,
Короо толо бак берсин.
Жер — жемишиң мол болуп,
Токчулукту алып келсин.
«Оомийин» - деп бата берелик,
Саткынбай менен Ырысжан.
Ушул ак сарайдын ичинде,
Ак калпак менен ак элечек.
Башыңардан түшпөй,
Күн — түнү жумушуңар бүтпөй.
Туугандар менен байланышты үзбөй.
Ден соолугуңар чын болсун,
Баскан- турганыңар тың болуп.
Бирге жашап жеткиле жашка жүздөй!

25-сентябрь 1993-жыл.

*** *** ***

## Алыкулду эскерүү
(Акындын 85 жылдыгына карата)

Оору күчөп күндөн күнгө кайтпады,
Жалгыз гана эрмек болуп жазганы.
Жалгыздыктан жабыркаган акынга,
Жок дегенде үй бүлөөдөн айтпады
Найза өтпөгөн Алыкулдай акында,
Кууратып кургак учук алып тынды.
Поэзия күзгүсүнүн бирден-бири,
Кайгылуу күү черттирип сынды-сынды.
Өчүңдү алып кургак учук оорудан,
Айыктырдым нечендерди ооруган.
Ал учурда арачалап калалбай,
Алып кетти ажал улук тооруган.
Элестетип эскеребиз өзүңдү,
Эстен чыккыс кылымдарга сөзүңдү.
Алыкулга таазим кылып ар дайым,
Окшоштуруп жазсам деймин сөзүмдү.

***   ***   ***

## Айдралиев Асылбек курсташыма

Асылбек курсташ аманбы?
Айтамын сизге саламды.
Ажыратып билчү кезибиз,
Жакшы менен жаманды.
Асылбек асыл досумсуң,
Акылга акыл кошулсун.
Ден соолугуң чың болуп,
Өмүрүң узак созулсун.
Академик атагың,
Андан да өйдө катарың.
Символу кылып адамдын,
Сыймыкка абдан батамын.
Кааларым сага жакшылык,
Кыла бер тоого башчылык.
Тилесем кайра келеби,

Тил жеткиз кайран жашчылык.
Тилээрим сага аппак жол,
Үй бүлөң менен аман бол.
Бирге окудук эле деп,
Жүрөлүчү үзбөй кол.

*** *** ***

## Бактыбек салган ак сарай

Бактыбек салган ак сарай,
Бактылуу кылды элимди.
Ким экен?-деп суратпай,
Билгизди ата-тегимди.
Кут болсун салган базарлар,
Кудайым берген Мазарлар.
Куттуктап Бактыбегимди,
Жазылаар нечен казалдар.
Базардан салып бир тобун,
Суктантып элди караттың.
Баасын билип жериндин,
Жок жерден барды жараттың.
Ат-Башы - Нарын жердеген,
Аталар элин эл кылдың.
Базарлар салып жериңе,
Даңазалуу жер кылдың.
Алладан тилейм демилге,
Көлөкөң тийип элиңе.
Көп жакшылык кыла бер.
Көөнөртпөй Кыргыз жериңе,
Акылдын топтоп үлгүсүн.
Алысты көрчү дүрбүсүн,
Ар дайым аман жүрө бер,
Алыска жетип дүбүртүн.

*** *** ***

## Классташым Батмага!



Сүрөтүң көрүп мектептен,
Туруп калдым көпкө кетпестен.
Бул адам азыр кайда деп,
Сурадым ойду дегдеткен.

Чоң сай кургак ал кезекте суу аккан,
Изибиз жок кумдуу жээкте биз баскан.
Балалыктын баёлуктун белгиси,
Кагаз эмес кар үстүнө кат жазган.

Класташсың биринчиден окуган,
Бирден терип тамгаларды чокуган.
Уучтап алып окуубузга кетчүбүз,
Бадыракты күйшөп жаткан сокудан.

Утушкун деп жумуртканы берчү элең,
Утканымды сага алып келчү элем.
70 жыл өтсө дагы арадан,
Унуталбай элесиңди мен келем.

Сүйүптүрмүн бирок ага жетпедим,
Сүрсүп бүткөн сага айтчу кептерим.
“Бир класста чогуу окудук эле”-деп,
Сен да менин бар-жогумду сезбедиң.

Көргүм келет бажырайган көзүңдү,
Уккум келип бал татыган сөзүңдү.
Улгаюудан биз өзгөрүп таанылбай,
Кала электе көрсөм деймин өзүңдү.

*** *** ***

Энеме

## Сүт менен адам болгонбуз

Баалармын эне күчүңдү,
Эмизген аппак сүтүңдү.
Үй бүлөдөгү ынтымак,
Түз чыгарса түтүндү.
Ак бешик болуп жатканым,
Сүтүңдүн даамын таткамын.
Баа жеткис асыл затынды,
Актаймын деп айткамын.

Эки жыл эмдим энемди,
Ооруттпай бактың денемди.
Ар дайым эстеп келемин,
Сүтүңдү актайм дегенди.
Сүтүңө дайым тойгонбуз,
Сүт менен адам болгонбуз.
Айтканды актаар кезимде,
Кантейин,
Уйкуга кеттиң ойгонгуз.

*** *** ***

## Бүкөштүн туулган күнүнө арноо

5- май туулган күнүнө арнап, төмөнкү ыр саптарымды гүл десте катары сунамын.




Мен жаздым ар кимге арнап сүйүү ырын,
Билесиң акындардын андай сырын.
Өмүрүм сени менен гана өтсө деп,
Тилеймин бир кудайдан айтсам чынын.
Экөөбүз баш кошконго 40 жыл өттү,
Жакшылыкты, жамандыкты көрдүк көптү.
Сыйлашып көңүлдөрдү калтырышпай,
Айтпадык көңүлгө оор жаман сөздү.
Өмүр бою жыттачу гүлүм сенсиң,
Жарык берип жылыткан күнүм сенсиң..
Суктандырып жашоого кызыктырган,
Таалайыма жазылган сүйүүм сенсиң.
Бир өзүңсүн менин бүткүл байлыгым,
Түгөнбөгөн алып турган айлыгым.
Билинбестен өтүп жаткан өмүргө,

Кубат берет Сенин ушул бардыгың.
Карылык келген сайын сүйүү күчөп,
Аяшып бирибизди-бирибиз күйүп түтөп.
Өлүм чиркин өкүм сүргөн убагында,
Кайгылуу ажырашуу бир күн күтөт.
Айла канча андайга да чыдагын,
Ким канчалык күйгөндүгүн сынагын.
Бул дүйнөдө өлбөй турган адам жок,
Төрт балаң бар күйө турган чырагың.
5-май 1999-жыл.

Өмүрлүк жолдошуң Абдыразак Нарын шаары.

*** *** ***

## Иним Каныбек Сейтакун уулуна!

Жакшы көргөн иним Каныбек,
Каныбектердин саны көп.
Алладан тилек тилеймин,
Болсо деп сенин жаның бек.
Китебимди белек кыламын,
Эстелик болуп калсын деп.

Алла деп айткан кебиң бар,
Акылга сыйаар демиң бар.
Бирөөгө көз артпаган,
Ак иштеп тапкан жемиң бар.
Аккан арыктан суу акчу,
Сыймыктанчу тегиң бар.
Апапак болсун жакаңыз,
Ар дайым консун сакаңыз.
Өмүрдүн узун жолунда,
Тайгылбай бассын такаңыз.
Арбагы менен өзүңдү,
Колдосун Ата-Бабыңыз.
Оомийин ушул берген батаны,
Аллам өзү кабылдасын,
Жакшылык үйүңүздөн жаңылбасын.
2014-жыл 30-март.

*** *** ***

## Кымбаттуу курбум Айышка!

Кылымдын чыйыр жолун басып келдиң,
Авицена барактарын ачып келдиң.
Кайдыгерлик карабастан оорулууга,
Тарыхтарын күнү-түнү жазып келдиң.
Эмгегиңдин үзүрүнүн негизинде,
Ардактуу дарыгерлик наамды жеңдиң.

Адамдык сапаттарды билгендер бар,
Ал сапатты оюуна илгенлер бар.
Айласыз баш ийкешип ичи күйүп,
Арамдык ойдо болуп жүргөндөр бар.
Жакшы адам жапжаш болуп кала берет,
Алтымыштан ашсаң дагы сүйгөндөр бар.

Азыр сен сыйлуу тондун жакасысың,
Бир үйдүн дуба кылаар батасысың.
Жазалган чоң чабышка элиң үчүн,
Табылгыз Тайторунун такасысың.
Эл бийлеп эл аралык сөз сүйлөгөн,
Азыр сен Асыктардын атасысың.
XX-нын кыйыр жолун басып келдиң,
Эчен белес ашууларды ашып келдиң.
Дагы эле көздөрүңдө сүйүү турат,
Айыке алтымышка шашып келдиң.
Дагы ушунча жаш сурасам көптүк болоор,
XXI-дин кырк жылдыгын басып бергин!
деп Абдыразак Шермамбетов, Нарын шаары

Тойго алып келишкен ат баштаган белектерди небере-чөбөрөлөр көрбөйт. Бул менин белегимди кылымдар бою окушат, ошон үчүн баалуу «Акын өтөт, сөзү калат».

*** *** ***

## Коллегам Эсенбүбүгө!

Коллегамсың бир окууну бүтүргөн,
Тажабасмын өмүр бою күтүүдөн.
Канча адамдар сакайышып кетишти,

Ополтоодой элге кылган күчүндөн.
Алтын колдон алтын ийне сайылды,
Араң жүргөн жан дүнүйөм байыды.
Ич дүйнөңүз ачык экен, кең экен,
Кимдер сүйбөйт Сизге окшогон айымды.
Күмүш колдон күмүш ийне сайылды,
Кантип табам сен жашаган айылды.
Жолугууга белги кылып алалы,
Булактагы бийик өскөн кайыңды.

Бул ыр түнкү саат 01:30да 11.06.2014-ж. Воронцовка Санаториясында жазылды

*** *** ***

## Казыбек биздин атабыз

Казыбек биздин атабыз,
Казалын айтып жатабыз.
Басып келсе душманың,
Айласы жоктон качабыз.
Кайрылбай өлгөн шордуунун,
Капасын качан жазабыз.
Капаска ырын калтырбай,
Толуктап качан басабыз.
Мен арыз жаздым актайлы деп акынды,
60 жыл мурун өтүп кеткен азылды.
Уруп жатып «чын»-деп мойнуна алдырып,
ЧКа аркылуу жалган өкүм жазылды.
Өлгөндөрдүн жаназасы окулбай,
Бир тобуна жалгыз чуңкур казылды.
Чыгаан Кыргыз кулундары чыркырап,
Чымын сымал чым алдында басылды.
Англияга чалгынчылык кылган деп,
Арыздын жообу мына ушинтип жазылды.
Казыбек Англияга Кыргызды кошкондо,
Эчак Кыргыз эл болуп боштондо.
Ат-Башы, Нарын, Кочкордо,
Заводдор курулмак нооту сокконго.
Көп акындар Казыбекке тете эмес,

Актайлычы азыр дагы кеч эмес.
Ак адамды каралаган айбандар,
Эки жүздүү, бети кара, бет эмес.
Казыбектин эмгектерин чогултсак,
Каралаган акмактарды койгузсак.
Кандай сонун болор эле Кыргызга,
Казалына элибизди тойгузсак.

Же мурунку «чалгынчылар» ойгонсо,
Же коопсуздукту коргоочулар ойлонсо.
Ак жеринен «күнөөлүү» - деп өлүшкөн,
Адамдардын арбактарын жөн койсо.

Бир күнү жамандабай тыйылаарбыз,
Бир күнү арбагыңа сыйынаарбыз.
Кыргыз эли түп көтөрө жардам кылса
Бир күнү мечитиңе сыйынаарбыз.

***  ***  ***

## КЕҢЕШБЕККЕ

Достордун жакыны элең Кеңешбегим,
Билебиз экөөбүз тең себептерин.
Мүмкүндүктөр колунда турса дагы,
Сурашып ал —акыбал кеңешпедиң.

Мейли эми өтуп кетти жарым кылым,
Менин сага мурункудай эле сырым.
Каалаарым узун өмүр чын денсоолук,
Ушул менин белегим «менин ырым».-деп 55 жылдыкта жолугушканда китебимди бердим.

Бул курсташым Кеңешбек Касымбековдун резюмесине карасам китебимдин бир 2-3 барагын ээлегидей. Кыскартып айтканда окууну бүткөндөн тартып Оштун үч районунда глав врач болуп иштеп, ошонун үзүрүнүн негизинде партиялык

окууну бүтүрүп, Ош обкомунда инструктордон тартып, Таласта раисполкомдун төрөагасына чейин көтөрүлүп көптөгөн сыйлыктардын ээси болууга өзүнүн ак эмгегинин негизинде жетишкендиги Персоналдык пенсияга чыкканга жол ачкан. Азыр дагы жөн жатпай Минздравта эмгектенүүдө.

***      ***      ***

## Арзыкан кызы Таластын

Арзыкан кызы Таластын,
Тар жолдо басып баратсын.
Таалайын издеп элиңдин,
Бийликтен аны талаштың.

Акыйкат издеп элиңе,
Тынчтыгын каалап жериңе.
Батасы тийип баарынын,
Дем болсун сенин демиңе.

Жакшы сөзгө адам зар экен,
Жакшы каалоо жанга дары экен.
Башын сайган баатыр эрлердей,
Сиздей айым элде бар экен.

Каалооң бар айткан сен мага,
Жакшылык каалайм мен сага.
Жакындатып Талас-Нарынды,
Жүрөлүчү жакшы сөз бага.

Кут болсун алган сыйлыгың,
Эл ичинде баалуу сыймыгың.
Үлгү болуп жаштарга,
Жаман жагын тыйгының.

15.11.2011-жыл

***      ***      ***

## Жанарага

Кубанамын сизди көргөнгө,
Баш ийкешип көңүл бөлгөнгө.
Өзүң болуп мага дарыгер,
Мүмкүнчүлүк бербе өлгөнгө.

Жүзүнүздөн сүйүп искесем,
Жүрөгүңдөн орун издесем.
Деген ойум мени мас кылат,
Жүрсөм деле шарап ичпесем.

Билбептирмин мурун атыңды,
Кеч эмеспи айтсам дартымды.
Шериктеш болуп өмүргө,
Кабыл алчы жазган катымды.

07.10.2015-жыл.

*** *** ***

## Өкүнүчсүз өмүр өтпөс дүйнөдөн

Өкүнүчсүз өмүр өтпөс дүйнөдөн,
Хандар өтөт, бектер өтөт гүлдөгөн.
Кээ бир кезде керээз калып айтылбай,
Аттиң ай же тилге келбей сүйлөгөн.
Мына ушинтип МУКТАР достон айрылдым,
Үнүм чыкпай жаш шорголоп кайгырдым.
Эми кантем ажал улук айла жок,
Жүрөгүмө найза менен сайдырдым.
Дүйнө таптың, үй бүлөңдү бай кылдың,
Мына эми өмүрүңдөн айрылдың.
Ден соолукка көңүл бурбай сен жүрүп,
Айла канча карангыны жай кылдың.
Тирүүлүктө элесиңди эстейбиз,
Эмнегедир өлүмдү эрте сезбейбиз.
Эрте кечпи бир өлүм бар мойунда,
Биз да сенден алысыраак кетпейбиз.

*** *** ***

## ИНИМ ДҮЙШЕЕВ ШАЙЛООБЕККЕ

Кут болсун туулган күнүңүз,
Эл ичинде аман жүрүңүз.
Ар дайым мени кубантат,
Азаттыкта чыккан үнүңүз
Көрө элекмин иним өзүңдү,
Көңүлүм сүйөт сөзүңдү.
Кудайым буюрса бир күнү,
Көрөөрмүн сенин көзүңдү.
Берээрим сага Ак-Бата,
Ниетимден чыккан таптаза.
Көңүлдүн чери жазылбайт,

Муну эл алдында айтпаса. Деп туулган күнүнө арнап БАТАМДЫ берип жибергем. Бир жылдан кийин, ТОКТОГУЛ сыйлыгын алгандагы тоюна баягы батамды КЫРГЫЗ элине арнап берип коюуну суранган. Тойдун акырында батамды бердим. Мага ар ким ар кандай жакшы ойлорун айтышканда бирөө мындай деди.

Азыркылардын атасы,
Бул АБДЫРАЗАКТЫН батасы.
Узагыраактыгы болбосо,
Жок экен мында катасы.
Деп БЕКСУЛТАН ЖАКИЕВ,
Тойкананын оюнда,

ШАЙЛООБЕКТИН тойунда, бул батага баа берген. Ошондон кийин, бул бата эл арасында баалуулугу менен белгилүү болууда.

БИШКЕК шаары. 26-октябр 2011-жыл.

*** *** ***

## Барыктабасов Урмат Аскарбековичке

Эл бакчу балам Урматым,
Эр Манас өңдүү кубатың.
“Мекеним Кыргызстан”-деп,
Кыймылды баштап турасың.
Жарды-жакыр, жетимге,
Жакындан көңүл бурасың.

Жалкоолук кылып жатпасак,
Жаман адаттан качпасак.
Жакырлык кантип жоюлат,
Жаштарга жолду ачпасак.
Жашынып жатпай коңулда,
Жаңы муун ишин баштасак.

Жаңы муундун тиреги,
Жаш экенин билели.
Карап турбай кары-жаш,
Кыймылга жалпы кирели.
Кыргызды саздан чыгарчу,
Урматка жолду берели.

***          ***          ***

### Орозакун Мамбетакуновго!

Кой өстүрүп «Мастер» деген наам алдың,
Токту, койдон жүз жыйырма эки козу алдың.
Жылы катаал Ат-Башынын шартында,
Саамалыкты биринчиден сен салдың.

Көп жыл бою тууну бербей жүрөсүң,
«Чабан» деген өз кесибиң сүйөсүң.
Мал дегенде чоң мээримиң төгүлүп,
Адамдарга жумшак сенин мүнөзүң.

Эл эмгегин чоң экенин билдирди,
Татыктуу деп алтын жылдыз илдирди.
Бул кубанычың дагы алга жетелеп,
Бараткапың көрсөткүчтөн эл билди.

Чоң мелдешке атың артта калбады,
Салымың бар облус туу кармады.
Ысмың болуп бүт союзга белгилүү,
Эл ишенип депутатка шайлады.

Мен догдурмун элге жардам беремин,
Сиздин атты даңазалап келемин.
Узак өмүр, чың ден соолук каалрым,
Ушул менин сизге арнаган белегим.

*** *** ***

## Менин кесибим боюнча коллегам Асанбек Мырзабековго



Эмгек жолундагы жетишкендиктерин мен айтпасам ким айтат. Баягы «Атаң өлсө өлсүн, атанды көргөн өлбөсүн »- деген макалдын алкагында айтайын дегеним. Ал менден бир жылдан кийин 1965-жылы жаңы бүткөн беш врач келишип иштеп калышты, негедир ошолордун арасынан Асанбек экөөбүздүн жакындыгыбыз күн санап арта баштады. Себеби, экөөбүз жумуштан кийин больницада калып шахмат ойночубуз. Үйлөрүбүз бир тараптуу болгондуктан кеч кетип, үйгө баратканда «сен туура эмес жүрдүң, мен туура эмес жүрдүм» дешип чырылдашып тарачубуз да, эртеси анын баары унутулуп калып эле кадимки достордой учурашып ишибизге киришүүчүбүз. Эми ойлосом, бул биздин бала кыялыбыз болсо керек. Эми Асанбектин иштеген иштеринде больницаларды куруу жагдайда облздрав болуп турганда жана кийин облбольницада, Кочкордо глав врач болуп турганда ишиндеги үзүрлүү эмгегинин негизинде Мамлекеттик сыйлыктардын: Грамота, орден, медалдардын негизинде эмгек сиңирген врач деген наамга ээ болуп, 5 баласына баш-көз болуп, жогорку пенсия алып бакубат карылыкты өткөрүп дагы эле шахмат ойноп жаткан кези. Жакшылык каалайм деп кесиптеши Абдыразак Шермамбетов.

## Курсташым Торонго!



Кырк үч жыл болду көрүшпөй,
Сүйлөшүп ойду бөлүшпөй.
Дагы эле жашай туралы,
Жолугушканча өлүшпөй.

Эң жакшы көргөн курсташым,
Жумаев Торон болучу.
Түшүнбөсө да орус тилине,
Сабакты жаттап коюучу.

Экинчи курстан тил кирген,
Ойлорун шашпай билдирген.
«Тепло и хорошо»-деп,
Булатованы күлдүргөн.
Сөздөрү «чонко» болсо да,
Өзү жоош тим жүргөн.
Эми:
Көп жылдар өтүп арадан,
Көөнөрдүк жапжаш баладан.
Көрүшпөй алыс жүрсөк да,
Чыкпайсың Торон санаадан.

Арбын жыл өтүп арадан,
Абышка болдук баладан.
Айланып чыкпай жаныман,
Азыр небере болду караган.

Ыр менен сага кат жазам,
Ылайык келсе катташам.
Ыйманды тилеп Кудайдан,
Дагы эле ылаачындай бат басам.
Ассаллоому алейкум,
Торонбайым аманбы.
Биргелешип басканбыз,
Дарыгерчилик кадамды.
Жакшылык каалап чөйрөңө,
Жиберем ысык саламды.

*** *** ***

## КУБАТЫМ деп...

Бир кезекте сүйдүм бирок жетпедим,
Ал сүйүүмдөн азыр алыс кетпедим.
Күндөр өтүп, жылдар өтүп билинбей,
Саргарыптыр сага ыр жазган дептерим.
Азыр деле кыз келинден айырмаң жок,
Ай чырайлуу сенин толук беттериң.
Биз карыйбыз бирок сүйүү карыбайт,
Жакшы көрүп дале сени дегдедим.

Акырында мени ыраазы кылдың сен,
Эмне менен жооп беремин сага мен.
Мени ыраазы кылгандыгың ушунда,
Китебимди терип бердиң тушунда.
Карыз болуп күн өткөрүп жүрбөстөн,
Абдыразак айласын таап кутул да.

Кутулууну ойлоштуруп көрөйүн,
«Кубатым» -- деп бек кучактап өбөйүн.
Өтүп кеткен жаш кезимди эскерип,
Айла канча карылыкты сөгөйүн.

Арбын жыл өтүп арадан,
Абышка болдук баладан.
Айланып чыкпай жаныман,
Азыр небере болду караган.

Ыр менен сага кат жазам,
Ылайык келсе каттašам.
Ыйманды тилеп Кудайдан,
Дагы эле ылаачындай бат басам.
Ассаллоому алейкум,
Торонбайым аманбы.
Биргелешип басканбыз,
Дарыгерчилик кадамды.
Жакшылык каалап чөйрөңө,
Жиберем ысык саламды.

***        ***        ***

## КУБАТЫМ деп...

Бир кезекте сүйдүм бирок жетпедим,
Ал сүйүүмдөн азыр алыс кетпедим.
Күндөр өтүп, жылдар өтүп билинбей,
Саргарыптыр сага ыр жазган дептерим.
Азыр деле кыз келинден айырмаң жок,
Ай чырайлуу сенин толук беттериң.
Биз карыйбыз бирок сүйүү карыбайт,
Жакшы көрүп дале сени дегдедим.

Акырында мени ыраазы кылдың сен,
Эмне менен жооп беремин сага мен.
Мени ыраазы кылгандыгың ушунда,
Китебимди терип бердиң тушунда.
Карыз болуп күн өткөрүп жүрбөстөн,
Абдыразак айласын таап кутул да.

Кутулууну ойлоштуруп көрөйүн,
«Кубатым» -- деп бек кучактап өбөйүн.
Өтүп кеткен жаш кезимди эскерип,
Айла канча карылыкты сөгөйүн.

## Курсташым Торонго!



Кырк үч жыл болду көрүшпөй,
Сүйлөшүп ойду бөлүшпөй.
Дагы эле жашай туралы,
Жолугушканча өлүшпөй.

Эң жакшы көргөн курсташым,
Жумаев Торон болучу.
Түшүнбөсө да орус тилине,
Сабакты жаттап коюучу.

Экинчи курстан тил кирген,
Ойлорун шашпай билдирген.
«Тепло и хорошо»-деп,
Булатованы күлдүргөн.
Сөздөрү «чоңко» болсо да,
Өзү жоош тим жүргөн.
 Эми:
Көп жылдар өтүп арадан,
Көөнөрдүк жапжаш баладан.
Көрүшпөй алыс жүрсөк да,
Чыкпайсың Торон санаадан.

Арбын жыл өтүп арадан,
Абышка болдук баладан.
Айланып чыкпай жаныман,
Азыр небере болду караган.

Ыр менен сага кат жазам,
Ылайык келсе катташам.
Ыйманды тилеп Кудайдан,
Дагы эле ылаачындай бат басам.
Ассаллоому алейкум,
Торонбайым аманбы.
Биргелешип басканбыз,
Дарыгерчилик кадамды.
Жакшылык каалап чөйрөңө,
Жиберем ысык саламды.

*** *** ***

## КУБАТЫМ деп...

Бир кезекте сүйдүм бирок жетпедим,
Ал сүйүүмдөн азыр алыс кетпедим.
Күндөр өтүп, жылдар өтүп билинбей,
Саргарыптыр сага ыр жазган дептерим.
Азыр деле кыз келинден айырмаң жок,
Ай чырайлуу сенин толук беттериң.
Биз карыйбыз бирок сүйүү карыбайт,
Жакшы көрүп дале сени дегдедим.

Акырында мени ыраазы кылдың сен,
Эмне менен жооп беремин сага мен.
Мени ыраазы кылгандыгың ушунда,
Китебимди терип бердиң тушунда.
Карыз болуп күн өткөрүп жүрбөстөн,
Абдыразак айласын таап кутул да.

Кутулууну ойлоштуруп көрөйүн,
«Кубатым» -- деп бек кучактап өбөйүн.
Өтүп кеткен жаш кезимди эскерип,
Айла канча карылыкты сөгөйүн.

Катып жүрүп саргайтпайын ырымды,
Айтпай коём сага кантип сырымды.
Сүйүп жүрүп жетпесем да тилеймин,
Жап-жаш бойдон карыткынын кылымды.
Акырында суранаарым жарыңдан,
Ичиң тарып чыгарбагын чырыңды?
22-ноябрь 1994-жыл Нарын шаары.

*** *** ***

## МЕРГЕНЧИ БААТАЙГА !.

Кийиктеп баскан кыр калды.
Китепте жазган ыр калды.
Үңкүрдө жатып таанышып,
Айтылган ичте сыр калды.
Ага-инидей болуп бир жүрүп,
Өткөздүк жакшы жылдарды.
Экөөбүз жаратылышты сүйөбүз,
Ошон үчүн коруп эүрөбүз.
Жаш кездеки мергенчиликте,
Кетирген биздин күнөөбүз.
Алтымышка чыктың арыба,
Каниет кылгын баарына.
Алыс болуп оорудан,
Жапжаш эле туруп карыба.

АБДЫРАЗАК ШЕРМАМБЕТОВ Учкун айылы, 14-ноябрь 2015- жыл.

*** *** ***

## Балдарга

Эскирген сөздүн аты бар,
Эскирбей турган заты бар.
Энемдин айткан сөзү деп,
Эсиңе түйүп катып ал.
Ар бир сөздүн аты бар,
Алтындан артык баркы бар.

Атамдын айткан сөзү деп,
Акылга түйүп катып ал.
  Эсиң болсо ойлонгун,
Эси жок акмак болбогун.
Эненин көөнүн оорутуп,
Эскербей таштап койбогун.
  Акылың болсо ойлонгун,
Акылга тайкы болбогун.
Атанын көөнүн оорутпай,
Айткандарын колдогун.
  Жакшынын жолун жолдогун,
Жаманга жолдош болбогун.
Жаманга жолдош болом деп,
Жаманатты болбогун.
  Жакыныңды колдогун,
Жарым ырыс болбогун.
Жакындардан айрылып,
Суу жетпей калып соолбогун.
Элиңдин тийсе батасы,
Болоорсуң уруу атасы.
Убакыт аны көрсөтөт,
Сөзүмдү жоктур катасы.

***   ***   ***

## Апама
### Аделина менен Даянанын апасынын туулган күнүнө карата жазган ыры

Өзгөчө түшүп көңүлдөр,
Болсунчу узун өмүрлөр.
Бапестеп багып алууга,
Жетсе экен биздин өмүрлөр.

Кут болсун апа тоюңуз,
Кубанычта дайым болуңуз.
Ортого алып апамды,
Оорутпай багуу оюбуз.
«Тайбыз»-деп сизди сатпайбыз,

Алыстап сизден качпайбыз.
Эмбесек дагы сүтүңдү,
Бакканыңызды актайбыз! Деп
Аделина, Даяна

Бизди баккан апабыз чындыгында тай энебиз, бирок тай эне деп эч качан айтпайбыз, себеби өзү төрөбөсө дагы төрөгөндөн артык бир жашыбыздан тартып ушул күнгө чейин багып келет. Ошондуктан Апама деген ырыбыз биздин философиябыз.

5-май 2014-жыл.

*** *** ***

## Магелланга

Оо саякатчы дүйнө ачуучу Магеллан,
Ушул адам эрки күчтүү жаралган.
Кыянаттык кылып сени өлтүрүп,
Каза таптын Лаку-Лаку Жарандан.
Сен ачкансың эген жерди аралды,
Сенин атың бүт ааламга таралды.
Жер үстүндө миң миллион адамдан,
Сага окшогон бир-эки деп саналды.
Бүт өмүрүң саякатка арналган,
Жаңы-жаңы жерди издеп талбаган.
Түшүнбөстөн сенин кылган ишиңе,
Жапайы элдин кол башчысы жалдаган.
Эсиндесиң бүт дүйнө элинде,
Жарымы билет жер шарынын кеминде.
Өлбөс-өчпөс эстелигиң курулган,
Сени өлтүргөн ушул элдин жеринде.

*** *** ***

## Оо Хозе Ризал, Филиппиндин баласы

Оо, Хозе Ризал Филиппиндин баласы,
Сенден такыр кетпейт элдин санаасы.
Сени жоктоп каны токтоп бул элдин,
Бүтпөй турат ошондогу жарасы.

Оо, Хозе Ризал болуптурсуң коллегам,
Күйөт сенин элесинде ыйык шам.
Душманыңа тике карап өлгөнсүң,
Испандыктан куткарам деп көрүп кам.
Оо, Хозе Ризал беттен акты кызыл кан,
Коштошконсуң жаштайыңдан турмуштан.
Сенин ишиң улантуучу уул болсо,
Филиппинде атпайт беле азат таң,
Оо, Хозе Ризал Филиппиндин баласы,
Сени тууган эне элдин апасы.
Сендей балдар туулса эгер көбүрөөк,
Бүтпөйт беле эчак элдин капасы.

***　　***　　***

## Эдил мерген

Илгери бар айылда Эдил мерген,
Тубаса бул адамга талант берген.
Эчен кыйын ачарчылык убакта,
Эт менен бир айылды багып келген.

Бул мергендин куралы кара мылтык,
Кийген кийими жупуну жана жыртык.
Тоо арасын аралап эт жүктөгөн,
Ташыркаган көк өгүз келет сылтып.

Ээн талаа тоо арасы үйү болуп,
Түнөдү үңкүрлөргө эчен конуп.
Эл багуу бул адамдын милдетиндей,
Жүрүүчү кыш күнүндө суукка тоңуп.

Ар уруудан чыгышыптыр кыл мерген,
Улуусуна кичүүлөрү жол берген.
Көрсөтүшүп бир-бирине өнөрүн,
Эдил менен Адил чыкты эки элден.

Кийген кийими болушкан тери жаргак,
Капкан коюп алуучу суусар кармап.
Аң терисин тартуулап байга берип,
Балдарына жегидей тамак камдап.

Бутундагы кийгени тартма чарык,
Соода кылчу Кытайга өтүп барып.
Суусарларды матага алмаштырчу,
Байларына алардын алданышып.

Бир жолу аюу,бөрү,илбирс атты,
Сүйүнүп бул олжого келе жатты.
Алдынан тосуп чыккан бай уулуна,
Тарттырып табылгасын шору катты.

Кедейлерге жардам берген ушул адам,
Шилтеген адилеттикке ал бир кадам.
Анткени табылгасын тең бөлүшчү,
Болбостон байларга окшоп кытмыр саран.

Мергенчинин эрки күчтүү жаралат,
Жалгыз жүрөт тоо, токойду аралап.
Тайганы экөө күбө болгон кызыктар,
Айтып берсе ондоп, жүздөп саналат.

Эми деле мергенчилер көбөйдү,
Ар кимиси бирден мылтык өңөрдү.
Элге тийбей караманча пайдасы,
Тоо байлыгын бүлдүрүштүү чөгөрдү.

Токтотолу илбээсинди атпайлы,
Өстүрөлү келечекке сактайлы.
Тоо арасы сулуулугун жоготсо,
Бир жан көрбөй капалыкка батпайлы.

***        ***        ***

## АР ТҮРКҮН ЫРЛАР

### Менин ырым

Капалуу олтурганда кандай келдиң,
Эргитип көңүлүмдү кубат бердиң.
Көңүлсүз чексиз санаа тартканымда,
Кажыбас — кайрат берген ырым сенсиң.

Сени мага ким жиберди менин ырым!!!
Алыкулбу, Мукайбы айтчы сырың.
Чаңында жүрсөм мейли акындардын,
Болсом деп жандоочуңар айтсам чынын.

Тоо кениндей түгөнбөс болсоң ырым,
Таза ыр чыкса булактай деген сырым.
Эл жактырып ар дайым окуп жүрсө,
Унутулбас мындай ыр эчен кылым.

Ырым менин жүрүп турган каным болгун,
Ачка болсом жегенге наным болгун.
Алдыда ачылбаган көп сырларга,
Багыт берип көрсөтүүчү шамым болгун.

Эс алганда жыттачу гүлүм сенсиң,
Үшүгөндө жылыткан күнүм сенсиң
Кыялымда чертилип зериктирбес,
Кошо жүргүн мени менен үнүм сенсиң.

Сеземин сенсиз менде жашоо жоктой,
Жазайын кала электе жүрөк токтой.
Жалгандын бетин ачып чындыкты айтып,
Душманга таамай тийген болот октой!

*** *** ***

### Ден-соолук адамдардын келечеги

Ден-соолук адамдардын келечеги,
Арыбас өмүр өтсө сары эсеби.
Унутпа "ажал"-деген бересең бар,
Күтпөстөн алып кетет жетсе чеги.

Буулатып түтүнүңдү түз чыгаргын,
Эшигиң жыртылганча из чыгаргын.
Топук кылбай ар нерсеге пейилиң кетсе,
Ач көздүк доорон сүрүп тойбойт кардың.
Адамдын жакшысы бар, жаманы бар,
Турмуштун тардыгы бар, кеңдиги бар.
Дениң соо жаш кезинден эрмектенсең,
Көз карап бирөөлөргө болбойсуң зар.
Жумуш иштеп эмгектенсең кардың ток,
Ден-соолуктан ажырасаң айлаң жок.
Арачалап алып калбайт ажалдан,
Эч керекке жарабастан дүйнөң бок.
Азайткын жалкоолонуп жатканыңды,
Колко кылбай үй-бүлөңдү бакканыңды.
Жыйбастан бок дүйнөнү кенен жаша,
Пайдаланып убагында тапканыңды.

*** *** ***

## Поэзия күчү

Өзүм кары болгон менен жүрөгүм жаш,
Мен врачмын ыр жазууга убакыт аз.
Сезимимде элестетип Пушкинди,Лермонтовду,
Поэзия дүйнөсүнө боломун мас.

Кечигип мага келген бул талант,
Тээ алыста Алыкул, Жусуптардын оту жанат.
Жаңы атылып оргуп чыккан булактай,
Тунгуч сезим тереңинен күч алат.

Поэзия тарыхына абалдан мен чөмүлдүм,
Эстегенде акындарды таттуу уйкудан бөлүндүм.
Жолуң татаал болсо дагы чоң аракет кылайын,
Эмне үчүн бийик аска,тоо башынан көрүндүң.

Жазындагы жамгыр сымал себелеп,
Тунгуч жаткан сезимимди ойготсо.
Поэзия күчү мени жетелеп,
Тааныштырып акындарга ал кошсо.

*** *** ***

## Абдыразак деген атым бар

Абдыразак деген атым бар,
Атыма тете затым бар:
Жамандык кылбас бирөөгө,
Адамга жумшак жагым бар.
Бирөөдөн үмүт кылбаган,
Маңдайга жазган багым бар.
Жок дегенди айта албайм,
Бар деп турган чагым бар.
Өрнөгү болуп өтүүгө,
Акыл чыккан башым бар.
Элиме эмгек кылууга,
Дагы канча жашым бар.
«Коётур»-деп суралган,
Аллага жазган катым бар.

***   ***   ***

## Кадыр түн
## Кадыр түн 24-25не караган түн 2014-жыл

Бүгүн Мухаммед пайгамбарынын үмөттөрү болгон бүтүндөй мусулман элине тынчтылык каалап анын ичинен Кыргыз улутундагы мусулмандарга сабырдуулукту туу тутуп эл ичиндеги ынтымактуулукту, ыймандуулукту, кең пейилдүүлүктү Орозо күндөрүнүн эң касиеттүү күнү болгон бүгүн 24-июлдан 25не караган түндөгү тоскон кадыр түнүңөр ар бир мусулманга кут алып келген түндөрдөн болсун деп тилек кылып, ушул түнү жерге түшкөн периштелерден Кыргыз элинин келечекте кылымдар бою түптөлүп келген салттуу рух дөөлөттөрүнөн ажыратпа, ичиндеги ыйманын жоготпой, Ата-Бабабыз мураска калтырган осуяттарды унутка калтырбай пейилибизди кеңейт деп сураныш периштелердин периштеси болгон Асреил периштеге кайрылам.

### Асрейил периштеме!

Асрейил токтой турчу,
Төрт чөбөрө көрөйүн.
Кыйналып турат Кыргызым,

Ага көңүл бөлөйүн.
Бейпил турмуш Кыргызга,
Келген күндү көрөйүн.
Капалык түшпөй жүзүмө,
Жылмайып күлүп жөнөйүн.
Эрте кеткен атамдын,
Акысын мен төлөйүн.
Жамандык кылбай бирөөгө,
Ыйманым менен өлөйүн.
Асрейил шаштырба,
Балалар жаш койунда.
Асрейил шаштырба,
Бир өлүм бар мойунда.
Балаларды чоңойтуп,
Кутулайын парзымдан.
Асрейил шаштырба,
Биздин өмүр колунда.
Асрейил шаштырба,
Алагды кылбай көңүлдү.
Асрейил шаштырба,
Жаңы эле элге көрүндү.
Ырларымды жазайын,
Жалгандын бетин ачайын.
Асрейил шаштырба,
Кетирбей текке өмүрдү.
Асрейил шаштырба,
Ырдын көбү жазыла элек.
Асрейил шаштырба,
Китептерим басыла элек.
Арасынан таштардын,
Издегенсип алтын кумду.
Асрейил шаштырба,
Ырдын кени казыла элек.

*** *** ***

## Мен өлгөндө

Жашым жетип күнүм бүтсө жөнөйүн,
Айла канча аны дагы көрөйүн.
Капалыкты кабагыма түшүрбөй,
Жылмайгансып күлүмсүрөп өлөйүн.
Мен өлгөндө мүрзө жайга барышаар,
Топурашып топуракты салышаар.
Кээ бирлери күлкү аралаш шаттанса,
Кээ бирөөлөр өкүнүшүп калышаар.
Мен өлгөндө кара менин артымды,
Топо салган жалпы Кыргыз калкымды.
Тирүүлүктө бар жогумду билбеген,
Билишишээр мен өлгөндө баркымды.

*** *** ***

## Жашоонун кызыл сызыгы

Жашоонун кетип кызыгы,
Жакындап кызыл сызыгы.
Жалындап күйгөн жүрөктүн,
Кеткенсип барат ызыгы.

Караймын жаштыгымды артта калган,
Жалындап алоолонуп күйүп жанган.
Арыштын баякыдай басыгы жок,
Калганы өкүндүрөт арман арман.

Кубалап качанаакты кармачу элем,
Кутулуп кеткен эмес Элик менден.
Жаралуу кылып алып ок түгөнүп,
Акыры жетип кармап алып келгем.

Эликти кууп жүрүп кармап алып,
Эки колун ийиниме арта салып.
Элестетсем ал балалык күндөрүмдү,
Кубаттанам ошол жаштык эсте калып.

*** *** ***

## «Акын»-деген бир атым

Поэзия менин учкан канатым,
«Акын»-деген өчпөй турган бир атым.
Жаралбаса жакшы ырлар эл сүйгөн,
Анда ал менин айыкпаган жаратым.
Поэзия жашарткан мени дарысың,
Эс тутумдун жүрүп турган каныcың.
Карылыкты унуткартып эргиткен,
Жашоомдогу жакшылыктын баарысың.

Поэзия керемети терендикте катылган,
Илхом келсе вулкан сымал атылган.
Баардык элдин тилдеринде өзүнчө,
Өлбөс болуп акылдуу сөз жазылган.

Калыстыктан тайышпаса өздөрү,
Курч болбосо акындардын сөздөрү.
Кантип элге багыттуу сөз айта алат,
Келечекти көрүшпөсө көздөрү.

Мен коргоймун акындардын эмгегин,
Бул дүйнөгө ошон үчүн келгемин.
Сөздү кынап үзбөй улуу учукту,
Мен кийинки урпактарга берейин.

***        ***        ***

## Өкүнөмүн өтүп кеткен жылдарыма!

Эртеби-кечпи өтөөр биздин көзүбүз,
Кыска өмүрдү узартуучу өзүбүз.
Эгер калса эл оозунда айтылып,
Өлбөс кылган биздин накыл сөзүбүз.

Бул дүйнөгө биз конокпуз бир келип,
Жашоо-турмуш өйдө ылдый иргелип.
Мен өлсөм да калаар кээ бир сөздөрүм,
Тарыхтардын барагында тиркелип.

Күнүгө таңды көрөм, кечти көрөм,
Жашоо үчүн ар нерсеге көңүл бөлөм.
Болсо да канча кызык жарыкчылык,
Коштошуп бул дүйнөдөн бир күн өлөм.

Кулу болуп көр дүйнөгө куурабай,
Жарыбаган сарандарды туурабай.
Убагында пайдаланып тапканыңды,
Кенен жаша, белен оокат уулабай.

Бар кезде ден-соолугуң тоону томур,
Сактабай койнуңа ташты котур.
Убакыт өткөн сайын жакшы карып,
Балдардын сыйын көрүп төрүндө отур.

Түшүнсө окурманым ырларыма,
Маани берсе сөздөрүмдүн сырларына.
Эмне үчүн жаш кезимден жазбадым деп,
Өкүнөмүн өтүп кеткен жылдарыма!

*** *** ***

## Жазгым келет

Чыркыраган чындыкты жазгым келет,
Ыр кудугун ийне менен казгым келет.
Ырым менен тамактанып-дарыланып,
Поэзия мейкининде жаткым келет.
Жаратылыш кызыгына баткым келет,
Азырынча парз өлүмдөн калгым келет.
Булгабайм деп бутум менен жылаңайлак,
Ак булуттун үстүнөн баскым келет.
Коздукту, сулуулукту көргүм келет,
Көп нерсеге көңүлүмдү бөлгүм келет.
Кайдыгерлик кылбастан ар бир ишке,
Артыма из калтырып өлгүм келет.
Ак эмгектин даамынан таткым келет,
Акыйкаттуу чындыкты тапкым келет.
Көмүскөгө жашырбай кылган ишти,

Жеп-жуткандын беттерин ачкым келет.
Баш жагынан сасыганды куугум келет,
Паракордук жолдорду буугум келет.
Эл көкөйүн ойлобогон мителердин,
Карысам да жолун бөгөп тургум келет.
Колунда жок адамдарга бергим келет,
Эл эмгегин жегендерди кергим келет.
Кыйындыктан чыгаруу үчүн Кыргызымды,
Чачылганын чогултуп тергим келет.

*** *** ***

## Тоолорум менин байлыгым

Көрсөңүз менин өлкөмдү,
Суктанат тоолор көркөмү.
Бирине бири окшобой,
Гүлдөгөн ар бир чөлкөмү.
Дем берчү денеге кубат бар,
Таптаза мөлтүр булактар.
Чогулуп келип ток берсе.
Тоолордо күйөр чырактар.
Жамгырды жааса булуттар,
Тоолорго түшөт аппак кар.
Тоосу жок кээ бир өлкөлөр,
Көрүүгө карды болот зар.
Тоолорум менин байлыгым,
Тойгузат сенин барлыгың.
Абасы менен суулары,
Ар дайым алчу айлыгым.
Тоолорум менен тоолорум,
Аскасы бийик зоолоруң.
Илбээсин толо боорунда,
Коктулар менен Коолоруң.
Карагай, кайың, арчалар,
Жапайы жаңгак, алчалар.
Коротпой сактап кааласак,
Тоолордо өсөт канчалар.
Эчки-теке, аркарлар,
Бугу, марал залкарлар.

Тоолордун көркү эмеспи,
Аюу, илбирс, калтарлар.
Коротуп кырып жоготпой,
Калалы сактап адамдар.

*** *** ***

## Кайдыгерлик

Алтындар арабызда көрө албайбыз,
Акмакты акылдуудан бөлө албайбыз.
Өкүм сүрүп өкүнүчтүү кайдыгерлик,
Өткөндө аянычтуу кайгырабыз.
"Аттиң"-деп баркын билбей тирүүлүктө,
Алтындай адамдардан айрылаарбыз.
Баа жеткис адамдар бар арабызда,
Агарат бак караса кара кызда.
Аксымдар ээлеп алса башкарууну,
Айласыз аны ээрчип барабыз да.
Бийликке жетишкенде таштап кетсе,
Айла жок ара жолдо калабыз да.
Бийликтин баары эле билимдүү эмес,
Теңдешпейт бийиктикке жапыс белес.
Табылгыс адамдар бар арабызда,
Табышмактуу өтүп кетээр калбай элес.
Билсе да билмексенге салышышып,
Билимсиз андайлардын баркын билбес.
Өкүнөм жакшылардын багы жокпу,
Аларга буюра турган тагы жокпу.
Негедир алдым-жуттум эл башкарып,
Бийлешет өз билгенин чалып бокту.
Чындык үчүн чыркырап тике туруп,
Камдабайлы акылдууга атылчу окту.
Алтындар арабызда көрө албайбыз,
Акылдуудан акмакты бөлө албайбыз.
Кыргызды кыйнап жатса башка бирөө,
Болушуп эмне үчүн өлө албайбыз.
Бийликтин бутактарын бутага алып,
Чындыкты бетке айтып сөгө албайбыз.

*** *** ***

## Ак дилим бар

Ак дилим бар ар нерсеге арнаган,
Ак дилим бар жамандыкка барбаган.
Урпактарым келечекке ээ болуп,
Улутумдун намысын бек кармасаң.
Ак дилим бар жалпы кыргыз элиме,
Баа жетпеген Ала-Тоодой жериме.
Акыл менен пайдалансак байлыкты,
Бай өлкөлөр алышпайбы теңине.
Ак дилим бар, так сүйлөгөн тилим бар,
Биздин элде артта калбас билим бар.
Билимдүүгө бут тосмойду токтотуп,
Болбойлучу кайдыгерчил, ичи тар.
Түшүнгүлө силерге ак дилиме,
Түшүнгүлө мусулмандын динине.
Ташка жазып кылымдарга калтырган,
Түшүнгүлө Кыргыздардын тилине.
Келе жаткан кылымды биз ойлойлу,
Артта калбай келечекти ойлойлу.
Түрк элдери бир туугандай биригип,
Элибизди, жерибизди, тилибизди коргойлу.

***  ***  ***

## Изим калган менин дагы ал жерде

Учуп чыккан уябыз да ал жерде,
Ата-эне бир туугандар ал элде.
Элет жерин көтөрүүгө катышып,
Жардам кылып келеличи ал элге.
Ар барибиз ар жерде иштеп жүрөбүз,
Алыс жүргөн биздин эмес күнөөбүз.
Катыша албай жакшылыкка жүрсөк да,
Ардактайбыз туулган жерди сүйөбүз.
Кой саадырып козу байлап кечинде,
Кой кайтарып баскан жерлер эсимде.
Изим калган менин дагы ал жерде,
"Жер которбос"-болуп турган кезимде.

Бул турмушта жашоолор бар ар кандай,
Бири узун, бири кыска ар кандай.
Ниетибизге ыраазы бол туугандар,
Кошумчаны биз кошобуз кур кылбай.

***　　***　　***

## "Жетим"

Ичиме күйүт жык толуп,
Жүрөмүн дайым бук болуп.
Ата-Энемдин жогунан,
"Жетим"-деп мага ат konуп.
Аш чыккан жерди каралап,
Торпоктой болуп сагалап.
Бутумда кийим жогунан,
Кезиктер кетти жаралап.
Элчилеп эркелей албай,
Эл жеген тамак жей албай.
Шилекей жутуп турчумун,
"Беришчи мага" дей албай.
Тергеним тезек бок болуп,
Чоңоюп калдым токтолуп.
"Жетим"-деп айткан сөздөрү,
Жүрөккө тийген ок болуп.
Эл өңдүү билим ала албай,
Улантып окууга бара албай.
Таалайым менин тар беле,
Ата-Энелүү болуп жаралбай.
Кайгылуу бурдан топтодум,
Ата-Энемди жоктодум.
Мункаnып ыйлап албасам,
Денемден чыкпайт токторум.

Күйүттөн ичим чок болду,
Келечек менде жок болду.
Кээ кезде куям арактан,
Өчүрүш үчүн чокторду.
Тилеймин бакты келсе деп,
Тилекти кудай берсе деп.
Жетимдин кээрин чыгарып,

Болсоңчу мага сен себеп.
Кейитпей жанды үндөшүп,
Келечек үчүн сүйлөшүп.
Өчүрбөй жаштык жалынын,
Күйгүзсөк бирге үйлөшүп.

Нарын шаарынын 145 жылдыгына

***　***　***

## Улуттун куту Нарында

Адамдын куту карыда,
Пейилдин куту барында.
Кыргыздын тилин так сүйлөп,
Улуттун куту Нарында.
Чындыкты айтып жатамын,
Туугандар мага таарынба?
Шаарыбыз дайра бойлогон,
Түнкүсүн жылдыз ойногон.
Илбээсин толо тоосунда,
Суктанбас адам болбогон.
Таң калтырып көргөн адамды,
Тоо койнунда орногон.
Сүйүктүү шаарым Нарыным,
Өчпөсүн такыр жарыгың.
Өркүндөп гүлдөп өсө бер,
Эмгеги менен баарынын.
Эл үчүн кызмат кылганга,
Батасы тийип карынын.

Куттуу элдин шаарысың,
Кубанычтардын баарысың.
Абаң менен сууларың,
Жашагандарга дарысың.
Нарындын даамы экен деп,
Бүткүл дүйнө таанысын.

***　***　***

## Ат-Башым

Асманы ачык мелтиреп,
Аскалар турат көк тиреп.
Абасы таза Ат-Башым,
Адамга шаттык келтирет.
  Ат-Башым жердин соорусу,
Айыккан адам оорусу.
Суулары дары, ташы алтын,
Ыйык жер экен коручу.
  Пейили кенен элимде,
Сыйчылдар менин жеримде.
Дагы эле болсо ыйман бар,
Улан-кыз менен келинде.
  Койлорду жайып балдары,
Колотко батпай малдары.
Сый көрсөтүү жагынан,
Баа жеткиз эле чалдары.
  Тоолору тороп түздүктү,
Дыйкандар айдайт күздүктү.
Мал менен жашап келишет,
Базардан санап жүздүктү.
  Кең Ак-Сай менен Арпадай,
Жайлоону кайдан табабыз.
Алтын чөйчөк Ат-Башым,
Жай кылган Кошой бабабыз.

***  ***  ***

## Муктаждыктын эң кыйыны, чындыкты табуу

Жаңылбай кадамымдан баскым келген,
Жаратылыш сырларын ачкым келген.
Калтырып өмүрүмдү өлбөс кылып,
Кайдыгерлик «чылыктан» качкым келген.
  Бирок неге?
Тамашалуу тагдырдан кача албадым,
Табиятын адамдардын ача албадым.
Өмүр бою келсем дагы чындыкты издеп,

Чындыгы бар жер менен баса албадым.
Акыйкаттуу калыстыктан танбадым,
Чыркыраган чындыкты туу кармадым.
Жалганды жамап кошоматчы боло албай,
Нечен жолу сыйлыктан кур калгамын.
Айта албасаң көзүң менен көргөндү,
Ал көзүңдүн пайдасы жок көргөнү.
Жетпесе эркиң ачык айтып сүйлөөгө,
Кайран сөздүн ал учурда өлгөнү.
Сөздөрүм бар абдан курч болоттой,
Кезип түшөт убакытты коротпой.
Ынтымакта жүрөлүчү тууғандар,
«Адам»-деген касиетти жоготпой.
Табиятым тагдыр берген өзүмө,
Бетке айтам кимдин болсо көзүнө.
Туура айткан тууганына жакпайт дейт,
Таарынбагын туура айткан сөзүмө?
Ишенчээктен дайым жүрөм алданып,
Кээ бирлери ишендирет карганып.
Ишендирип алгандарын бере албай,
Жолугуудан качып жүрөт сандалып.

***   ***   ***

## Айдоочуларга!

Убагында жүрбөгөн,
Убалын элдин билбеген.
«Акча бер» - деп жакалап,
Улууларды тилдеген.
Жалкоотай болуп жаш балдар,
Башына кийимин кийбеген.
Келээр бекен бир заман,
Ушундайды иргеген.
Кутулаар бекен элибиз,
Куу замандан зилдеген.

Жакада бубак жылтырап,
Автобус күтүп кылтырап.
Чыдабай жерди тепкилеп,

Буттар тоңуп зыркырап.
Ызгаар уруп ырылдап,
Жаш балдар турат чырылдап.
«Акча бербейт булар»-деп,
Түшүрбөй качат зырылдап.

Тогузга жарым саат калды,
Токтотуп койбой сааттарды.
Кечиктирген жумуштан,
Кээ бир айдоочуда бет барбы?

***    ***    ***

## Жүргүнчүлөргө!

Батышпай бир эшиктен тыгылышып,
Түшөбүз автобуска сыгылышып.
Жылгыла, жылып койчу нарыраак дешип,
Турабыз улуу, кичүү кырылышып.
Оорундукта отурушат жаш улан-кыз,
Көрмөксөн болушуп шылкыйышып.
Отурат отурушат да биреөлөр,
Орун бербей улууларга былтыйышып.
Жинди болуп оорундукту кеспегиле,
Чукулап паралонун эзбегиле.
Ооруntуксуз жүрүүгө кыйын болоор,
Оорулууну, карыларды эстегиле.
Жол кире айдоочунун акысы го,
Төлөбөй түшө качып кетпегиле!
Кысылышып автобуска түшөбүз,
Кызды көрүп көзүбүздү сүзөбүз.
Кокус кыздар бизди карап жылмайса,
Айла канча мурунтукту үзөбүз.
Аябастан эч нерсени алардан,
Абайлабай торлоруна түшөбүз.

***    ***    ***

## Калыс сүйлө карыганда!

Ар нерсеге болсо ниетиң ак,
Көрүп калаар сокур бак.
Үмүт кылбай бирөөдөн,
Үй-бүлөөңдү өзүң бак.

Ак ишиң менен тапканың,
Тойгузат сенин пейилиңди.
Акысын жесең бирөөнүн,
Ооруу кылаар зээниңди.

Жаман ишке жалданба,
Бок дүйнөгө алданба.
Өрнөктүү болуп өтөөрсүң,
Калыс сүйлөп карганда.

***   ***   ***

## Шеринелештериме!

Жумуш жок ага барганга,
Иш бүтүп үйдө калганда.
Бүтө албай калган ишти ойлоп,
Түшөсүң нечен арманга.
Олтурсаң бекер үйүңдө,
Күн өтпөй жылга айланат,
Оюуңа түшүп ар нерсе,
Санаага башың байланат.
Андыктан;
Жүрөлүчү достор кетилбей,
Жүрөктөр иштеп жешилбей.
Карылык менен илдеттер,
Дагы көп жылдап калсын сезилбей.
Карылыкка моюн бербейли,
Үйдө отурбай дөңдө желдейли.
Эрикпей күндү өткөрүп,
Чакырышып үйгө кел дейли!

***   ***   ***

## Мен коркомун

Мен коркпоймун жумуштан,
Мен коркомун туруштан.
Иштегенди көрө албаган,
Ичи тарган уруштан.

Мен коркпоймун карадан,
Мен коркомун санаадан.
Маанайыңды пас кылган,
Жабышкан жалган жалаадан.

Мен коркпоймун өлүмдөн,
Мен коркомун көңүлдөн.
Из калтырбай артына,
Өтүп кеткен өмүрдөн.

Мен коркпоймун душмандан,
Мен коркомун туугандан.
Иштей албай темтеңдеп,
Жумушунан куулгандан.

Мен коркпоймун башкадан,
Мен коркомун баламдан.
Ак жеринен кор болгон,
Башка түшкөн балееден.

Мен коркпоймун элимден,
Мен коркомун пейилден.
Ыйманы жок ичинде,
Сырты сулуу келинден.

*** *** ***

## Кыргыз тили

Кыргыз тили Кыргыздардын өзөгү,
Кыргыз жери Кыргыздардын төшөгү.
Тил жоголсо эл жоголот деп айткан,
Адамдардын акылманы көзөмү.

Кыргыз тили түрк тилдердин атасы,
Талашууга жоктур мында катасы.
«Сүйлөнсүн»-деп ушул тилде Манасты,
Тийсе керек Алланын бир батасы.

Манас барда тил жоголбойт Кыргыздын,
Тийбесе экен кесепети «Киргиздин».
Нурун чачып жарык берсин ааламга,
Жер бетинде «Кыргыз»-деген жылдыздын.

Кыргыз деген дилибизге шек кетпесин,
Кыргыздарды кайдыгерчилик жеп кетпесин.
Келечекте тың чыгышып мыйзамчылар,
Кыргыз тилин башка тилге тепсетпесин.

*** *** ***

## Көңүлү бардан кур калба!

Өмүр өтөт жашарбайт,
Өкүнүчтүүсү ушунда.
Өксүк кылбай жашоонду,
Өйдөлөткүн тушунда.

Улгайуу экен муң кайгы,
Улгайбай койбойт турбайбы.
Жанаша жүрсөң жаш менен,
Жаштыгы жаштын жукпайбы.

Эстеймин жаштык кезимди,
Эскирбей турган сезимди.
Элесин эстеп жаштыктын,
Эт жүрөк эми эзилди.

Демигип өпкөң кырылдап,
Муундарың какшап зырылдап.
Калганча жакшы жашагын,
Жаштыгың кетет чырылдап.

Дениң сак кезиң жыргал да,
Ыплас ишке булганба.
Мезгилди туура пайдалан,
Колуңдан келип турганда.

Кол бергин колун сунганга,
Көңүлүн сага бурганга.
Көңүлү жокко көз артып,
Көңүлү бардан кур калба!

*** *** ***

## Командировкага барганда ооруп калган глав врачка!

Кайдасың көзгө көрүнбөй,
Биз калдык көңүл бөлүнбөй.
Турганбүбү болбосо,
Тура албайт элек сөгүнбөй.
Айта турган киши жок,
Арбын сөз калды төгүлбөй.
Эми:
Ден-соолугуң оңолсун,
Жаман ооруң жоголсун.
Жардам кылдык жетеби,
Жамандашып нетели.
Жайытыбыз бүттү окшойт,
Жакшы тургула кетели?

Дегенде «кокуй биз уят болдук»-деп кетпегиле деп токтотуп коноктоп калышты.

*** *** ***

## Эң күчтүү курал ынтымык

Болсо да бөлөк тилибиз,
Болсо да бөлөк динибиз.
Жер шаары баарлык элдердин,
Үйү экенин билиңиз.
Куралдануону токтотуп,
Ынтымакка кириңиз.

Ынтымак коомун түзөлү,
Ырысын элдин күтөлү.
Ыйлатпай эне, эл-журтту,
Согушту эрте бүтөлү.
Согуштан тапкан пайдабыз,
Кан агып, үйлөр түтөдү.

Кетпесе бизден ынтымак,
Эмне үчүн элдер сыктымак.
Афганда жана Балканда,
Болбой эле согуш тынчымак.
Куралды жазап не керек,
Эң күчтүү курал ынтымак.
Карылык келген убагым,
Көңүлдү буга бурамын
Ынтымак аттуу коомду түз
Дүйне эли сенден сурагарым.

17.11.1991-жыл

*** *** ***

## Кең Чүй жакка качпайлы

Кыргыздарым көчмөндөрдүн көчмөнү,
Ак боз үйдү жүктөөгө төө чөккөнү.
Көч үстүндө жазанышкан кыздарды,
Көмүскөдө улан жетип өпкөнү.
Көч келатса берүүгө ашын шашылып,
Апаларым куржундарын сөккөнү.

Пейили кенен кыргыздарым кайдасың?
Эми керек төрт түлүктү айдашың,
Ак-Сай, Арпа жайлоону ээн таштабай,
Кой саап, уй саап, кулундарды байлашың.
Курут жасап эжигейди бышыруу,
Элибизде унутулуп калбасын.

Биз таштасак төрт түлүктү, айдоону,
Ээлеп кетет башка элдер жайлоону,

Убактылуу чайкоочулук иш кылып,
Унутпайлы! Кулундарды байлоону,
Өкүмөтүм малчыларга карашып,
Умтулушса ден соолукту ойлоону.

«Акча жок» деп ак койлорду сатпайлы,
Жумуш издеп кең Чүй жакка качпайлы.
Биргелешип бирге эмгек кылышып,
Уруу куушпай ынтымакты баштайлы,
Малыбыздан кол жууп калсак бир күнү,
Кимдер жайлайт Арпа менен Ак-Сайды?
Мурас кылып аталарым калтырган,
Ала -Тоону алмашуудан сактайлы.

21.08.1991 жыл, Нарын шаары

*** *** ***

## Айланайын Кыргыздар

Айланайын кыргыздар !
Кайдыгерчиликке көнбөсөң.
Бир атанын баласын,
Ар урууга бөлбөсөң
Акыры ишиң оңолоор,
Арактан ичип өлбөсөң.

Айланайын кыргыздар!
Бекерпоз болуп жатпайлы,
Белибизди бекем бууп,
Белсенип ишти баштайлы,
Кыргызды белден ашыруучу,
Кыйын иштен чыкпайлы,
Пейилибизди кетирип,
Белен оокат таппайлы.
«Элдүү түлкү ачка өлбөйт»
Балдарыбызды сактайлы,
Баласын саткан акмактын,
Такыр изин баспайлы.

Айланайын кыргыздар,
Бизнесмендерди колдойлу,
Билимсиз маңкурт болбойлу,
Миллионерлер көбөйсө,
Кыргыздын иши оңбойбу.
Өкүлдөрдү тандоодо,
Камчыбекти ойлойлу
Озуп кетчү балдардын,
Жолун тосуп койбойлу.

Айланайын кыргыздар !
Эл ичинен суурулуп,
Чыккан балдар жок эмес,
Элестетип көргүлө.
Андайларга кыргыз эл,
Азырынча ток эмес,
«Көп түкүрсө көл болот»
Көрүнүктүү балдарды,
Колдоп алчу эл болот,
Жолдошбай уулу Камчыны,
Эл мүдөөсүн аткарчу,
Мүкөккө окшош тамчыны.
Келе жаткан шайлоодо,
Колдоп алсак не болот?

Айланайын Кыргыздар!
Өкүлчүлүктү шайлоодо,
Өзгөчө көңүл буралы.
Өзүмчүлдөрдүн жолун бууп,
Коррупцияны болтурбай.
Туруштук берип туралы,
Таң калтырып дүйнөнү.
Тенчилик заман куралы,
Ушул жазган оюмду,
Жалпы Кыргыз угабы?

10-сентябр 2015-жыл

***    ***    ***

# КЫРГЫЗДАР!

Бул ырды биздин гвардиябыз катарда баратканда ырдашса болот. Манастын 1000 жылдыгына карата.

Кыргыздар эски элденбиз,
Көзгө атаар чечен мергенбиз.
Кыябы келген кездерде,
Кыйратчу жоону жеңгенбиз.
Кайырма:
Манас! Манас! Эр Манас !!!
Арбагың колдоп кел Манас!!!

Тарыхты ташка жазышкан,
Талаага казан асышкан.
Таалайын издеп кыргыз эл,
Теңиртоо көздөй басышкан.
Кайырма:
Аскалуу тоону жердеген,
Арамдык ойду билбеген.
Ак көңүл Кыргыз элимди,
Ар дайым сактайм сен менен.
Кайырма:
Эркиндикти колдойбуз,
Эл менен жерди коргойбуз,
Армиялык милдетти,
Ак өтөөнү ойлойбуз.
Кайырма:

*** *** ***

## Символдор

Бул дагы солдаттар катарда баратканда ырдаса болот.

Кыргыздын мөөрү, желеги.
Атадан калуучу белеги,
Ыйык сактап өткөрсөк.
Урпакка тийсин керbegi.
Ыйманы ысык элиме,
Ынтымак кудай бер эми.

Асманым ачык мелтиреп,
Ала — Тоо турат көк тиреп.
Илбирстей болсун солдаттар,
Ишеничин элдин келтирет,
Жаңы чыккан жарым ай,
Мусулмандыкты билдирет.
Үркөр — үркөр үч жылдыз.
Үркөрдөй болгон биз кыргыз,
Кол кармашып жашайлы,
Чыкпасын ичтен чырыбыз,
Ар түркүн оюу салынган,
Анык Кыргыз сыныбыз.

Символго карата колдонула тургандар.
1.Ачык асман.
2.Ала-Тоо.
3.Тоо боорунда жашаган эң күчтүү жаныбар Илбирс
4. Жаңы чыккан жарым ай.
5. Айдын сол тарабында үркөр жылдыз...
6. Кыргыз оюусу.

Ушул жогоруда аты аталган символдордун ар биринин өзүнчө чечемелери бар.

***　　***　　***

## Жазайын деймин уялам

Элимдин токсонго жакын пайызы,
Экономикалык жактан тайызы.
Күнүмдүк оокат таба албай,
Күн сайын келет айысы.

Жардамга деп бергенди,
Чет өлкөдөн келгенди.
Элчилдер катып сатышып,
Ээсин таппай сенделди.

Ортодон олжо табышып,
Обу жоктор белденди.
Жарды менен жакырга,
Колунда барлар тең келди.

Жазайын деймин уялам,
Жазбай кантип тура алам.
Жардамга келген оокаттар,
Жардыга жетсе кубанам.

Колунда барлар кокустан,
Бөлүшүп кетсе кубарам.
Жарды, жакыр, жетимди,
Жал оорутпа суранам.

Дары , дармек тамак-аш,
Керек кылат кары- жаш.
Колунда жок адамга,
Кайрымдуулук кылып каралаш.

Элден чыккан кулундар,
Элинди жат көрбөстөн.
Өйдө- ылдыйга бөлбөстөн,
Эл ичине аралаш.

Айланайын калайык,
Силерге болсо ылайык.
Карыларды таштабай,
Боорукерчилик кылалык.

***         ***         ***

## Олимпиада

Өткөрүлдү жыйырма экинчи,
Олимпиада оюну.
Келген бизге конокторго,
Ачылды Москва коюну.

Тынчтыктын алтын тиреги,
Москва болгон жүрөгү,
Каалагандарга тынчтыкты,
Москва болот түнөгү.

Келген жаштар баарыңар,
Күчтүүлөр жеңиш алыңар.
Ынтымактуу болсоңор,
Дүйнөгө тынчтык табылар.

Беш континенттен келгендер,
Бизге салам бергендер.
Жер үстүндө болбосун,
Адамды атуучу мергендер.

08.08.1980-жыл

*** *** ***

## Оо жигит

Жай мезгил суунун жээги көпкөк шибер,
Сүйгөнүңдү сый көргөзүп өзүңө имер.
Төгүлсүн назик сөздөр ортоңордон,
Оо жигит эритүүчү жүрөктү отту жибер.

Бул жердин айланасын токой тордоп,
Атайын ылайыктап койгон окшоп.
Жаратылыш кооздугун бизге арнайт,
Эс алгын ушул жерге бир аз токтоп.

Кандай сонун бул жерде жатсаң ойноп,
Көйкөлгөн көк шиберге денең сойлоп.
Кытыгылап таманыңды жашыл килем,
Келе жатсаң шар аккан сууну бойлоп.

Мындай чөйрө узартат өмүрүңдү,
Каалабайсың бул чөйрөдөн бөлүнүүнү.
Сүйгөнүң ач болду деп тамак берип,
Жадырап ал көтөрсө көңүлүңдү.

Бул учур токтото алат жаштыгыңды,
Ичсең да билишпейт го мастыгыңды.
Өзүңдөн аянбастан жашоону бил,
Санай бербей акча салган капчыгыңды.

Мындай жер кимди болсо эрите алат,
Капалуу болсоң сени сергите алат.
Мемиреп тынчтык бүткөн мындай бурчтан,
Эс алган жан ден соолукка жемиш алат.

Барктайлы ушул бурчту кооз жерди,
Жаратылыш эс алсын деп бизге берди.
Булгабастан тазалыгын сактайлычы,
Эс алышсын сыйлайлы башка элди!

*** *** ***

**Атадан калган эстелик**

деп жаз айынын бир күнүн эмгек майрамы десек
Эпкиндүү эмгек майрамы,
Элимдин жазгы айдагы.
Арыгын чаап талаанын,
Буралы сууну сайдагы.

Атанын жолун жолдойлу,
Иш менен аны колдойлу.
Атадан калган салтыбыз,
Ата — журт наамың коргойлу.

Көчөнүн көркү бак менен,
Көркөмдүү тамдар ак менен.
Көк жашыл болот шаарыбыз,
Көчөттөн тиксек сап менен.

Тигилген көчөт багылсын,
Көчөлөр шуру тагынсын.
Адамга керек кислород,
Шаар ичинен табылсын.

Атадан калган эстелик,
Иштейли достор эскерип.
Туруштук берип туралы,
Турмушка ушул кез келип.

Ушул күн болсун майрамдай,
Эр Манас туусун сайгандай.
Орчундуу ишти иштейли,
От жансын жүрөк тайманбай.

***          ***          ***

## Жеңиш күнүм

Жеңиш күнүм дайым мага элестүү,
Адамга адам аба сымал керектүү.
Адам үчүн чыгарбайлы кыйратуучу куралды,
Ыр жазууга мына ушул себептүү.

Эне ыйлады, бала ыйлады жаш жубайлар ыйлады.
Согуш менен ачарчылык бүткүл элди кыйнады.
Биз жашаган ушул бейпил күн үчүн,
Эчен эрлер танк алдында кыйрады.

Төрт жыл бою адамдардын каны акты,
Муну кандай мыкачылар жаратты?
Туман түшкөн каргашалуу ал күндөр,
Канча эненин жүрөктөрүн канатты.

Тогузумда согуш оту басылган,
Канга окшоп календарга жазылган.
Болтурбайлы кайра кандуу күндөрдү,
Оздуктап согушчанды ашынган.

Каалагандар согушту,эсиңерге келгиле,
Тынчтыкта жашашып жамандыкты жеңгиле.
Согуш отун тутандырбай ар жерден,
Элге тынчтык, жерге тынчтык бергиле!!!

***          ***          ***

## Эки нарын

Чогулуп биз таанышкан эки Нарын,
Укканбыз баратканда суунун шарын.
Бул шар суу тосулса, каскад турса,
Көрөбүз жаркыраган электр шамын.

Мына ушул эски жолду өгүз баскан,
Кандай күчтүү техникалар казган.
Атылып тоодой таштар кум төгүлүп,
Зоо боорунда машиналар зырылдашкан.

Биз бардык сени издеп алыс жакка,
Токтоду машинабыз дөңгүл ташка.
Тартылган жол азабы унутулаар,
Жүрөктөр бир — биринен орун тапса.

Жыттадык ароматын тоо гүлүнүн,
Укканбыз сайраган булбул үнүн.
Шарпылдап шар суу аккан талдуу жээкте,
Сайрады булбул сымал сенин үнүн.

Жолуктук, учураштык, даам таттык,
Сыр чечишип айлуу түндө бирге бастык.
Бул учур махабаттын гүл дестеси,
Күбүлсө кайра келбес чиркин жаштык.

07.07.1977-жыл

*** *** ***

## Темир менен көмүр

Темир, миллион жыл жерде жаткан,
Арасына таштардын сырын каткан.
Адамдар акыл эстүү болгон кезде,
Жер алдынан изилдеп аны тапкан.

Көмүр дагы мына ушундай табылды,
Бактысына адамдардын кабылды.
Эми күйүп эчен домна мештерде,
Эритүүгө темирлерди жагылды.

Темир эрип мөлтүлдөп суудай аккан,
Жардам берип адамдарга аны баккан.
Темирлерден жасалган техникалар,
Жүгүрүп, сүзүп жана учуп жаткан.

Көмүр, темир бир — бирине шайкеш келип,
Көмүрдүн ысыгына темир эрип.
Темирден чыдамдуураак баатырлар бар,
Эриткен мекениме кубат берип.

Темир эрип миңдеген буюм болду,
Жасалды темирден да атом, бомбу.
Киши өлтүрүүчү куралдардын ордуна,
Жасайлычы дүйнө эли соколорду.

***         ***         ***

## Суу менен жер

Суу менен жердей болуп айкалышсак,
Турмуштун кемесинде чайпалышсак.
Элиме кызмат өтөп талыкпастан,
Экөөбүз чоң эмгекте байкалышсак.

Суу менен жер адамдарга окшошуп,
Суу атасы, жер - энеси болгонсуп.
Жер бетине жемиштерин өстүрөт,
Биргелешип уругун сээп койгонсуп.

Күркүрөп чоң дарыялар агып жатат,
Жер бетине жемиштерин тагып жатат.
Эмгектенген элдериме суу менен жер,
Кур койбостон даны менен багып жатат.

***         ***         ***

## Биз ал жакта

Биз ал жакта көргөнбүз,
Түштүк Чыгыш Азиянын элдерин,
Япония, Вьетнам, Сингапур, Малайзия,

Филиппиндин жерлерин,
Круиздик жүрүштө,
Көтөргөнбүз, бийик кармап,
Аны сактап, даңазалап,
Элибиздин желегин.

Биз ал жакта
Орус, белорус
Грузин, татар,
Казак, кыргыз,
Баарыбызга
Бир тилмечти жалдадык,
Ал элдерге ынтымакты,
Достукту,
Эркиндикти кааладык.
Бүт дүйнөнүн жаштары,
Уландары, кыздары
Бизди уккула
Күрөшөлү
Тынчтык
Тынчтык жана тынчтыкта
Жашоо үчүн жаралдык,
Биз ал жакта,
Жерибиз бир
Жашыл токой
Кумдуу чөлдө,
Түндүк, түштүк салкында,
Ошондой эле биз жашайбыз,
Күндүн, айдын,
Жылдыздардын алдында,
Суу ичебиз эс алабыз,
Аба менен дем алабыз
Бирок неге?
Эл ичинде
Каршы турган
Көралбастык оорудан
Качан бир күн
Кутулабыз, кутулабыз

Жана кутулабыз
Биз качан?
Биз ал жакта силерге калп
Бизге чындык
Этти, майды, сүттү, нанды
Жана башка тамактарды самадык
Деңиздерден колго түшкөн
Курт -кумурска, устрица, криветки,
Крокодил, ташбака
Жеп тажадык
Биз ал жакта
Тамак үчүн
Ал жакка биз баргансыбай
Жакшы - жаман
Өйдө - ылдыйды карадык
Биз ошондо
Болсо да тамак - ашы
Кымбатыраак биз жактан
Жашоосунун жакшылыгын
Салыштырып сынадык
Көзүм менен барган жердин,
Кызыктарын көргөнүмө кубанам
Мени ойлонткон ойлорумду
Тилим кыска
Айта албай кубарам,
Бирок дагы
Тил кесмей жок баш кесмей бар
Жолдошторго замандашка
Бөлүшпөстөн кантип чыдап тура алам.
Мен жазуучу акын эмесмин,
Аракет бар ал акымды жебесин.

***          ***          ***

## Кыргыз жапан үйлөнсө

Жапан менен Кыргызда,
Ынтымак өсүп баратат.
Кыргыздын ак — калпагы,

Кимоного жарашат.
Тээ алыста Фудзияма,
Калпака окшош карасак,
Кыргыз Жапан үйлөнсө.
Тилдерин суудай сүйлөсө,
Экөөнө бирдей таң атат,
Биргелешип иш кылса,
Көп нерсени жаратат.
Фудзияманын боорунда,
Жылкылар оттоп жайылса.
Кымызды жазап Кыргыз кыз,
Жапандарды бай кылса.
Же болбосо кеңешип,
Ала-Тоону жай кылса.
Ынтымак болуп ортодо,
Бирине - бирин байыр кылса,
Өмүрдө болбой өкүнүч.
Өз жеринен айрылса,
Экономикалык өсүштө.
Элибиз бирине - бири кайрылса,
Жардам кылаар болушса,
Кокусунан тайгылса.

***   ***   ***

## Нагасакидеги эстелик

Тынчтыктын 50 жылдыгына карата.

1945-жылы 9-августта саат 11ден 5 мүнөт өткөн кезде Нагасаки шаарына экинчи атом бомба түшкөнү эсте, ошондой укмуштуу кырылууларды бомба ээлери өз элдери кырылгандай сезсе.

Приказ келген Трумэн деген зулумдан,
Түшүшүптүр Хиросима, Нагасаки чуулган.
Борборуна атом, бомба түшкөн жерге,
Символ үчүн Тынчтыктын паркы курулган.

Ыргытылды «Малыш» деген бомбасы,
Күлгө айланды таза булак, көл сазы.
Учурашып чоң кырсыкка шаар эли,
Калышыптыр жарылуудан бир азы.

Жаралуулар бирин- бири багалбай,
Башка жагы шаардан кабар ала албай.
Тогуз күндөн кийин жардам болуптур,
Басырыкта калгандары каралбай.

Суу булганды ичүүгө такыр жарабай,
Жапан кызы ичүүгө суу таба албай.
Акырында «суу, суу, таза суу» - деп өлүштү,
Бир - бирине суу бергенге жарабай.

Мына ушул өлгөн жапан кызы үчүн,
Аябады префектура эч күчүн.
Вэрге окшотуп 48 фонтан аттырды,
Жашоонун Символу «таза - суу» болсун үчүн.

Жазуучулар жазышат да көргөн билген чындыкты,
Эки дүйнөлүк согушта чоң сындыкпы
Адамдар өздөрүнө курал камдап,
Бир - бирин өлтүрүүсү тындыкпы?

*** *** ***

## Оо океан

Толкунуң тоодой болсо,
Зоболоң жерге түшөт.
Тынчтыкты көргүң келсе,
«Штилде» кароол күзөт.
Деңиз толкуну,
Жээктен бүтөт.
Адам толкуну,
Азаттык күтөт. А.Ш.
Оо, океан, штиль болчу шлюпкага түшкүдөй,
Же коркпостон чабак уруп сүзгүдөй.
Түпкүрүндө булут ойноп чубашып,
Бүт ааламды көрсөтүүчү күзгүдөй.

Оо, океан «шторм» деген күчүң бар,
Ал башталса көңүл айнып өңүм зар.
Тоодой толкун келатканын көргөндө,
Жашынууга жер табалбай дүйнөм тар.

Океан жер шарынын көпчүлүгүн ээлегенсиң,
Байлыгың кургак жерден кем эмессиң.
Сан жетпеген жаныбарды койнуңа алып,
Жашырып сырыңды айтпай термелесиң.

Океан байлыктарың терендикте катылат,
Капаланба эчен сырың ачылат.
Сенин берген жемиштериң биз жакта,
Океан деген магазинде сатылат.

***　　***　　***

## Кырсык

Кырсык келет жан- жаныбар баарына,
Ылгабастан жашы менен карыга.
Көп кайгырып капа болбой чыдагын,
Убактылуу заманындын тарына.

Кырсык дагы ар түркүнгө бөлүнөт,
Ак жолундан асыткылар көрүнөт.
Адаштырып акылыңдан бир паста,
Ак жеринен толо ырыскың төгүлөт.

Эң жаманы бул дүйнөдөн айрылуу,
Жоктошушуп жакындарың кайгыруу.
Кош айталбай мурун кетип мезгилден,
Жер алдынан караңгыны жай кылуу.

Башкасына кырсыктардын чыдагын,
Кыйындыкта эркинди бир сынагын.
Жеңилденип капа болуп кайгырбай,
Душманыңа тике карап тура алгын.

Кырсык бүтүп унутулаар түшкө окшоп,
Кайра келээр жүргөн күнүң сен жоктоп.
Тирүүлүктө өмүр өтөт ар түрдүү,
Эмгектенгин жатып албай боортоктоп.

***　　***　　***

## Ой

Жетиш үчүн умтулуп,
Ар нерсеге ой керек.
Турбастан куру умсунуп,
Аракет кылсаң ал келет.

Адамдардын сапаты,
Акыл менен ойлонуу.
Кетпеске иште катасы,
Чечими бар болжолуу.
Адам жашайт ой менен,
Көрүнөт жакшы бой менен.
Пайдасы неге боюндун,
Ашпаса ишке оюндун.

Ой менен санаа башкача,
Билбейсиң аны айтпаса.
Жакшы ой менен жашагын,
Саргарып санаа тарткыча.

***          ***          ***

## Бала

Ар бир үйдө балдар өсөт ар башка ,
Ата- энелер, улуу- кичүү ар жашта.
Үлгү болуу жаш- карыга карабайт,
Жакшы өсөт тарбиясы жарашса.

Бала бакыт алып келет үйүнө,
Эне- атасы жентек берет сүйүнө.
Жаш жубайлар сүйүнүчтүү карашып,
Табылгансып теңдеши жок дүнүйө.

Балага да бакыт берчү киши бар,
Алар ушу сени тапкан эки жар.
Эркелетпей туура багыт беришсе,
Бала өсөт турмушунда болбой кар.

Ар бир үйдүн кулк- мүнөзү ар башка,
Балдар үчүн жакшы сапат арналса.
Орой болбой сылык өсөт жашынан,
Жаш күнүнөн бузулбастан карманса.

***   ***   ***

## Каптабасын темир булут асманды

Түрмөктөшүп кара булут түрүлүп,
Жамгыр келет тоо этектеп сүрүлүп.
Күн күркүрөп чагылгандар түшкөндө,
Дене дүргүйт кумурскалар жүгүрүп.

Көшөгөлөп жер бетинен булут көчөт,
Күйгүзгөн күн нурунун ысыгы өчөт.
Ушул көчмөн суу артынган булуттар,
Туурулган жер бетине жашын төгөт.

Жылуу жамгыр жаап турду шыбырап,
Жерди жарып чөптөр чыкты кыбырап.
Сүткө тойгон жаңы туулган кулундар,
Чыйракkансып оюн салат тыбырап.

ООНдо булут уча албаган кушка окшоп,
Жер кучактап жаткан өңдүү боортоктоп.
Бир бөлүгү тоо боорунда баратат,
Кыбыладан салкын соккон жел коштоп.

Жааса экен деп жамгырды эл суранат,
Жамгыр жааса май жаады деп кубанат.
Малыбызга тоонун чөбү эң керек,
Жаан болбосо тоолорду ким сугарат.

Жаан басылды күндүн көзү ачылды,
Булут көчүп тоо артына жашынды.
Жаңы ачылган байчечекей жыбырап,
Түктүйүшкөн дене бою жазылды.

Азыр бизде булуту жок жамгыр бар,
Күн- түн тынбай иштеп жатат помпалар.
Жерди жарып чоңоюшуп келатат,
Кант берүүчү кереметтүү тамырлар.

Каптабасын темир булут асманды,
Ким каалабайт тынчтыкта басканды.
Жер бетине темир жамгыр жаабасын,
Токтотолу адамдарды атканды.

***        ***        ***

## Өтсө жылдар

Күндөр өтүп жылдар жылга куюлат,
Өткөн күндөр баары бирдей туюлат.
Барган сайын окшош күндөр көбөйүп,
Карыганда кызыктары суюлат.

Өтсө экен деп күндү санап турабыз,
Көңүлдөрдү маянага бурабыз.
Шашып жүрүп өтүп кеткен өмүрдү,
Кайрып бер — деп эми кимден сурайбыз.

Карыганда күн кыскарып түн узун,
Күндүз кечке такыр бүтпөй жумушуң.
Түн ичинде жоготконсуп уйкунду,
Тынчың кетет карылыгың курусун.

Жаш кезекте күндөр узун көрүнөт,
Уйкуң канбай бат эле таң сөгүлөт.
Өткөн күндөр бир — бирине окшобой,
Ар бир күндүн өз мээрими төгүлөт.

Жаш кезегиң жаңы ачылган гүлдөйсүң,
Ой ойлонуп капаланып жүрбөйсүң.
Күн өткөнгө эр жеткенге кубанып,
Өмүрүндүн өткөндүгүн билбейсиң.

Жаш кезиң күйүп турган чырактай,
Өчүрбөй ошол шамды билгин сактай.
Элиңе эмгек менен сен таанылсаң,
Өмүрдүн беттеринде болбос актай.

Өтсө жылдар бирөө өлүп бири кайра төрөлөт,
Жакшы адамдын багы озуп көгөрөт.
Тынчтык менен ынтымак бүтсө элиме.
Өнүп- өсүп жаштарыбыз көбөйөт.

*** *** ***

## Тоо сыры

Асман ачык тоо арасы бүркөлөт,
Токой ичи анда — санда күн көрөт.
Түрдүү түскө боёлгон бул тоолордун,
Кандай сыры бар экенин ким билет.
Күүлдөшүп күүсүн чертип капчыгай,
Түшүнүксүз тилдеринде сүйлөнөт.

Кербен сымал чубалып тоолор жатат,
Канча бийик терендикте сырын катат.
Бул тоолордун сырларын билүү үчүн,
Уул- кыздары элибиздин окуп жатат.
Талыкпастан жаштарыбыз мекен үчүн,
Изденишип Асан, Айша, Болотбектер тунел казат.

Тоо токою жерибиздин байлыгы экен,
Канча бир курулушка жардам берген.
Тамы жок тоо арасын мекен кылып,
Көчмөндүү элим менин жашап келген.
Курулган кабат- кабат жарык үйгө,
Жетишти Октябрдын таңы менен.

Эчен кылым сакталган бул тоо кенчи,
Жеткирели заводдорго темир жолду алып келчи.
Байыталы мекенимди түрдүү кенге,
Шахта казчу комбайынды дагы берчи.
Толтуралы Казнаны алтын менен,
Көз артпасын душмандар, бул элдин энчи.

*** *** ***

## Ак сүтүң

Жарашкан төшкө ак эмгек,
Бешикте жатып аны эңсеп.
Баа жеткис эне сүтүнө,
Тойбойбуз жылдап дагы эмсек.

Ак сүтүң келдиң эмизип,
Буламык берип жегизип.
Сүтүңдү актаар бекенбиз,
Атанын уулу дегизип.

Ата- энем экөөң тапкансың,
Ардактап бизди баккансың.
Айылдан жеген тамактан,
Алкымдан өтпөй каткансың.

Ушинтип багып баланы,
Тааныттың акты караны.
Эл үчүн кызмат өтөсө,
Ал бала ишке жарады.

Кээ бирөө багат баланы,
Мисалга аны алалы.
Обу жок эрке өстүрөт,
Тийбесе болду залалы.

***　　　***　　　***

## Ак төшөк

Жашырасың кийим сымал денемди,
Жылуу, жумшак ушунча ичиң кененби.
Мытый кармап кичинекей кол менен,
Эмсек керек ак төшөктө энемди.

Мээримдүүсүң атам- энем жаткан төшөк,
Сенсиз кантип адамдардын түнү өтөт.
Кучаныңа алып жаңы жубайларды,
Баш коштуруп ынтымакка үйрөтөт.

Салынган ак төшөктө нике кыйып,
Сактагын баш кошкондор абдан ыйык.
Үйлөнүү тагдырыңдын көпүрөсү,
Көнбөсөң ынтымакка калат сынып.

Ак- төшөк аппак бойдон кала берсин,
Өмүрлөр ал төшөктөн жана берсин.
Ата- эненин ажырагыс данакери,
Ортоңорго жубайлар бала берсин.

*** *** ***

## Көк- Кыя

Көк- кыя көлдүн ичине,
Көргөнү келдим кичине.
Көркөмдүү сонун жер экен,
Көңүлдүү болгон кишиге.
Карышкыр жүрөт топтошуп,
Жанында аркар оттошуп.
Бул өңдөнгөн жайлоодон,
Кетүүгө кыйын коштошуп.
Төрлөрү түркүн түз берген,
Ашуусу жапыз түз белден.
Илбээсин алып келүүгө,
Ашык бир болгон жүз мерген.
Сомсары менен чопуну,
Аралай басып келгенмин.
Көк- ала төр ууруну,
Биринчи болду көргөнүм.
Ушундай жерди жазууга,
Менин ырларым болду эрмегим.
Көркөмдөп айтсам жеримди,
Билбеймин эмне дээримди.
Ушунун баркын биз билбей,
Кейитти менин зээнимди.
Зоолорун булут аралап,
Кийиктер жүрөт сагалап.
Эгерлер жаман көнүптүр,

«Эт бер» - деп келет сабалап.
Чабандын кармап суурларын,
Колуна түшсөң куурадың.
Коркутуп туруп кой алат,
Өздөрү чоң браконьер тууганың.
Жаратылыш коргойм деп,
Жамынып жүргөн адам бар.
Арам оокат күтсөм деп,
Сагынып жүргөн адам бар.
Бирибизди бирибиз,
Ушинтип жеп коёбузбу адамдар?

*** *** ***

## МӨҢГҮЛӨР

Ала - Тообуз мөңгүлөрдүн турагы,
Андан чыккан суу жашоонун булагы.
Миллиондогон кылымдарды карытсын,
Кыскарбасын мөңгүлөрдүн курагы.
Мөңгүлөр бар суу башында турабыз,
Мөңгүлөргө көңүлдөрдү бурабыз.
Мөңгүлөрдөн агып чыккан сууларга,
Чакан, чакан ГЭСтерди да курабыз.
Мөңгүсү бар сууга кенен элденбиз,
Тийишкенди каптап кетчү селденбиз.
Кошуналык милдеттерди аткарып,
Алар менен тынч жашашып келгенбиз
Мөңгүнүн суусу мөлтүрөк
Таптаза болуп мөлтүрөп.
Ал суудан ичсең дайыма,
Микробдорду өлтүрөт.

*** *** ***

## Кыш бермети

Ак халат кийип жер бети,
Кыштын бир сулуу келбети.
Бак-дарак турса бубактап,
Чагылып нурга бермети.

Таманда ак кар кытырап,
Тартылган зымдар чытырап.
Кыш мойну узун көрүнөт,
Кылбайлы отун ысырап.

Кышында аба таптаза,
Жалкоолор үйдө жатпаса.
Ден соолугу кантип чыңалат,
Лыжа тээп тоодо баспаса.

Кеңешим жетсе жаштарга,
Кошулбаса наркомандай мастарга,
Өмүрүң узун болбойбу,
Дайыма жуунсаң жаш карга.

Кыштын да кыштай кышы бар,
Кут болсун ушул кышыңар.
«Суук тиет» - деп коркпостон,
Кар менен жуунуп ысыңар.

***            ***            ***

## Көчмөндөр

### Көчмөндөр ойну көк бөрү

Уу уулап алыс барышкан,
Көчүүнүн жолун салышкан.
Биринчи болуп мергендер,
Көчмөндөр ойнун табышкан.
Көчмөндөр ойну көк бөрү,
Тартышат аны топтору.
Күлүктөр менен күчтүүлөр,
Сыналчу оюн көк бөрү.
Милтени октоп жаа тартуу,
Тайганды таптап куш салуу.
Мергендин болгон милдети,
Өз жанын эмес эл багуу.
Баа жеткис Кыргыз салттары,
Басыктуу минген аттары.

Билинбей өттү жылдарым,
Чертилген эчен кылдарым.
Атайлап азыр Курсташка,
Арнаган ушул ырларым.

12.45 — 23.09. 1994-жыл, Бишкек шаары.

*** *** ***

## Кайра куруу жаңыруу

Кайра куруу жаңылануу, жаңыруу,
Бул айкындуулук теңдик тонун жамынуу.
Өз билгенин каалагандай жасашкан,
Бюрократ бул заманга багынуу.
Кайра куруу жаңылануу, жаңыруу,
Чындык менен иш кылууну сагынуу.
Болбойт эми жел планды толтуруп,
Калп жеринен ордендерди тагынуу.
Кайра куруу жаңылануу, жаңыруу,
Жаңы жаңы ресурстар табылуу.
Жек көрүнөт өтүп кеткен ал заман,
Бир адамга сенек жанга жагынуу.
Кайра куруу жаңылануу, жаңыруу,
Азыр болбойт ак жеринен жаралуу.
Болоор- болбос анча мынча иш үчүн,
Жат көрүнөт мурункудай пара алуу.
Кайра куруу жаңылануу, жаңыруу,
Өлкөбүздү демократиялаштыруу.
Депутаттар чөнтөктөрүн тигишсе.
Бүт элибиз мына ушуну жактыруу.
Кайра куруу жаңылануу, жаңыруу,
Өмүрлөрдү мына ушуга зарп кылуу.
Акыйкатчыл чындык заман дооруна,
Аппак жашап эмгектенген бактылуу.

*** *** ***

## Биздин Шерлок Гдлян!

Кайра куруу доорунда,
Айкындуулук жолунда.
Көп нерсе бети ачылды,
Эскирген жатып коңулда.
Ишенбөөгө айла жок,
Калыпбыз көптүн соңунда.
  Биринчи постко ашыгып,
  Аракет кылып шашылып.
  Ак иштеген адамдын,
  Алдына чуңкур казылып.
  Каралап аны жок жерден,
  Тоголок арыз жазылып.
Кошомат кылбай койгондун,
Түбүнө чейин асылып.
Аябай кылмыш кылгандын,
Кээде калуучу иши басылып.
Паракор жетекчилердин,
Эми беттери калды ачылып.
  Даярдап орден төшүнө,
  Тапшыртып аны өзүнө.
  Көпчүлүк каршы туралбай,
  Бир кишинин сөзүнө.
  Талоонго салып казнаны,
  Карабай дүйнө көзүнө.
Жегичтер чыгып ашынган,
Парт билетке жашынган.
Миллиондогон сомдорду,
Жерге көөмп жашырган.
Ошону тапкан эр жигит,
Биздин Шерлок Гдлян.

*** *** ***

## Оо туугандар, туугандар!

Оо туугандар, туугандар,
Көчөнү таптап тургандар.
Эт менен нанды унутуп,
Аракка көңүл бургандар.

Оо кургандар, кургандар,
Ушакты айтып тургандар.
Кыскарып калып кызматы,
Жумушунан куулгандар.

Оо туугандар,туугандар,
Иштеринде тургандар,
Анча - мынча айлыгы,
Жетишпей көңүл суугандар.
Оо туугандар,туугандар,
Акимчиликте тургандар.
Эл эсебинен жашашып,
Көңүлү куунак турган бар.

Эл багууга жарабай,
Өз чөнтөгүн санап ай,
Эптеп болуп депутат.
Эртеси калат карабай,
«Жыргатамын болот» - деп,
Алдаган бар баладай.

Тополоң заман тушунда,
Пайдаланып ушунда,
Машина менен там сатып,
Арам дүйнө катышты.
Аныcы аз болгонсуп,
Жардамга келген оокатты,
Жарып бөлүп сатышты.

Запкысын көрүп замандын,
Пайдасы тийбей жамандын.
Кайран эл турат кыйналып,
Күнү тууп ач көз сарандын.

Кыргыздар ынтымактуу бололу,
Бөлүнүшкөн уруулукту коёлу.
Ак ниет менен алсыздарга кол берип,
Биргелешип кайдыгерликти жоёлу.

***　　***　　***

## Оо аяштар, аяштар

Оо аяштар, аяштар,
Эркектен силер аштыңар.
Кол менен бутту жоорутуп,
Кытайга жол тарттыңар.

Багыш үчүн бала менен күйөөнү,
Кичинекей камокторду ачтыңар.
Техникалык спирттерди таптыңар,
Арак жасап аны дагы саттыңар.
Уландырып кээ бирисин өлтүрүп,
Кайрандардын мүрзөлөрүн кастыңар.

Түшүнбөстөн рыноктун законун,
Асмандатып бааларыңды жаздыңар.
Кээде күлүп кээде ыйлап кайгырып,
Кээ бириңер көңүлдөрдү ачтыңар.

Жакшы заман аялдарга жакпады,
Ал заманда көп болуучу жатканы.
Азыр болсо оорусунан айыгып,
Оңолушту тың, тарс болуп басканы.
«Ак-чүч» деген атың калып алыста,
Жүк көтөрдүң Кытай жакка барышка.
Орок, балка,чалгы,айры калбаптыр,
Кыйын болду магазинден табышка.

***　　***　　***

## Кытайга баргандардын кээ биринин кылыгы!

Алдамчы оокат таптыңар,
Сооданын жолун ачтыңар.
Каткан нан менен суу ичип,
Каргаша күнгө баттыңар.
Бажыканадан өтө албай,
Ара жолдо жаттыңар.
Ар намысты жоготуп,

Артыштан досту таптыңар.
Айткан менен айла жок,
Ал дагы болсо бактыңар
Кытайдын алып чиригин
Кымбаттатып саттыңар
Калай менен жезди көтөрүп,
Калп эмес чындап жөтөлүп,
Ооруп калган кездерде,
Жолдоштор жүрдү көтөрүп.
Кээ бириң үйгө кайта албай,
Болгонду чындап айта албай,
Барымтага кармашып,
Минип алды байталдай.

*** *** ***

## ОО жаштарым, жаштарым

Оо жаштарым, жаштарым,
Азайсын бекер басканың.
Алдыда турган өмүрдү,
Акыл эс менен баштагын.
Алдамчы арам жашоону,
Баштасаң аны таштагын.

Келечек Сиздин колдордо,
Баспагын арам жолдорго.
Ак эмгегиң жеткирет,
Миллионер болгонго.

Табак менен арак түшпөй оозунан,
Жаш улан кыз чукчага окшоп бaратат.
Арак менен соода кылган акмактар,
Элибизге эрте өлүмдү таратат.
Тукумубуз таза болсун десеңер,
Оо жаштарым акка толсун кесеңер.
Каада - салтын Кыргызымдын бузбастан,
Арак ичпей таза тамак жесеңер.

Өкмөтүм күчтүү Мыйзам чыгарса,
Ал мыйзамы ишке ашып тура алса,
Арак ичүү такыр эле токтолуп,
Ичкичтердин жакындары кубанса.

*** *** ***

**Тилдин күчү сөздө, Сөздүн күчү өздө!**

Кыргыздардын күчтүүлүгү улуу муундар сүйлөп келген тилибизде, кылымдарды карыткан тарыхыбызда, меймандостук менен ак дилибизде.

Бүгүнкү күндө, мени өкүндүргөн нерсе бул Кыргыз тилинин жоголуп бара жаткан тилдердин арасына кирип калгандыгы. Бул БУУнун эксперттеринин тастыктагандыгынын негизинде. Мунун себеби төмөнкүдө:

Биз Кыргыздар СССРдин курамында 70 жыл кучагынан чыга албай орус тилин эне тилибиз катары пайдаланып келдик. Орусча сүйлөөнү Кыргыздарга мажбурлаган нерселер бул жаштардын жогорку окуу жайларга өтүүдөгү сыноолорду орус тилинде берүүлөр, мекемелерде иш кагаздарды орусча жүргүзүүлөр, жыйындарда орусча сүйлөөлөр. Канча бир жылдар бою Кыргыз тилин экинчи баскычка таштап келдик. Бул жагынан Кыргыздар союздун курамындагы башка элдерге караганда өтө ийкемдүүлүгүбүздү көрсөтүп, орус тилин бат өздөштүрүп алдык. «Таяктын эки башы бар» дегендей жакшы жагы бөтөн тилди үйрөнгөнүбүздө, жаман жагы мына бүгүнкү күндө өз эне тилибизден ажырап кала жаздап отурабыз.

Бир, эки мисал келтирейин, 1968-жылы Ташкентте билим жогорулатуу курсунан окуп калдым. Бир жолу дүкөндөн керектүү нерселерди алайын деп барсам, он чакты адам бар экен, мен да катарга туруп калдым да катарым жеткенде керектүү нерселерди орусчалап сурасам дүкөнчү аял мага көңүл бурбай менден кийинки турган адамдын суроосун канааттандыра баштады, катары менен соода кылбайсызбы кезек меники да деп орусчалап кайрылганда, «Өз тилиңде сүйлөбөйсүңбү, сен орус эмессиң да!»- дегенде, мен уялып кыргызча сүйлөөгө мажбур болдум.

Экинчиси, 1972-жылы Кавказ шаарларын көрүш үчүн турист болуп барып калдык. Кыдырып жүрүп Ереван шаарына барганда

мончого түшүп алалы деп бир таксиге түшүп калдык. Таксинин айдоочусу улгайып калган адам экен «Куда вас» деди, а биз болсо «Нас в банью» десек, а что такое баня деп бизден кайра сурады, көрсө таксист баня деген сөздү билбейт экен. Биз аргасыздан чемоданды ачып самын, мочалканы көргөзгөндө гана түшүнүп, бизди баняга жеткизди. Ал эми бизде болсо баня деген сөз мончо деген төл сөздү жеп койду. Ушундай эле этаж деген орустун сөзү кабат деген сөзүбүздү жеп кетти, мына жаштар сиздер эч качан кабат деген сөздү айтпайсыңар. Азыркы (рынок) соодакерчиликтин убагында магазин деген сөз дүкөн деген сөздү жокко чыгарууда. Бир орус жашабаган жерлерде магазин деп жазылуу турат. Эми үчүнчү жазуу башталды «шоф» эмне үчүн дүкөн деген сөздү магазин анан шоф деген сөздөргө жедиребиз. Аларды жазбай эле дүкөн деп эле жазып койсок, англис тилинде сүйлөгөндөр шоф бойдон калбай дүкөн деген кыргыздын бир сөзүн үйрөнөт эле да. Мен бул сөзүм жана мисалдарым менен эмнени айтмакчымын, келечек жаш муундарга тиешелүү улуу муундар жаш муундарга кыргыздын тилин, дилин жана жакшы үрп адаттарын жакшы салттарын, кыргыздын дүйнөдө биринчиликтерден болгон макал-ылакаптарын өз орду менен өткөрүп берүү биздин муундардын милдети. Биз 70 жыл орусча сүйлөгөнгө аракет кылып жүрүп, азыр кыйын акыбалда турабыз, анткени улутубуз кыргыз, тилибиз орус болуп бараткандыгы өкүнүчтүү. Көп тилдерди билели, бирок өз тилибизди унутпайлы. Сөзүмдүн акырында кийинки муундардан сурануучу нерсе, тилиңерди, дилиңерди, дининерди бузбагыла !!!

***        ***        ***

## Тил мүдөөсү

Кыргыз деген дилибизге шек кетпесин,
Кыргыздарды кайдыгерчилик жеп кетпесин.
Келечекте тың чыгышып мыйзамчылар,
Кыргыз тилин башка тилге тепсетпесин.

Сактайлы тилибизди, динибизди, дилибизди,
Сатылбай башка тилге, башка динге.
Айрылсак динибизден, тилибизден, дилибизден,
Сурайбызбы кечиримди небереден, чөбөрөдөн.

Ар мезгилге жооп берүүчү адамдар бар,
Дүйнө эли болушушат аларга зар.
Бийлик ээси тил мүдөөсүн колдобосо
Карапайым элдерден эмне чыгаар.

Бийликтердин бутагынан суранамын,
Колдошусса тил мүдөөсүн кубанамын.
Кор болбой бөтөн тилге, бөтөн динге,
Ала-Тоодо, өз жеримде тура аламын.

***　　***　　***

## МАКАЛ-ЫЛАКАП, УЧКУЛ СӨЗДӨРДҮ ӨНҮКТҮРСӨК,.. ТИЛ ӨНҮГӨТ.

«Элиң түлкү болсо, түлкү бол. Бөрү болсо, бөрү бол»-деген макал заманынан аша чаап кетти. Себеби: Бул заманда Түлкү менен Бөрүлөр, ансыз эле көбөйүп жаткандыгы өкүнүчтүүсү ушул болууда. Анткени: Адамдар арасындагы баалуулуктар жоголуп бара жатышы, адам табятындагы Экологиянын бузулуусуна алып келүүдө. Минтип отурсак, 40-50 жылдан кийин КЫРГЫЗДАР руханий дөөлөттөрүнөн айрылып, момундар, чынчылдар, акыйкаттуулар жана карапайым көөпайларды түлкүлөр алдап, бөрүлөр жеп бүтүп койсо, кийинки муундарга кимдер калат? Кийинкилерге урук-угут болуучулар кайдасыңар? Дегеле барсыңарбы? Эгерде бар болсоңор КЫРГЫЗДЫН нукура жүзүн көрсөтө турган, кылымдарды карыткан (жазылбаган мыйзамдарды туу тутуп). Улууларды урматтап, кичүүлөрдү ызаттап 40 уруу кыргыз ынтымактуу болгон учурдан тартып күчтүү мамлекет болгонубузду дүйнө эли билишет. Биздин эң күчтүү жерибиз: КЫРГЫЗ элине гана тиешелүү жогоруда айтылган дөөлөттөрүбүз. Эң өкүнүчтүү жери, ӨЗ тилибизди чанып Кыргызча сүйлөбөй башка тилде сүйлөгөндүгү кейиштүү. Башка тилдерди билүү жакшы. Өз тилинде таза сүйлөө андан да жакшы. Өлкөбүздө көп улуттун өкүлдөрү жашашат, аларды өз тилинде сүйлөбөөгө чек коюлган эмес. Бирок алар КЫРГЫЗ жеринде жашашып, таза суусун ичип, таза абасынан дем алып, Кыргызстанга тийген күндүн алдында, Кыргыздардын жылуу мамилесинин негизинде, Кыргыздардын жерлеринин пайдасын

көрүшүп, там салышып, огород айдашып, Кыргыздардан артыгыраак жашоо күтүп жатышып, Кыргызча билбей, Кыргыз тилинде сүйлөбөгөндүгү (кыргыз элин, жерин, тилин сыйлабагандык) -дейт элем. Аларга сын айтып ЭТНОС башчыларына кайрылайын десем: Өзүбүздүн «КИРГИЗДЕР» кыргызча сүйлөй албагандыгы сөзүмдү-сөлтөк, кебимди кемтик кылууда. Эмине болсо дагы, айланайын КЫРГЫЗ элим! Улуу-кичүү баарыңардан СУРАНААРЫМ тилибизди өстүрүп-өнүктүрүш үчүн, өз тилибизде сүйлөгөндү билели!-деп төмөнкү ырды жаздым.

Кыргыз тили кыргыздардын өзөгү,
Кыргыз жери кыргыздардын төшөгү.
Тил жоголсо эл жоголот деп айткан,
Адамдардын акылманы көзөмү.
Кыргыз тили Түрк тилдердин атасы,
Талашууда жоктур мында катасы.
«Сүйлөсүн»-деп ушул тилде МАНАСТЫ,
Тийсе керек Алланын бир батасы.
МАНАС барда тили жоголбойт Кыргыздын,
Тийбесе экен кесепети « Киргиздин.».
Нурун чачып жарык берсин ааламга,
Жер бетинде Кыргыз деген жылдыздын.

*** *** ***

## Террористтик бир көрүнүш

Мына адамдын денесин дүркүрөткөн теракт болду, поезддер кыйрап, анын ичинде келе жаткан адамдардын денелери кыймылсыз жатат. Ар кайсы жерде үзүлгөн колдор, буттар, чубалып жаткан ичеги карындар. Айлананы уулу кара түтүн каптап дагы эле басыла элек, синтетика кийимдердин түтүнүнүн ачуулугунан көздөр ачышып жаш токтобойт. Кийимдердин кээ бирлери дагы эле күйүп жатат. Айлана чөйрө ызы чууга баткан кээ бир жерлерден катуу кыйкырыктар чыкса, кээ бирлеринен араң онтогон үндөр угулат. Жердин баары канга жуулган, кандын арасында темирдин сыныктары ар түрдүү көлөмдөгү болттор, гайкалар жатат, булар согуш куралы катары чыккан эмес, бирок ушул учурда согуш куралына айланганы көрүнүп

турат. Күчтүү жарылуунун негизинде кээ бир денелерде баштары жок мына ушул жерде жаш баланын денеси экиге бөлүнүп, жүрөгү көрүнүп турат. Анда-санда былк этип коюусу байкуш жүрөктүн акыркы согуулары болуш керек. Мына ушул жерде бир аялдын денесинин үстүндө дагы бир эркектин денеси жатат. Бул экөөндө тең баштары жок. Булар кандай адамдар болгондугун ушул учурда эч ким билбейт. Бирок үстүндөгү калган кийимдеринен, бул экөөнүн тирүүчүлүктө асман менен жердей жашоосу бар экендигин айгинелеген аялдын абдан бай дубленкасынан, бутундагы тизеден ашкан акыркы модадагы тигилген өтүгү үстүндө жаткан эркекти кучактап калган сол колунун үч манжасындагы кымбат баалуу шакектери, анын аял экендигин билдирип турат. Ал эми үстүндө жаткан дененин эркек экендигин билдирген, анын белиндеги эски кайыш куру, Союздун убагында тигилген көөнөргөн бушлаты, бутундагы резинка өтүгү. Өлгөндөн кийин байлыгың дагы, жардылыгың дагы бирдей- экен да чиркин. Мына ушул дене дүркүрөткөн теракт эмне үчүн жазалды. Муну жазаган кандай мыкаачылар, мунун себеби эмнеде?

Теракт деген эмне, бул кандай пайда болот деген суроого жооп катары өзүмдүн оюмду мындай демекчимин. Теракт-бул өч алуу. Терроризмди жараткан күчтүүлөр мисалы, бирөө күчүнө салып бирөөнүн жерин тартып алса же бирөө аркылуу тиги күчтүүгө кандайдыр бир зыян келтирип, өчүн алуу керек. Алсыздар алдууларга өч алуусун ачык жазай алышпайт. Ошондуктан кандайдыр бир убакытты же бир ыңгайлуу мезгилди күтүшөт да өч алуунун кандай бир түрүн колдонушат. Бул күчсүздөрдүн күчтүүлөргө өзүлөрүнө жараша жашыруун жазаган жообу. Ал эми мамлекеттер арасындагы теракт бул өтө глобалдуу адамдардын арасында биринчи жолу Еврейлер менен Арабдардын ортосунда башталды. «Америка»- деген бүркүттүн канатына жамынган Еврейлер жанаша жашаган араб элдерине зордук-зомбулук көрсөтүп, жерлерин тартып алып аларды экинчи сорттогу адамдар катары мамиле жазашкандан тартып, Еврейлерге жооп катары теракттарды уюштуруп турушту. Ошол кезде Америка менен СССРдин тирешүүлөрү башталып, ал жерден үчүнчү дүйнөлүк согуш чыгып кете жаздаган. Американлыктардын стратегиялык планы Израил аркылуу бүт

жакынкы чыгышты басып алуу, андагы нефти байлыктарын пайдалануу эле. Ошентип тераkттын башталышына америкалыктар түрткү болду. Экинчи жагдайы америкалыктардын көпчүлүк байлары улуту боюнча еврейлерден турат. Ал эми ич арасынан бөлүндү болгон арабдар көп жылдап тарткан азап-тозок кордуктарынан өчүн алуу үчүн өч алуунун түрдүү жагдайларын өздөштүрүп чыгышып, теракт жазоонун окутуучуларынан болуп калышты. Өзүнчө теракт жазоочу уюмдарды уюштурушту. Буга ким күнөөлүү деген суроого мен төмөнгүчө айтар элем.

Терроризмдин чыгышына баскынчылар күнөөлүү. Мисалы, еврейлерге Америка «Крыша» болбогондо алар өзүлөрү полестиналыктардын жерлерин басып алышып, каршылык көрсөткөн элдерин өлтүрүп, камап салышмак эмес. Ошондой эле мурунку СССР Афгандыктарга кол салбаганда, Россия Чеченстан менен согушпаганда, Америка эки жолу Иракка согуш ачпаганда террористтер мыкчалык мыкаачылыкка барышмак эмес. Америкалыктар дүйнө жүзүндө гегомондук кылуу үчүн БУУнун колдобогондугуна карабастан, Россия, Франция, Германиянын каршы болгондугуна карабастан, Буштун администрациясынын чечими менен Ирак мамлекети дүйнөгө кыргын салуучу курал жасап жатат деген шылтоо менен араб элдеринин ич ара ынтымагын жоготуу максатында Иракка экинчи жолу согуш ачышты. Ушул жерден айта турган дагы бир сөз. БУУ өзүнүн Американын алдында алсыздыгын билгизип койду. Америка жеринде америкалыктар жайгашкан жерлерде теракттын күчөшү улуу Буш менен кичүү Буштун баскынчылык сокур саясаттын негизинде бир элге жардам кылымыш болуп, экинчисине согуш ачкандыгы америкалыктардын баскынчылык саясатын дагы бир жолу айгинелеп турат. Мына ушул теңсиздиктин негизинде дүйнө элдеринин үшүн алган теракттар жасалып, эмдигиче токтобой келет, аларды атап айтуунун деле кажети жок. Кыскартып айтканда кандай гана мамлекет болбосун баскынчылык саясатын токтотмоюнча өч алуулар токтобойт. Артка кайрылып өткөн тарыхыбызды карасак экинчи дүйнөлүк согушта дагы баскынчылыкка каршы өч алуулар пайда болушкан душмандын тылында партизандар өч алып турушкан. Бирок согуш басылаары менен өч алгычтар токтогон, экинчи жагы өч

алуучулар согушка катышкан адамдарды, курал чыгаруучу заводдорду, курал жарактарды иштен чыгарууну көздөшкөн тынч жаткан элдерге тийишкен эмес. Бул өч алуучулар гумандуу болгондуктан кээ бирлери ордендери менен сыйланышкан. Мындай өч алуучуларды партизандык согуш деп койгонбуз. Акыркы өч алуучу уюмдарды Бен-Ладен башында турган, куугунтукка алышып кордук көргөн байлар, өч алгычтар уюмун дайыма материалдык жана башка жактан колдоо көрсөтүп, жаш кечтилерди уюштуруп жатуулары тынч жаткан элдерге коркунуч туудурбай койбойт. Ар нерсени эки жагдайлуу караш керек. Баскынчылар таяктын жоон башы менен чапса, өзүнө жок эле дегенде ичке башы тийерин унутпаш керек. Бирок таяктын башы Буштарга тийбей тынч жаткан Америка элдеринин жабыркап жаткандыгына, армиядагы балдарынын өлүмүнө күнөөлүү кимдер экендигин сезишкен элдер кичи Бушка президенттикке колдоо көрсөтпөйт деп ойлоймун. Бул Буштардын башына тийүүчү таяктын эпкини болмокчу.

Ачык асман, Ай жамынды жер бети,
Кандай сонун айлананын келбети.
Жылдыздардан тагынгансып шуурун,
Жарк дей түштү таза булак бермети.

Жашаш үчүн атың менен ар качан,
Кызыма да аны коюп албасам.
Сакташ үчүн «Айнур» деген атыңды,
Мен ар дайым ажал менен кармашам.

*** *** ***

**Кечиргин сүйөм деген жазыгымды**

Кааласаң каалабасаң сүйөм сени,
Ойлобо күнөөлүү деп буга мени.
Жактырып калгандыкты жаман көрбө,
Айтайын деген сөздүн ачык жери.

Сүйүүмдү сага айтпай жүрсөм эгер,
Көңүлсүз өтө берээр өмүр бекер.
Билбесең бул оюума сен баа берип,
Жүргөнүм бир сен үчүн текке кетээр.

Сүйбөсөң айла канча кайгырбайын,
Кур бекер сени декдеп сагынбайын.
Сүйөм деп жок сүйүүгө өзүмдү алдап,
Бараткан ак жолумдан жаңылбайын.

Андыктан айтчы курбум ачыгынды,
Кечиргин күнөөм болсо жазыгымды.
Сүйгөнүң башка болсо ага жеткин,
Бузбастан бара жаткан басыгынды.

*** *** ***

## Келчи жаным көңүл ачалы

Мен ал күнү сага кабылгам,
Баалуу болуп ушул табылгам.
Ушунчалык жакын сезилип,
Жүрөк эңсеп сени сагынгам.

Эң бир сонун сенин мүнөзүң,
Сыр билгизбей сыпаа жүрөсүң.
Кыйнай бербей менин жанымды,
Чынынды айтчы кимди сүйөсүң.

Сезимимди жалгыз ээледиң,
Сага арнап гүлдү теремин.
Ишенимди актаар бекен деп,
Сырлуу букет сага беремин.

Көрсөм сени көңүл жай болуп,
Жай аламбы гүлгө мен конуп.
Жүрөгүңдөн орун таппасам,
Гүл сыяктуу калам мен соолуп.

Келчи жаным көңүл ачалы,
Кубалайлы болсо капаны.
Убактыңды текке кетирбей,
Бирге жүрүп, бирге басалы.

***  ***  ***

## Сый жүрүштүк эмнегедир сырдашпай

Сүйдүм сени бирок аны айтпадым,
Түшүнөөр деп ал сүйүүмдөн кайтпадым.
Эчен ирээт билгизсем деп сырымды,
Айта турган сөздүн дайнын таппадым.

Сый жүрүштүк эмнегедир сырдашпай,
Кат алышып же болбосо кат жазбай.
Көз караштан билинүүчү сүйүүбүз,
Жолукканда турсак дагы үн катпай.

Бир жолкуда чымырканып тил кирип,
Мындай дедим мен оюмду билдирип.
Күтүп жүрүп сага бир ооз сөз айтпай,
Жибербейин башкаларга илдирип.

Дедим дагы кызды тике карадым,
Жообун күтүп эмне дейт деп санадым.
«Эмне дедиң кайра айтчы » - деп жылмайып,
Түшүнбөдүм катуу алды сурагын.

Бирок турду ак куу болуп учкусу,
Салган торун башкалардын бускусу.
Назик үнү «эмне дедиң айтчы» - деп,
Келип турду кайра — кайра уккусу.

***  ***  ***

## Көл жээгинде

Тааныштык көл жээгинде бир аз убак,
Билиштик атыбызды ал жай сурап.
Тартылган магниттер ошондогу,
Негедир мүнөттөрү эсте турат.

Ойлонуп элестетсем келет кубат,
Көз жумсам ошол элес карап турат.
Көркүңдү көрктөндүргөн жакшы мүнөз,
Көп адам бир өзүңө көңүл бурат.

Мүнөзүң сезимимди койду козгоп,
Мүмкүнбү оюбузду бирге кошсок.
Негедир перизаттай сезем сени,
Кол жеткис асмандагы Айга окшоп.

Болсоң да канча алыс кол жетпеген,
Үмүтүм бар бир өзүңдөн кетпеген.
Түнкүсүн таттуу уйкудан ажыратып,
Сен болдуң көз алдымда элестеген.

*** *** ***

## К — га

Кут болсун келе жаткан жаңы жылың,
Узун болуп өмүрүң жаша кылым.
Жашоодо чоң бактыны каалап сага,
Жазылды чын жүрөктөн ушул ырым.
Таң калба жашыбыздын арасына,
Айтылды жашыралбай ички сырым.

Көрбөсөм сени ойлоп сагынамын,
Көңүлгө элесиңди тагынамын.
Болсо да эки бөлөк турмушубуз,
Негедир сен дегенде чамынамын.
Өмүрдүн бышып турган жемиши го,
Оо жаштык бир өзүңө жагынамын.

*** *** ***

## З — га

Бир кезекте биз дагы сүйүүчүбүз,
Жалынына ошол оттун күйүүчүбүз.
Болсо дагы эки бөлөк турмушубуз,
Ынтымакта үй- бүлөдөй жүрчүбүз.

Таӊ каламын ошол турмуш кызыгына,
Карабаппыз ченемдүүлүк сызыгына.
Болсо дагы өзүбүздүн күнүбүз,
Күйүүчүбүз башка күндүн ысыгына.

Эми калды ал турмушум алыста,
Табитим жок аны издеп барышка.
Өтүп кеткен ошол жаштык кездерди,
Сурайбыз биз эми кимден карызга.

*** *** ***

## М – – га

Бак аралап айылыбыздын четинде,
Мен турамын сени күтүп кечинде.
Келчи жаным саат жетти болжошкон,
Эгер болсом мен өзүңдүн эсиңде.

Сенин этиң тийип кетсе этиме,
Жүрөк туйлайт жакшы жышаан сезиле.
Эмнегедир денем ысып дүүлүгүп,
Кан жүгүрөт кубарыңкы бетиме.

Кыйнабачы чала өлтүргөн жыландай,
Кыйналамын сенин сырың биле албай.
Мүмкүн сен да мага окшоп жүрбөгүн,
Сен да менин ич дүйнөмө кире албай.

*** *** ***

## Көрсөтсөм деймин үйүмдү

Сен өзүң жазгы гүлдөйсүң,
Ушунча токтоо сүйлөсүң.
Жаш эле туруп капырай,
Жылмайып неге күлбөйсүң.

Элестүү сенин мүнөзүң,
Тарткансып зымга жүрөсүң.
Кызыгы күчтүү махабат.
Тарттырып кимди сүйөсүң.

Көптөрү жүрөт жетсем деп,
Бетинен буюруп өпсөм деп.
Сүйүүмдү сага айталбай,
Жүрөмүн дайым сени эстеп.

Арнасам аппак сүйүмдү,
Айтаар бир белең үйүндү.
Арасын кошуп эки үйдүн,
Көрсөтсөм деймин үйүмдү.

*** *** ***

## Шакек ырдайт

Куттуктап Сиздин туулган күнүңүздү,
Каалаймын күбүлбөшүн гүлүңүздү.
Кут кылып бул заманды сизге, бизге,
Кубанычта сак- саламат жүрүүңүздү.

Туулган күн дайым артта кала берсин,
Жыл санап өмүр алга бара берсин.
Каалаарым чың ден соолук узун өмүр,
Тил жеткис жакшылыкты сага берсин.

Мен айтпаймын, Шакек айтсын сырымды,
Мен ырдабайм, Шакек ырдайт ырымды.
Туулган күнгө белек болгон бул шакек,
Сени менен кошо өткөрсүн кылымды.

*** *** ***

## Г — га

Бул сүйүүгө ушул жумуш себептир,
Иш түшкөндөн мактагандык эместир.
Жакшы адамдын жакшылыгын билгенде,
Сүйүү дагы, сыйлоо дагы керектир.

«Жараткын» - деп сүйгөнүңө жакшы ырды,
Белгисиз күч мага аны тапшырды.
Таң атканча көз алдымда элесиң,
Уйку келбей түн ичинде бастырды.

Өтө назик көрүнөсүң жүзүңдөн,
Айырмаң жок дана бышкан жүзүмдөн.
«Улуусуң» - деп мени уялтып кыйнаба,
Кала элекмин дагы эле күчүмдөн.

Сыйлашуу эки адамга тең болот го,
Адамдар бир- бирине бел болот го.
Сүйбөсөң айла канча мен көнөйүн,
Арнаган сөздөрүмдү сен жоготпо!

*** *** ***

## Автобустун ичинде

Баратканда келатканда ишимден,
Көрүнөсүң автобустун ичинен.
Эмнегедир ичим тарып кызганам,
Баспаса деп башка бирөө изинден.

Чоогуу түштүк автобустун ичине,
Жылгым келет сага жакын кичине.
Көз карашың сезимимди ойготту,
Эмне мынча чокту салдың ичиме.

Кармасам деп сен кармаган тутканы,
Умтуламын сени көздөй учканы.
Эгер турсак ээн жерде экөөбүз,
Турдум эле бек кучактап кысканы.

Сен түшкөндө мен каламын күйүнө,
Чоогуу түшсөк турбайт белем сүйүнө.
Айла жоктон сага жакшы ой каалаймын,
Жетсе экен — деп кырсыгы жок үйүнө.

*** *** ***

## Ай минип жылдыз кубалап

«Жетчи»-деп жылдыз суранат,
Мен ай минип, аны кубалап.
Жетээрде кетип ойгонуп,

Үзүлдү үмүт сугалак. Ушул түштөн кийин төмөнкү ырды жаздым.

Ай минип алган түшүмдөй,
Ар дайым үмүт үзүлбөй.
Өмүрдүн өксүк күндөрү,
Экөөбүз менен бүтүндөй.
Ал күнү көргөн түшүмдөй,
Алтыным келчи күтүлбөй.
Кылымга тете жаш жашап,
Сүйүүбүз жүрсүн үзүлбөй.
Күнүгө көргөн түшүмдөй,
Күн нуру чайган жүзүндөй.
Күүгүмсүз өтөөр күнүбүз,
Күн сайын көңүл бүтүндөй.

*** *** ***

## Мен сүйдүм бир кызды

Мен сүйдүм бир кызды,
Асманда жылдызды.
Жетем деп ага мен,
Кыйнаймбы кыргызды.
Мен сүйдүм бирөөнү,
Ал мени сүйөбү.
Эгерде ал сүйсө,
Жүрөгү бирөөбү.
Мен жүрдүм аны издеп,
Табам деп бактымды.
Кокустан табышсак,
Ага мен жактымбы.
Кыйналбай сүйгөндүн,
Көңүлүн таптымбы.
Кыйышпас адамга,
Мен өзүм акмынбы.

**Сөзү: А. Шермамбетовдуку**
**Обону: Р. Гапурдуку Бродяга киносунан**

*** *** ***

## Ж —га

Жактырдым жалжал көзүңдү,
Табалбай турам сөзүмдү.
Мурунтан тааныш болгондо,
Сүймөкмүн жалгыз өзүңдү.
Мүнөзүң жакшы чоюулган,
Чыкпадың эми оюмдан.
Атыңа затың окшошуп,
Жибек деп атың коюлган.
Кебезден жумшак мүнөзүң,
Кейитип кимди жүрөсүң.
Кезегим өтүп кетпесе,
Кемитпейт элем бир өзүм.
Гул бердиң мага жытта деп,
Түш көрүп мени укта деп.
Ортодо бүткөн сүйүүнү,
Башкалар менен бузба деп.
Акылдуу айткан кебинден,
Жашарткан мени деминден.
Мен садага болоюн,
Сага окшогон келинден.

03.06.98-жыл.

***  ***  ***

## ОРУС КЫЗЫ «К»га (КРИСТИНЕ).

Любовью дышат все народы,
И без любви не можем жить.
Любовь есть лучший дар природы,
И позвольте мне Вас полюбить?

Г. ЛЕНИНГРАД 07.11.1986-жыл.

***  ***  ***

# МЕНИН СЫРЛАРЫМ

## Гимнге кайырма

Кыргыздын мөөрү желеги,
Атадан калчу белеги.
Ыйык сактап өткөрсөк,
Урпакка тийээр кереги.
Ыйманы ысык элиме,
Ынтымак эми бер эми.

***　　***　　***

## Китеп тууралуу

Китепти сүй ата менен энедей,
Пайдасы көп зыяны жок кенедей.
Тааныштырып сыр дүйнөлүү ааламды,
Акылына акыл кошот ченебей.
Кийикти атып ал,
Китепти сатып ал.
Барактарын сындырбай,
Бапестеп аны катып ал.
Сатып алган китеп окулат,
Сансыз ойлор токулат.
Сапатын биле албайсың,
Окубасаң толук чокулап.

***　　***　　***

## Тил тууралуу

Адамдын куту карыда,
Пейилдин куту барында.
Кыргыздын тилин так сүйлөп,
Улуттун куту Нарында.
Кара кылды как жарган,
Калыстык болсо тагында.
Чындыкты айтып жатамын,
Туугандар мага таарынба.

***　　***　　***

# МЕНИН СЫРЛАРЫМ

## Гимнге кайырма

Кыргыздын мөөрү желеги,
Атадан калчу белеги.
Ыйык сактап өткөрсөк,
Урпакка тийээр кереги.
Ыйманы ысык элиме,
Ынтымак эми бер эми.

*** *** ***

## Китеп тууралуу

Китепти сүй ата менен энедей,
Пайдасы көп зыяны жок кенедей.
Тааныштырып сыр дүйнөлүү ааламды,
Акылына акыл кошот ченебей.
Кийикти атып ал,
Китепти сатып ал.
Барактарын сындырбай,
Бапестеп аны катып ал.
Сатып алган китеп окулат,
Сансыз ойлор токулат.
Сапатын биле албайсың,
Окубасаң толук чокулап.

*** *** ***

## Тил тууралуу

Адамдын куту карыда,
Пейилдин куту барында.
Кыргыздын тилин так сүйлөп,
Улуттун куту Нарында.
Кара кылды как жарган,
Калыстык болсо тагында.
Чындыкты айтып жатамын,
Туугандар мага таарынба.
*** *** ***

## Ж —га

Жактырдым жалжал көзүңдү,
Табалбай турам сөзүмдү.
Мурунтан тааныш болгондо,
Сүймөкмүн жалгыз өзүңдү.
Мүнөзүң жакшы чоюулган,
Чыкпадың эми оюмдан.
Атыңа затың окшошуп,
Жибек деп атың коюлган.
Кебезден жумшак мүнөзүң,
Кейитип кимди жүрөсүң.
Кезегим өтүп кетпесе,
Кемитпейт элем бир өзүм.
Гул бердиң мага жытта деп,
Түш көрүп мени укта деп.
Ортодо бүткөн сүйүүнү,
Башкалар менен бузба деп.
Акылдуу айткан кебинден,
Жашарткан мени деминден.
Мен садага болоюн,
Сага окшогон келинден.

03.06.98-жыл.

*** *** ***

## ОРУС КЫЗЫ «К»га (КРИСТИНЕ).

Любовью дышат все народы,
И без любви не можем жить.
Любовь есть лучший дар природы,
И позвольте мне Вас полюбить?

Г. ЛЕНИНГРАД 07.11.1986-жыл.

*** *** ***

# МЕНИН СЫРЛАРЫМ

## Гимнге кайырма

Кыргыздын мөөрү желеги,
Атадан калчу белеги.
Ыйык сактап өткөрсөк,
Урпакка тийээр кереги.
Ыймандуу ысык элиме,
Ынтымак эми бер эми.

***　　***　　***

## Китеп тууралуу

Китепти сүй ата менен энедей,
Пайдасы көп зыяны жок кенедей.
Тааныштырып сыр дүйнөлүү ааламды,
Акылына акыл кошот ченебей.
Кийикти атып ал,
Китепти сатып ал.
Барактарын сындырбай,
Бапестеп аны катып ал.
Сатып алган китеп окулат,
Сансыз ойлор токулат.
Сапатын биле албайсың,
Окубасаң толук чокулап.

***　　***　　***

## Тил тууралуу

Адамдын куту карыда,
Пейилдин куту барында.
Кыргыздын тилин так сүйлөп,
Улуттун куту Нарында.
Кара кылды как жарган,
Калыстык болсо тагында.
Чындыкты айтып жатамын,
Туугандар мага таарынба.

***　　***　　***

## Адамдын баалуулугу тууралуу

Адамдардын баалуулугу,
Анын байлыгында эмес,
Алган айлыгында эмес,
Келишимдүү келбетинде эмес,
Тагынган каухар-берметинде эмес,
Пейилинин кеңдигинде,
Кара кылды как жарган
Калыстык менен теңдигинде

*** *** ***

## Жаратылыш тууралуу

Жаратылыштын байлыгы,
Жан жаныбар үчүн,
Жаралган белек.
Аны сактай билип,
Коротпой туура пайдалануу,
Ар адамга керек.

*** *** ***

## Карыларды ыйык туталы

Убакыт өткөн себептен,
Жалбырак түшөт теректен.
Адамды адам багышат,
Чыкса да алар керектен.
Карыларды ыйык туткула,
Жалбырактай тебелебестен.

*** *** ***

## Теңир-Тоо

Теңир-Тоонун пайдубалы,
Алтын менен күмүштөн.
Бабам Манас баш болушуп,

Башка элдерди сүрүшкөн.
Алла Таалам бизге буюрган,
Кур калтырбай үлүштөн.

***        ***        ***

### Эрке бала тууралуу

Эркелетсең баланды,
Эртеңки күнүң караңгы.
Корс этип келип бир тийет,
Улууга айтпай саламды.
Өзүңөр күнөөлүсүңөр,
Жараткан мындай жаманды.

***        ***        ***

### Алтын той 1959-жыл 12-октябр үйлөнгөн күнүбүз

Үйлөнүү тоюбуз Мусаев Самар акебиздин үйүндө 07.11.1959-жылы өткөзгөнбү. Ал эми 06.11.2009-жылы 50 жылдык алтын тоюбузду Нарында «Корона» кафесинде өткөздүк.



Өмүр бою жыттоочу гүлүм болдуң,
Үшүгөндө жылыткан күнүм болдуң.
Ашса да 50 жылдан ак никебиз,
Эч качан эскирбеген сүйүүм болдуң.

Сактадык сүйүүбүздү дат бастырбай,
Саргайтып ынтымакты адаштырбай.
Жакшы жашап аралаштык жакшыга,
Түркөйлүктү жамандыкты жанаштырбай.

Улгайып экөөбүз да жеттик бойго,
Ынтымак жолун ачты ушул ойго.
Келиңиздер күбө болуп кеткиле деп,
Чакырабыз Сиздерди Алтын тойго.

Ынтымактын күбөсү бул алтын той,
Ырыскынын ширеси да алтын той.
Сиздер менен чоогуу олтуруп даам сызып,
Каалайт элек сиздерге да мындай той.

**Абдыразак Шермамбетов**
Нарын шаары 24.03.2014- жыл. .

***　　***　　***

**Өчпөс өмүр же бир ырдын тарыхы**

Эмне үчүн адамдар чоогуу жүргөн адамдардын жакшы жактарын көрүп, билип жүрсөк дагы, ал адамдын тирүү кезинде анын жакшы сапаттарын айтпай, ал сапаттарды көрсөк да көрмөксөн болуп, кайра тетирисинче көрөалбастык мамиле жазап ал адамдын кемчилигин издеп, эгер табылып калса аны ар кандай жакка чоюп, көбүртүп- жабыртып ушакты айтып жүргөн адамдарга кандай түшүнсөк болот? Бул эмне ич тардыкпы же кайдыгерчиликпи, эгер кайдыгерчилик болсо анда кемчиликтерге деле кайдыгер карап унчукпай калбайбыз.

Мени абыдан бушайман кылган нерсе эмне үчүн КЫРГЫЗДАРДА көрөалбастык көп, ушул жаман илдеттин айынан канчалаган чыгаан уул- кыздарыбызы тирүүлүктө

колдой албай, көзү өткөндөн кийин өкүнүп калганыбыз эмнеге татыктуу? Менин ушул жогоруда жазылган ойлорумду тастыктай турган 3 инсанды мисал катары жазгым келди.

1-АЛЫКУЛ ОСМОНОВ. Бул инсандын акындыгы, котормочулугуна, канча убакыт өтсө дагы буга теңдеше турган инсан жарала элек. Убагында бул адамга дагы, көрө албастар көбөйүп, мунун баалуулугун убагында билген адам болбогондугу мындай оорулуу акынга, бир моралдык жардам бере турган адамдын жоктугу ыйлагымды келтирип жатат. Мына жашым да тамып кетти. АЛЫКУЛ тууралуу атамдай болгон агабыз Манасчы бирден бир Манас жыйноочу ЫБЫРАЙ АБДЫРАКМАНОВДУН өкүнүп айткандарын ФРУНЗЕДЕ Герцен 64 үйүндө мен окуп жүргөндө чоогуу туручубуз, ошондо ар дайым өкүнүп, ал тууралуу көп нерсени айтуучу. Мен акмак болбогондо ошол айткандарын кагазга түшүрүп алсам болмок экен.

Көрсө экөөнүн тагдыры окшош экендигин кийин сездим. ЫБЫРАЙ акем дагы жалгыздыктын азабын тартып жүрүп өтүп кетти. Бирок АЛЫКУЛ өчпөс өмүрдү өзү жаратып кеткендиги КЫРГЫЗ элиме Ала-тоонун чокусуна ӨЧПӨГӨН шамды койгондой анын жаркын элеси сезилет. «Чындыгында эле Ала-Тоодо нечен бийик аты жок чокуларыбыз бар, ошонун бирөөнө АЛЫКУЛДУН аты берилсе жаман болбос эле»-деп

## АЛЫКУЛДУ эскерүү

Элиң окуйт таштап кеткен белекти,
Жериң эңсейт басып жүргөн элести.
Кыска өмүрдү өчпөстүккө айлантып,
Көтөргөнсүң АКЫН деген желекти.
Оору күчөп күндөн күнгө кайтпады,
Жалгыз гана эрмек болуп жазганы.
Жалгыздыктан жабыркаган акынга,
Жок дегенде үй бүлөдөн айтпады.
Найза өтпөгөн АЛЫКУЛДАЙ акынды,
Кууратып кургак учук алып тынды.
Поэзия күзгүсүнүн бирден-бири,
Кайгылуу күү черттирип сынды-сынды.
Өчүндү алып кургак учук оорудан,

Айыктырдым нечендерди ооруган.
Ал учурда арачалап калалбай,
Алып кетти ажал улук тооруган.
Элестетип эскеребиз өзүңдү,
Эстен чыккыс кылымдарга сөзүңдү.
АЛЫКУЛГА таазим кылып ар дайым,
Жазсам деймин окшоштуруп сөзүмдү
АЛЫКУЛДУН улуу жолун басайын
Ийне менен ыр кудугун казайын.
Окурманым ыраазылык айткыдай,
Сөздөрүмдү курак кылбай жазайын.
КЫРГЫЗЫМДЫН тил дайрасын узартып,
Ырлар акчу булак көзүн ачайын.

*** *** ***

## Бир ырдын тарыхы

Мен экинчи мисалга ала турган инсан, бул аял затынын periси ТАТТЫБҮБҮ ТУРСУНБАЕВАГА болгон ой жүгүртүүмө ортоктош болууңарды суранат элем. Мен ТАТТЫБҮБҮНҮ көрө элек элем, бирок угуучумун. Агасы НУРКАН ооруп калып биздин ооруканада бир жылга жакын дарыланып жатып калды. Мына ошол арада НУРКАН экөөбүз оорулуу катары эмес жакшы теңтуш катары мамилелеш болуп жүрдүк. Ошол убакта ТАТТЫБҮБҮ агасы НУРКАНДЫН ал акыбалын билиш үчүн эки жолу келип кетти. Биринчи жолу келгенде, жумуш бүтүп врачтардын бөлмөсүндө шахмат ойноп жатсам НУРКАН чакырып калды, эшикке чыксам «карындашым келди эле, гостиницадан орун алып берип келейин» деп суранды. Макул барып кел дедим.

Мен үйгө кете электе кайра келди, гостиницада орун жок экен деп. Бир нерсе айтчудай болгонун түшүндүм да медсестраны чакырып, алдыңкы этажда менин кабинетиме постел алып барып кой деп ачкычымды НУРКАНГА бердим. Эртеси эртерээк келсем кабинетим ичинен илинүү экен, байкабай тартып алыпмын. Ичтен ким деген аялдын үнү угулганда мен деп эшиктин ачылышын күтпөстөн үстүнкү этажга чыгып НУРКАНГА барып экөөбүз менин кабинетиме келсек эшик ачык экен. Кийими жупуну бир сулуу айым отуруптур.

НУРКАН карындашым ТАТТЫБҮБҮ деп тааныштырды, биз учураштык, врачымдын аты АБДЫРАЗАК, теңтушчулугубуз баарысынан артык деди. «Ушул сөз мени баардык жактан тушап койгонсуду». Мен мындай сулуу адамды биринчи көрүп жаттым, кандай десем, сөз менен кандай түшүндүрөрүмдү билбейм, бирок врач катары адамдын түзүлүшү жөнүндө түшүндүрмө берип көрөйүн. Жүзүндө чекесинен тартып, ээгине чейинки жайгашкан: каштары, көздөрү, мурунy, ээриндери, ээгине бири-бирине дал келишип бир дагы миллиметр ашык кеми жок жайгашкандыгы ТАТТЫБҮБҮНҮН жаратылыш берген сулуулук экендигин айтпаса болбос. Ал эми ички дүйнөсүн мен ТАТТЫБҮБҮНҮН агасы НУРКАНГА экинчи жолу келгенде бир аз убакытка баарлашканга мүмкүнчүлүк болгон, ошондо билдим. Ар бир сөзгө ак жана так жооп бергенинен анын ичинде кири жок, ак көңүл адам экендиги ар бир адамга ишенчээктиги, мамилеге ким да болсо тактыгы, ички дүйнөсүнүн сулуулугун тастыктап тургандыгы таң калыштуулукту туудуруп, мен өзүмдү бул инсанга теңдеш эместигимди сезип, ичимдеги ойлогон ойлорумдан эрте кутулууну ойлоп ТАТТЫБҮБҮНҮ гостиницага жайгаштырып коюп үйгө кеттим. Себеби, мен дагы ишенчээкмин ак көңүлдүгүмөн нечен жолу алданганмын. Эртеси больницадан жолуктум НУРКАН экөөбүз автобуска салып жибердик. Ошондон кийин көргөн жокмун.

Бир суроого ушул күнгө чейин жооп таба албай жүрөм. Сырты сулуу бир каралат, ичи сулуу миң каралат. Ичи-сырты тең сулуу кайдан жаралат??. Деп ТАТТЫБҮБҮГӨ төмөнкү ырды жаздым.

Сулуулуктун керемети сендеги,
Кошмосу жок таза алтындай кендеги.
Хан-салыкка сактап катып алчудай,
Байлыгысын бул замандын элдеги.
Көз ирмебей карап карек талыды,
Көрөалбастык байлабасын багынды.
Көргөн сайын жүрөгүмдү күйгүзөт,
Көрүнбөгөн күчтүү сезим жалыны.
Көргөн адам элесинди тагынды,
Өчүрө албай сен күйгүзгөн жалынды.

Айласыздан мен өзүмдү соороттом,
Белек кылып ушул ырлар сабымды.
Уктурду келбетиңиз келишкен,
Узун болсун өмүрүңүз периштем.
Сулуулукту сурап ала албайбыз,
Суранаарым сен сүйүүндөн беришсең.

«Бул ырлар ТАТТЫБҮБҮ биринчи жолуккандан кийин жазылган. Экинчи жолу жолукканда, бул акыркы куплетимди алып салдым. Себеби; НУРКАН экөөбүздүн теңтуштугубуздун негизинде мен ТАТТЫБҮБҮНҮ карындашымдай сезгендиктен».

Биринчи 3 куплет ырымды ТАТТЫБҮБҮ дагы бир жолу келип калса өзүнөн уруксат алып, ал тууралуу жакшы ой жүгүртүүмдү кошуп жазып, газета аркылуу моралдык колдоо көрсөтсөм деген оюм бар эле. Ал оюм ишке ашпай калды. Себеби, ТАТТЫБҮБҮ дүйнөдөн кайтып кетти. Ошентип мен адамдардын тирүүлүгүндө баасын бере албаганыбызга ЭКИНЧИ жолу өкүндүм. Бирок ТАТТЫБҮБҮ ӨЗҮН ӨЗҮ ӨЧПӨСТҮККӨ из таштап кеткендигине шүгүрчүлүк, - деп айтыш керек.

ҮЧҮНЧҮ жолку өкүнүчүм; чыгаан аткаруучу жана обончу ЫРЫСПАЙ АБДЫКАДЫРОВ тирүүлүгүндө бааланбай жүрүп өтүп кеткендиги өкүнүчтүү болгон. Бирок бул инсан дагы өзүнүн эмгеги менен ӨЧПӨС ӨЛБӨСТҮККӨ айланды.

Эми ТАТТЫБҮБҮГӨ арнап чыгарган ырларымдын тагдыры төмөнкүчө уланды. Бул ырымды «кимге арнаймын»- деген ой менин тынчымды ала баштады. ТАТТЫБҮБҮДӨЙ инсанды табып, ошого арнасам тирүүлүктө мен тараптан духовный жактан колдоп, көтөрмөлөө болоор бекен деген ойдо болуп, Кыргыздын классикалык ырларын, обондорун жакшы аткарган, комузда ойногонду билген, өң келбети келишкен аялзатын издей баштадым.

Акыры, С.С.ке токтодум да ТАТТЫБҮБҮГӨ жазган үч куплетти алып салынган 4- куплетти кошуп 5- куплет кылып анын ырчылыгы тууралуу ыр чыгарып, газетага бериш үчүн Кыргыз Туусунун редакциясына бардым. Кеңешип алыш үчүн, ал жерде таанышым ТӨЛӨН НАСИРДИНОВГО жолугуп, бул ырдын тарыхын айтып берип акыры С.С.ке токтогонумду айтып ырды сундум. Ырды окуп бүтүп, жакшы ыр экен С.С.

дегенициз ким деп сурады мен САЛАМАТ САДЫКОВА дедим. САЛАМАТТЫ көрдуң беле деп сурады, жок теледен эле көрүп жүрөм дедим. ТӨЛӨН каап көрсөңүз болмок дегенде эшиктен бирөө кирип аны ШЭФ чакырып жатат дегенде сөзүбүз бүтпөй үзүлүп калды. Ошону менен кийин ТӨЛӨН менен жолугушпай калдык, ал кайтыш болуп калыптыр.

Ошентип САЛАМАТКА кантип жолугам деп жүрсөм, кудай өзү жолуктурду. НАРЫН шаарынын 70 жылдык тою болуп калды. Ал тойго мекемелердин баары катышып, боз үйлөрү барлары үйлөрүн тигишип үйлөрү жоктор, союшун, дасторкондорун даярдашып, шаарга башка жактан келүүчү конокторду күтүп калдык. Биздин больницанын үйү жок болгондуктан эки Нарын мектеби тигип келген үйдө конок тозмой болдук. Биздин үйгө жогорку кеңештин депутаттары кирет дешти. Той болуп бүттү, конокторубуз келишпейт, көрсө бири-бири менен ыркы келишпей тарап кетишиптир, жалгыз КАДЫРБЕКОВ калыптыр. Ал мен жалгыз бир үйдү ээлебей эле коёюун деп өзүнүн тааньшы менен кетип калды. Эми биздин үйгө келүүчү коноктор ким болот деп тойду тейлегендерге айтсак силерге АСКАР САЛЫМБЕКОВ кишилери менен келет деп, аларды ээрчитип келишти. АСКАР анда Губернатор боло элек болучу. Баары 7 киши экен 3 аял, 4 эркек. Тамак ичип ортолоп калганда стакандарга арак куюлду. Тос айтыш үчүн, боз үйдүн ээси, мектеп директору АСКАРДЫ сүйлөп коюуну өтүндү. АСКАР бул жерде байкем отурат, байке сүйлөсүн деп мени көрсөттү. Себеби, АСКАР экөөбүз мурун жакшы тааныш эмес элек. Мектептин директору бала менен, мен мурун Кичи капчыгайда мергенчилеп жүрүп жолугуп таанышып бир топ жолу чоогуу да болгонбуз. Мени жакшы билгендиктен бул киши чоң врач аябаган чоң мерген деп мени мактап тос айтып коюңуз деди. Мен тос айтып бүтөөрүм менен эле АСКАРДЫН аялынын жанындагы бир аял келип менин жанымдагы бош стулга отуруп «Байке мен сизге заказ берейин, Үкү атып бериңиз» деди. Мен «Үкү азыр КЫЗЫЛ китепке түшүрүлгөн, чоң үкүлөр бийик зоолордо, жарларда күндүзү жашынып түнкүсүн гана жем издеп учуп чыгышат» деп сөзүмдү бүткөндө, АСКАР «байке бул айым САЛАМАТ САДЫКОВА деген белгилүү ырчы да, сизден суранам заказын аткарып коюңуз» деди. Мен АСКАРГА карата мейли аткарайын.

Бизнесмен иним түнкүсүн көрүүчү дүрбү табып берсе аракет кылам дедим да, баягы ТӨЛӨН НАСИРДИНОВДУН «каап көрсөңүз болмок» деген сөзү кылт деп оюма түшө калды.

Мен САЛАМАТТЫ теледен гана көрүүчүмүн. Аппак болгон сулуулугу бар болуучу, ал эми жанымда отурган САЛАМАТТЫН өңү да, колдору да кара, баягы сахнадагы шөкүлө кийген апакай САЛАМАТ жок, анын үстүнө жынсы кийим кийип алгандыктан тааныбай калыпмын.

Ошондо ТӨЛӨНДҮН айтканынын жөнү бар экендигин билип, башка киши изилдей баштадым.

Акыры РОЗА АМАНОВАГА токтоп анын аткарган ырларын дайыма көрүүчү болдум.

Бир жолу балдарымдын апасы, менин туулган күнүмө карата белек берип жатып бир дисканы кошо берди. Бул эмне диска десем, сен жакшы көргөн РОЗАНЫН ырлары, эс алганда угуп жүр деди. Мен аялымды мурункудан дагы жакшы көрө баштадым. Себеби, бирөөлөргө арнаган ырларыма ичи тардык кылбагандыгы, бул жерде чоң адамкерчилик жатат. Мен жолдошум экөөбүз тең РОЗАНЫ жактырабыз. Себеби; Кыргыздын классикалык ырларын чоң чеберчиликте аткаруу менен бирге комузду да черте билип, аткарып жаткан убакта, «кыйшаң-куйшаңы жок эстрада ырчыларын туурабай КИРГИЗДЕРДИН эмес КЫРГЫЗДАРДЫН көңүлүнө куп келип, жаккандыгы менен баалуу болгондуктан, жазалма «жылдыз» эмес, чыныгы Кыргыз элинин ЖЫЛДЫЗЫ десек эч жаңылышпайбыз.

Акылдуу адамдар батыштан келген «КЕЛГИН» эстрада ыр, бийлерин туурап, өңүгө албай куурап, «ак» ырларды ырдап, «жылдызмын» - деп жыргап, кара сөздү ыр кылбай, калп жеринен чыр кылбай, өзүн-өзү «жылдызмын» дебей, нукура жылдыздарды жебей, кыргыздардын руханий байлыгын жоготпой, «ак» ырларга убакытты коротпой, өзүбүзгө тийешелүү жүзүбүздөн айрылбай, өңүгө албай калып кайгырбай, өзүбүздүн МЕНТАЛИТЕТТИ сактаганда гана көч башында боло алабыз. Бирөөлөрдү туурабайлы, артында жүрүп куурабайлы. Мына бул жагдайдагы Кыргыздын класикалык жанрында, көчтү баштап келе жаткандардын бирден–бири РОЗА АМАНОВА экендигинен аны жакшы көрүп жактыргандыгым ошондо. Мына кудай

буюрса РОЗА өзүнүн таланты менен өмүрүн ӨЧПӨСТҮККӨ айлантты, мындай адамдарды тирүүлүктө да баалашыбыз керек.

Ошентип бул ырымды РОЗАГА арнап, компьютерге жаздырып, чекесине роза гулун салдырып даярдап коюп, мына берем, ана берем деп жүргүчө РОЗАНЫН ЖУМАЛИЕВ менен баш кошуп калганын уктук. Мен жолдошума кеңешип бул ырды РОЗАГА берсек КАНЫБЕК кандай ойлойт болду экен, «артык кылабыз деп тыртык кылып албайлы», анын үстүнө КАНЫБЕК түштүктүк, алар аялдарга ичи тарыраак болот эмеспи деп бул ырымды эмгиче бере элекмин. Себеби, дүйнөлүк практикада артистердин ажырашуусу көп болгондуктан.

Бул үй бүлөнүн бактылуу экендигинин күбөсү, балалуу болгондугу бизди аябай кубандырды.

Эми Сиздерге үй бүлөлүк ынтымак узун өмүр тилеп, КЫРГЫЗ элим руханий жактан байлыгыбызды кеңейтип, көч башында экендигибизди жоготпойлу деп төмөнкү ырга токтолом.

## Суранаарым сүйүүңүздөн беришсең

Уктурду келбетиңиз келишкен,
Узун болсун өмүрүңүз periштем.
Сулуулукту сурап ала албайбыз,
Суранаарым сүйүүңүздөн беришсең.
Көз ирмебей карап карек талыды,
Көрөалбастык байлабасын багыңды.
Көргөн сайын жүрөгүмдү күйгүзөт,
Көрүнбөгөн күчтүү сезим жалыны.
Сулуулуктун керемети сендеги,
Кошмосу жок таза алтындай кендеги.
Хан салыкка сактап катып алчудай,
Бул замандын байлыгысың элдеги.
Сен ыр ырдап кубандырдың элиңди,
Куттуктаймын жылдызга бай жеримди.
Жаратылыш жазагандай жараткан,
Кимдер сүйбөйт сага окшогон келинди.
Көргөн адам элесиңди тагыңды,
Өчүрө албай сен күйгүзгөн жалынды.

Айласыздан мен өзүмдү сооротом,
Белек кылып ушул ырлар сабымды.
РОЗАНЫН өзү сулуу, көзү сулуу,
Ырдап турса сөзү сулуу.

Дегеле бут денеси, ички дүйнөсү менен сулуу болгондуктан ичимден оргуп сыр чыкты, РОЗАГА ушул ыр чыкты.

Нарын шаары 1998- жыл...

*** *** ***

**Ааламга барчу жол айылдан башталат,**
**ал жолду билгендер ааламды башкарат**
**С С С Р дүйнөнү дүңгүрөттү!**

Ааламды билүү үчүн, өнүккөн чоң мамлекеттердин билимдүүлөрү, астрономия илиминин негизинде Ааламдагы планеталардын жайгашуусун изилдешип аны алысты көрүүчү, Офсербаториялык дүрбүлөр менен көрүп келишсе, билимдин өнүгүүсүнүн негизинде аларды жакындан көрүү үчүн, учуучу ракеталарды ойлоп табуунун негизинде, тирүү жандыктардын мындай шартта жашап кетүүсүн билүү үчүн, чычкандан баштап иттерге чейин учуруп көрүшүп, акыры 1962 - жылы дүйнөдө биринчи болуп СССР де адам баласын учуруп дүйнөнү дүңгүрөттү. Биринчи болуп ГАГАРИН учту. Мына ошентип СССР менен СШАнын ортосунда атаандаштык күчөй баштады. Ал учурда; Ааламды изилдөөчү академик СЕРГЕЙ КАРОЛОВ аял менен эркектин жынысынан башка айырмасынын жоктугун ВАЛЕНТИНА ТЕРЕШКОВАНЫ учуруп тастыктап койду. Менин оюмча ааламга учууда жогорку билимдин кажети жок экендигин ашкереледи. Болгону учууга чын денсоолук анан машыгуу гана керек экен. Жогорку билими жок эле ТЕРЕШКОВА айылдан келген билими орто (ткачиха) болгон. Айтайын дегеним; Ааламга барчу жол айылдан башталат, ал жолду билгендер ааламды башкарат. Бул СЕРГЕЙ КАРОЛОВГО тийешелүү. Ошентип ааламды өздөштүрүүдө СССРдин СШАдан ашып кеткендиги СССР дин элдеринин кубанычы чексиз болду. Менин кубанычым эки эсе болду. Мен бүгүн 30 жашка чыктым. Туулган күнүмө карата ушул оюмду жаздым. 07.07.1963- жыл. А .Ш

## Сөз кадыры

Бир жолу БАРЫКТАБАСОВ УРМАТТЫН чакырыгы менен колго барып калдым. Балыкчыда энесинин чоң үйү бар экен, алыстан келген конокторду ошол үйгө жайгаштырып жатышыптыр мен үйгө кирсем чоң залында 20 дан ашык адам бар экен. Улуулашып залдын бир жак капталынан орун алып калдым. Чай ичишип жатышкан экен, мага да чай куюлду. Отургандар мен келгиче башталган сөздөрүн улантыша башташты, баамдашымча Кыргызстандын ар тарабынан келишип, ар уруунун өкүлдөрү бар экен. Мындай учурда айрыкча аксакалдар арасында бири-бири менен таанышыш үчүн биринчи уруусун анан ата-тегин сурашат эмеспи, ошол салт боюнча сурашып анан санжырага өтүп кетишти.

Элден мурун төрдө отурушкан улуулардан башташты. Алар ар бир уруунун белгилүү адамдарын айтышып алардын баарын эле «БААТЫР»-деп жатышты. Эмне баатырдык кылышканын так айткан киши болгон жок. Мен уккандан Кыргыздарда МАНАС доорунан кийин баатырлар ар бир уруудан чыгышып, алар Кыргыздын элин-жерин коргоодогу эрдиктери менен белгилүү болушуп алардын үчөө ЖОЛБОРС чапкан. Алар АЖЫБЕК, БАЛБАЙ, ТӨРӨГЕЛДИ болгон.

Булар тарыхта такталган инсандар. Менин элимден суранаарым, Санжыраны толук билбегендер бурмалай беришсе, тарыхыбызда Тактык бузулат го деймин. Себеби: ОЛУЯНЫ, АКЫЛМАНДЫ, ЭЛЧИНИ, КӨЗӨМДҮ, ЧЕЧЕНДИ баарын эле «БААТЫР» дебей аша чаап мактанып жибербей СӨЗ КАДЫРЫН СЫЙЛАСАК тарыхыбыз дагы такталат го деп ойлоп отурганда, эшиктен УРМАТ кирип «кымыздан ичиңиздер аяш атам болот, аты АБДЫРАЗАК Ат-Башыдан кымыз ала келиптир» деп мени көргөздү. Бир сыйра кымыз ичилгенден кийин, тордо олтурган аксакал мага кайрылып, «кана балам сен Ат-башыда кимисинен болосуң» —деди. МЕН бул сөздү күтүп даярданып отургам, баатырларды айтып мактанбай черик элинин Нукура касийетин айткым келип мындай дедим.

Алыска ою жеткен,
Алганга колу жеткен.
Пейилди тар кылбаган,

Жашоону кар кылбаган.
Бийликке жутунбаган
Байлыкка кутурбаган.
Калпыска актанбаган
Калпты айтып мактанбаган
Кылымдын шеригимин,
Кыргыздын Черигимин. ,!

Десем «оо» даана черик экенсиң - деп улууларынан бирөө айтканда, сөз дым токтоду.

Тынчтыкты үй ээси бузуп «коноктор тамак бышып калыптыр эшикке чыгып эс алып келиңиздер» дегенде жабыла эшикке чыктык..

## Кыргыздардын сөздүгүн байытыш үчүн макал-ылакап, учкул сөздөргө кайрылуу керек

Андыктан: Унутулуп бараткан сөздөрдү макал-ылакап, учкул сөздөр менен жаштарыбыздын эсине салып, үйрөтүп туруш үчүн макал-ылакаптагы сөздөрдүн чечмелерин окутуу керек. Мисалы; «Бардарсыз Сөөлөт жок» «Мээнетсиз Дөөлөт жок».

«Ашык мээнет таш жарат, Ашык дөөлөт баш жарат» - деген макалда сөөлөт, мээнет, дөөлөт-деген сөздөрдүн маани-маңызын үйрөтүп окутушубуз абзел.

Тамандын изин Чарыкта калтыр, Тахтырдын изин тарыхка калтыр. Же «Чарыкка из калтыр, тарыхка иш калтыр» Чарыкта изиң калсын, Тарыхта ишиң калсын..

Төрөлгөн жердин ташы алтын, Акылдуунун башы алтын. Осмо кашты жейт, оору башты жейт. Жаманга жалалуу болгуча, жакшыдан жаралуу бол. Жаралуу айыгат, жалалуу кайыгат. Адам өзүн өлбөс кылчу өзү, айтылып калса эл оозунда сөзү.

Мына ушул макал-ылакап жана учкул сөздөрдүн арасындагы Кыргыздын эски сөздөрүн кийинки муундарга үйрөтүү менен кыргыздын сөз байлыгын көбөйтүүбүз керек.

## Менин учкул сөздөрүм

Деңиз толкуну жээктен бүтөт,
Адам толкуну азаттык күтөт.
Толкундар тоодой болсо,

Соболоң жерге түшөт.
Тынчтыкты көргүң келсе,
Штилде кароол күзөйт.
Денеси арык калың кийинет,
Акылы арык коздоп сүйлөгөнгө сүйүнөт.
Арамзанын сөзү арык,
Ач көздүн көзү арык,
Оорулунун өзү арык.
Арык адам көп жашайт,
Семиз адам көп ашайт.
Арык адам чатак,
Семиз адам жатак.
Ач көздүн колу катуу,
Арыктын жону катуу.
Этиң арык болсо болсун,
Бирок сөзүң арык болбосун.
Семиздин тышы муздак,
Иши супсак.
Төшөктү калың салса, уйку басат,
Төшөктү тайыс салса, уйку качат.
Аз сөз тойдурат,
Көп сөз койдурат.
Аба жетишпесе, өпкө жүрөккө күч келет,
Мурун менен ээринге, кара- көк тарткан түс берет.

Жамандык өтпөгөн баштан,
Жакшылык аз чыгат.
Алысты көрүп билбеген,
Жакынына каз чыгат.
Турмуштун тар жолунда,
Токтоолук кылсаң, чоң жеңишке жетесиң.
Эсиңди алдырып, шашкалактасаң,
Кийминди чечпей суу кечесиң.
Жумшак жерден, саз чыгат,
Катуу жерден, таш чыгат.
Өз кемчилигин билбеген адам,
Турмуштун ысык, суугуна кайыгат,
Өз кемчилигин сезе билгендер,

Андай өнөкөт оорудан айыгат.
Пейили кенен берген сайын жарыйт,
Пейили тар берген сайын карыйт.
Жакшы тоюнса, кадыр- барк түтөт,
Жаман тоюнса, терс кыял бүтөт.
Алачактын алкы бузулат,
Акыры бир күнү тутулат.
Элин ойлогон озот,
Өзүн ойлогон чөгөт.
Акылдууга эмгек аз көрүнөт,
Акылсызга эмгек жат көрүнөт.
Иштеген баш, башка окшош,
Иштебеген баш, ташка окшош.
Жамандан жакшылык күтпө,
Жакшыдан үмүтүң үзбө.
Көрөгөчтүк көздөн эмес өздөн,
Көрбөй туруп айтылган сөздөн.
Уруштун эң жаманы уруучулук,
Жумуштун эң жаманы ууручулук.
Байлыгыңа мактанба,
Жоктугуңа актанба,
Жазгы күнгө кактанба,
Күзгү күндөн сактанба,
Жазгы күн күйдүрөт,
Күзгү күн сүйдүрөт.
Күзгүдөн каранышкандарды көпкө,
Жерге бастырбай алып, алып учат өпкө.
Акылы аздын тойгонсуп калат,
Адамды зордоп туруп өпсө.
Күзгүдөн канчалык карансаң дагы,
Өзүндү - өзүң билүү абдан кыйын.
Башкалар сени көрбөсө дагы,
Сөзүңө карап сени билүү бир тыйын.
Анык күзгү ал ар адамдын өзү,
Анык тунуктугун айгинелеген.
Ал адамдын акылы менен сөзү.
Аялынды депутатка көтөрөм деп бузба,
Арам тамак жеп алып кузба.

Аялын жүрдөк болсо, аягын кишенде,
Аялың сүйлөк болсо, тилиң кишенде.
Жакшы аял зор кылат,
Жаман аял кор кылат.
Аялдын болсо акылы кем,
Ал адамдарга оңой болот жем.
Аялыңа сөзүң өтпөсө,
Эркектик намысыңды ташта.
Же кайрадан жашооңду башта,
Туура ойлоп акыры шашпа.
Аялыңдын - тилин алсаң,
Эл башкарам деп убара болбо,
Жакындардан бөлүнүп калсаң,
Аялың күнөөлүү экенин ойло.
Жакшы жетекчи,
Жалпы элге бирдей иштешет,
Жаман жетекчи,
Элин 2-3кө бөлүп тиштешет.
Жаман аял эр бузат,
Жаман эркек эл бузат.
Жаратылыштын байлыгы,
Адамдар үчүн жаралган белек,
Аны сактай билип коротпой,
Пайдалануу ар адамга керек.
Жүрөктүү ит бөрү басаар,
Жүрөксүз ит жытынан качаар.
Таш өйдө чыксаң жөлөк,
Кум ылдый түшсөң өбөк.
Сөз тапкан кутулат,
Сөз таппаган тутулат.
Жаман бычак мокок,
Жаман адам коркок.
Узун бойлуу, узун ойлууну паз ойлойт,
Узун чачтуу, жалтырак баштууну таз ойлойт.
Миңген атыңды жоорутпа,
Айбан да болсо көңүл оорутпа.
Акылдуудан адашпа,
Акылсызга жанашпа.

Билгендерден талашпа,
Отурган элди тажатпа
Жакшы сөздү айт,
Жаман сөздөн кайт.
Кийим кирдесе жуулйсуң,
Көңүл кирдесе суулйсуң.
Ысыкты убакыт суудурат,
Жылуулук жан жаныбарды туудурат.
Сарандын ашынан жашы бат чыгат,
Аласанды бербестен кайра өзүңө каз чыгат.
Сараңга берген буюмуң,
Сасыткы болгон жумуртка.
Бергениңди ала албай,
Бел байлайсың урушка.
Белен оокат пейилди бузат,
Берешен аял көзүн кызат.
«Сүйөм» - деп айтып коюу, оңой нерсе,
Ойлонуп айт андай сөздү, колдон келсе.
Бабниктин тили таттуу,
Баптистин дини таттуу.
Намыссыз эркек шыйрак куйкалаган шишке окшош,
Намыссыз аял көп эрден чыгуу көнүмүш ишке окшош.
Бирөөдөн кемчилик издегенди кой,
Биринчи өз кемчилигиңди жой.
Жакшы бала атын арытпайт.
Атасын карытпайт.
Баланды бөлүп тынасың,
Небереңден өлүп тынасың.
Сөз билгендики, ат мингендики.
Жалган ыйлай албайт,
Жаман сыйлай албайт.
Турмуштун өйдө - ылдыйы,
Туугандарды жат кылат.
Жетишпеген заманың,
Жетим тайды ат кылат.
Кыргыздын философиясы (жакшы жагы)
Дүйнөдө биринчиликти ээлеген анын учкул сөздөрү,
Кыргыздардын стихиясы: (жаман жагы)

Көралбастык менен мээлеген түрдүү түздөгү көздөрү.

Капалуу болгон адамга,
Кайрат айтуу эр керек.
Кыйынчылык заманда,
Ынтымактуу эл керек.
Ачкадан аман калууга,
Ар адамга жер керек.
Жерден жемиш алууга,
Кажыбаган бел керек.
«Жер эмгекти жебейт», - деп.
Оо Кыргыздар, Кыргыздар,
Иштейличи термелеп.

*** *** ***

## Учкул сөздүн уландысы, чаласынын курандысы

Кыргыздын философиясынын тыбышы бул макал-ылакаптын чыгышы. Анткени: макал-ылакап философиялык тил менен айтылат.

Кыйналышсыз эл оңолбойт..

Санаасыз жашоо болбойт.

Адамды чыйралткан жокчулук, атты туйлаткан токчулук.

Санаа карытат, жумуш арытат.

Жумуштун кары жетсе жетсин, санаанын кары жетпесин. .

Кедейсиз бай болбойт, кемерсиз сай болбойт.

Элдин байлыгы сансыз койлуулук эмес, залкар ойлуулук.

Бирөөнүн бересеси белден, аласасы жерден.

Булар кимдер, сурайлычы силерден.

Байлык тойгузбайт, барлык тойгузат.

Ичине ыйман кирсе жат нерсени коёсуң.

Ач көздөнүп алкыңды бузбай, суу ичсең да тоёсуң.

Ичинден ыйман качса, колу бутуң жамандык жакка басса.

Бир күнү абийриң кетээр шашпа.

Көңүлдүү көрүнбөгөн жипке байланат.

Көңүлсүз көрүнгөндөн кеңеш сурап башы айланат.

Жакшы көрсө жайына кой көңүлдү, кызганычтан кыскартпагын өмүрдү.

Акылдууну сөз менен байла, акылсызды арак берип жайла.

Көздүн тешиги, акылдын эшиги. Көз көрүп жазаган жумуш келечектин бешиги.

Аяласыз үйдө сулуулук жок. Жаткан жеринде жылуулук жок.

Сырты сулуу бир каралат, ичи сулуу миң каралат.

Ичи сырты тең сулуу, кайдан жаралат.

Жакшы аял туугандарды катыштырат, жаман аял туугандарды атышырат.

Эмчектин чыны келиндин сыны, булчуңдун чыны жигиттин тыны.

Аялэл көбөйтөт, эркек жер көбөйтөт.

Жамандык өтпөгөн баштан жакшылык издебе.

Өзөгү ийрини убара болуп түздөбө.

Кирдеген кийим муздак, кирдеген көңүл супсак.

Көйнөктүн кирин суу чыгарат, көңүлдүн кирин уу шарап чыгарат.

Дейт деген ушак, аны байкабасаң, өзүңө түшкөн тузак.

Мылтыктын огу бирди өлтүрөт, мыскылдын огу миңди өлтүрөт.

Мыскыл сөздүн таза булагы, демократянын куралы.

Мылтык жансыз курал, мыскыл кансыз курал.

Аларды туура пайдалан, бирөөлөргө болбосун убал.

Мылтыктуу көзгө кабылба, мыскылдуу сөзгө кабылба.

Сүйүп тамашала, бирок тамашалап сүйбө.

Сүйүүнү тамашага айлантып, бирөөнүн убалына калып жүрбө.

Эч бир жанга жасабаса жамандык, ал анын касиети адамдык.

Кең заманга керилбе, жалкоолукка берилбе.

Тар заманг таарынба, ичи тарга жагынба.

Көбөйтөм деп акчанды, көп пайызга малынба.

Токчулук ичип турган тамак, бараар жериң кабак.

Жокчулук эртеңкини ойлонткон унутулгус сабак.

Жакшынын баасы болбойт сата албайсың, жаманды жерге көмүпката албайсың.

Жакын туруп киришпесең үйлөрүнө, бир туугандар бир бирине бата албайсың.

Ток тамакты иргейт, ачка жарылаарын билбейт.

Карыздын жашын байдан сура, кайыштын жашын майдан сура.

Алсызды күчтүү кылган дүйнө, күчтүүнү алсыраткан түрмө.

Боло турган кырсыктан кутула албайсың, ал сага бөлүнгөн энчи.

Турмуштун тар жолунда токтоолук кылуу, ал адамдын кенчи.

Кырсык айтып келбейт.

Муктаждыктын эң кыйыны бул чындыкты табуу.

Иштерманга түн узун, жалкоого күн узун.

Уйкучуга түн кыска, сокурга күн кыска.

Акылдуу өзүн, акылсыз сөзүн күнөөлөйт.

Жериң сүттүү болсо, мекениң күчтүү болот. Базарың арзан болуп, казанына аш толот.

Адам карыганда төшөккө жакындайт.

Атка буту жетпей эшекке жакындайт.

Узун буттууга кыска жууркан жарашпайт, кыска көйнөк жарашат. Жолуккандын баарысы дагы өйдөрөөк болсо деп таңкалышып карашат.

Тил эки миздүү бычак. Аны абайлабасаң өзүңө түшөт тузак.

Узун тил бийликке чаян өзүңө зыян.

Конок болсоң табагына караба, кабагына кара.

Жакшы коңшу туугандан артык. Эч качан албайт айалыңды тартып.

Жокчулукка көнүшкүн, барчылыкты бөлүшкүн. Кайдыгер болбой кыргызга, намызың коргоп өлүшкүн.

Сөз чирибейт ирийт, суу ирибейт чирийт.

Сөз тапкандыкы, мылтык аткандыкы. Чээн жаткандыкы, кудук казгандыкы. Жол баскандыкы. Ашуу ашкандыкы. Акча тапкандыкы. Мал баккандыкы. Ыр жазгандыкы.

Сарандын ашынан жашы бат чыгат. Аласаңды бербестен кайра өзүңө каз чыгат.

Саранга берген буюмуң. Сасыткы болгон жумуртка.

Бергениңди ала албай бел байлайсың урушка.

Чындыгы бар элдин курсагы ток. Чындыкты табуудан чоң муктаждык жок.

Шашылып бүткөн окуу чала сабат. Шашылып койгон капкан чала чабат. Шашсаң жумушуң бүтпөйт, шашпасаң убакыт күтпөйт. Убайды тартсаң арыйсын, убакыт өтсө карыйсың. Убадалуу жарытат, убадасыз тарытат.

Куттуу үйдөн кур чыкпа. Кур чыгарса унчукпа капырай деп таң калып

Үшкүрүнүп тумчукпа.

Ээн баш эркек элин жутат. Ээн баш катын эрин жутат.

Катын көпсө көөнү бөлүнөт. Күйөөсүнө же бир тууганына көрүнөт.

Жаралуу айыгат. Жалалуу кайыгат.

Жаманга жалалуу болгуча. Жакшыдан жаралуу бол.

Каат турмуштун камчысы болгуча кургак чөлдүн тамчысы бол

Турмуштун ачуусун татпаган жашоонун кызыгына батпайт.

Чындык ачуу аны таттуу кылган тындык.

Улуунун сакалын сыйла, уруп койсо каяша айтпай ыйла.

Азыркылардын сакалына караба акылына кара.

Бал татыган жалган бар, буга ишенген арман бар.

Алдамчыга алданып ара жолдо калган бар.

Пейил кеңейсе байлык издеп табат.

Эркек эл табат, аял эр табат. Эркек элин багат, аял эрин багат.

Жаман чөйрөгө туш болбо, жалганчыга куш болбо.

Мээрими жок жылыткан жай күнүндө кыш болбо.

Баруучу багытыңды анда, басуучу жолуңду танда.

Мурунтадан тактап албай, көрүнгөн жакка манба.

Өйдө куласаң көз тийет, ылдый куласаң сөз тийет.

Ырыскыңды теппе, ылдый кулап кетпе.

Чыкпай турган үрөндү убара болуп сеппе.

Ниетиңди бузуп пейилиңди тарытпа.

Жаман жолго түшүп ата энеңди карытпа.

Туура сөз тууганга жакпайт, туюктан булак акпайт.

Камчыңды ташка чаппа, атыңды башка чаппа.

Балага акыл айтып, кемчилигин издеп какпа.

Сөз сыйлабас чоркок, чулугу жок торпок.

Кыз баланын териси жука, эркек бала тентиген бука.

Жакшы сөз даамдуу, жумшак, жагымдуу, угумдуу.

Жакшы сөз ширин, жаман сөз ириң.

Айтылган сөз атылган ок, абайлап колдон болбосун күйгүзгөн чок.

Аял заты сүйкүмдүүлүгү жана назиктиги менен күчтүү.

Ырыстууга байлангын, ысалууга кармалгын. Жектегенге жолобой, жетпегенге жалгангын.

Күн жылыбай жаз болбойт, жүн жыдыбай тас болбойт. Ниети жакшы адамдар бир-бирине кас болбойт.

Берешен адам бай болбойт, сараңга байлык жай болбойт. Бадалы жок жээгинде, сагызган учпас сай болбойт. Бирөөнүн элинде улуу болгуча, өз элиндин кулу бол.

Боз жыртылат, сөз жыртылбайт. Жакшы адам, тирүүлүктө өзү барктуу, өлгөндөн кийин сөзү нарктуу.

Өзүмчүл адам күтпөйт, бербестин шылтоосу бүтпөйт.

Үй сатып алсаң, кошунаңды кошуп ал, өйдө-ылдыйга болбостон баарын бирдей тосуп ал.

Аласасы бар береселүүнүн ден соолугун тилейт, береселүү аласалуунун өлүмүн тилейт.

Сейрек барсаң тууганга кадырлуусуң, дайым жүрсөң тууганда багылуусуң.

Кечиримдүү болбосоң жалгыз каласың, жаныңа кишпи жолобой жоого жалгыз барасың.

Темирди дат басса сырдайсың, жүрөктү дат басса ырдайсың. Өзүңдү сынагың келсе кошунаңа кара, Өзгөнү сынагың келсе өтүгүн кара.

Тил сөөксүз болсо дагы сөөгүңдү тешет, бычактан айырмасы кан чыгарбай кезет.

Жаман коңшу качырат, жакшы коңшу батырат.

Ууру менен карышкырдын айтмасы: Ууру алыстан албайт, карышкыр кошунасына кол салбайт. Айткан жаман айтпаган андан да жаман, салмактап көрүп бирөөң пайдалан.

Башка кайгы баш оорутпайт,басанаак адам ат жоорутпайт. Акыл менен айкалышса сулуулук, андайларда арбынырaак жылуулук. Угабы же укпайбы баары бир, убагында айтылуучу сөзулук.

Турмуштун өйдө-ылдыйы, туугандарды жат кылат. Жетишпеген заманың, жетим тайды ат кылат.

Билбеске айткан кайран сөз, өлгөнгө ыйлаган кайран көз.

Бөлүгү болбой жер болбойт, бөтөнү болбой эл болбойт. Бөтөндү болбой караган, адамдар акыр кем болбойт.

Эне үйдүн куту, бала үйдүн жуту. Ата үйдүн СОТУ болгондо, үйдө тең салмактуулук пайда болот.

ДҮКӨН: акча жүгүртүүчү жай, алдашпай соодалашсаңар болосуңар бай.

Сөздү: Түшүнгөндү таап сүйлө, түшүнбөгөнгө каап сүйлө. Ушакчыга угузбай, акырын оозду жаап сүйлө.

Жамандык менен жакшылык, таманың менен тилиңден. Адамдын өйдө ылдыйы, баш ичинде билимден

Өч албаса көңүлдөр, өлбөс болоор өмүрлөр

Ар нерсеге болсо ниетиң ак көрүп калаар сокур бак.

Уурунун учугу узарбайт уурусуң десе да кызарбайт.

Жазуучулар мезгилдин байкоочусу, соодагерлер, мезгилдин чайкоочусу.

Балаңдын кемчилигин өзүңдөн изде, кызыңдын кемчилигин аялыңдан изде. Аялыңдын кемчилигин камчы менен эмес, сөзүң менен түздө

Эл жерин сүйүп иштеген, эр жигитке парз болот.

Элине эмгек кылбаган, эси жоктор карс болот....

Адамдын сыны кутунда,

Аялдын сыны бутунда.

Буюрбаганга айла жок,

Ач көздүк кылып жутунба.

Тоонун көркү бийикте,

Мүйүздүн көркү кийикте.

Бакыргандын баары баатыр эмес

Бакырбагандар жакыр эмес

Караңгыраак жерде күч москоол болот,

Саясатташуу, өнүгүүгө тоскоол болот

Кунары жок айлыктан, кутурткан байлыктан сакта

Макал-ылакап бул түшүнгөнгө сабак, түшүнбөгөнгө жамак.

Жылуу сөз чаңкаганды сугарат, жыланды ийининен чыгарат

Кайышты катырбай майла, катыңды каяша айттырбай жайла.

Жат нерсени өз кылба, жараканы көз кылба.

Ушагын айтып бирөөнүн, жаман нерсени сөз кылба.

Көздүн күчү каректе, сөздүн күчү даректе.

Көрүнбөй чаккан бит болбо, көрбөй үргөн ит болбо..

Жаман сөз уйгактай, жабышса чыкпайт. Жакшы сөз сымаптай, тоголонуп жукпайт.

Өлүм чындык, эрте-кечпи бир келет. Бийлик жалган кээ адамга бир берет

***   ***   ***

## Дастандар

Жайытсыз жайлоо жайлообу,
Жасалма шайлоо шайлообу.
Дамкенди текке кетирген,
Дан бербес айдоо айдообу.
Жарытпас билим билимби,
Жарашпас кийим кийимби,
Дененин көркүн кетирген.
Шалпайган ийин ийинби,
Кыйнаган сөздүк сөздүкбү.
Кыстаган өтүк өтүкбү,
Кылтылдап көздү кызытпай.
Кылыксыз көчүк көчүкбү,
Салынбас төшөк төшөкпү.
Сарт минбес Эшек Эшекпи.
Кетирген тамдын көркөмүн,
Кыйшайган кешек кешекпи.
Куудулсуз күлкү күлкүбү,
Куйруксуз түлкү түлкүбү.
Катылган өмүр өткөнчө,
Пайдасыз мүлкү мүлкүбү.
Кеспеген бычак бычакбы,
Түшпөгөн тузак тузакбы.
Сүйгөнгө колуң оролуп,
Жетпеген кучак кучакбы.
Чындыксыз жалган жалганбы,
Чыкпаган арман арманбы.
Канчалык күчтүү болсо да,
Жыкпаган балбан балбанбы.
Күчү жок билек билекпи,

Күүсү жок жүрөк жүрөкпү.
Айлына бата кылдырбай,
Айтылган тилек тилекпи.
Тайгылган така такабы,
Көнбөгөн сака сакабы.
Кийимдин көркүн кетирген,
Кир болгон жака жакабы.
Чаппаган капкан капганбы,
Чарчабай баскан басканбы.
Чаалыгып келген Кезинде,
Чапанчан жаткан жатканбы.
Малаансыз чынар чынарбы,
Маанайсыз кумар кумарбы.
Алыста туруп үн салган,
Аскасыз Улар Уларбы.
Үнү жок Аңыр аңырбы,
Үйрү жок айгыр айгырбы.
Шамалга кеткен айдалып,
Шайы жок жамгыр жамгырбы.
Суусу жок балык балыкбы,
Суу жүрбөз арык арыкпы.
Сай сайлап качып карматпай,
Жыйылбас салык салыкпы.
Жыты жок арча арчабы,
Шору жок марча марчабы.
Шороюн элдин катырган,
Баасы жок акча акчабы.
Шайланбас өкүл өкүлбү,
Шарты жок өкүм өкүмбү.
Шаанисин баштын кетирген,
Шалпайган көкүл көкүлбү.
Ойнолбос оюн оюнбу,
Жылытпас коюн коюнбу.
Ийнине башы такалган,
Кыпкыска моюн моюнбу.
Жол жүрбөз кербен кербенби,
Жоруксуз мерген мергенби.
Ичинден тилдеп өзүңдү,

Ичи ооруп берген бергенби.
Жетпеген үмүт үмүтпү,
Жеңбеген күлүк күлүкпү.
Жаман кан толгон жерине,
Жабышпас Сүлүк сүлүкпү.
Жетпесең кууган кууганбы,
Жектеген тууган тууганбы.
Ургулап жатып жыгылган,
Жеңишсиз урган урганбы.
Из куубас тайган тайганбы,
Ичпеген айран айранбы.
Жазылып турса кызарып,
Иштеген майрам майрамбы.
Жоорутуп минген мингенби,
Жорутуп билген билгенби.
Ботосун издеп буркурап,
Бостобос Инген ингенби.
Жөлөксүз таяк таякпы,
Жоо жүргөн саяк саякпы.
Суусундук куюп ичпеген,
Сырдалган аяк аякпы.
Эки айткан сынчы сынчыбы,
Эл билген тынчы тынчыбы.
Жаныңдын жарпың жазбаган,
Жагымсыз ырчы ырчыбы.
Бышпаган аштык аштыкпы,
Башка өткөн жаздык жаздыкпы.
Уланып кызды сүйбөгөн,
Уйпалган жаштык жаштыкпы.
Сапатсыз буюм буйюбу,
Чаң чыкпас куюн куюнбу.
Пайдасын элге билгизбей,
Сатылган уюм уюмбу.
Ушакчы адам адамбы,
Узабас кадам кадамбы.
Мыжыккан ички сезимди,
Мыскылдуу салам саламбы.
Жалынсыз жүрөк жүрөкпү,

Жасалма чүрөк чүрөкпү.
Маанайын үйдүн кетирген,
Мас жаткан түнөк түнөкпү.
Арбыбас кылак кылакпы,
Акпаган булак булакпы.
Ириген сүттөй пейили,
Ичи тар ынак ынакпы.
Оорунсуз баян баянбы,
Ойношчул аял аялбы.
Чалынып бутта жүрсө да,
Чакпаган чаян чаянбы.
Чабылбас кылыч кылычпы,
Ачыбас кымыз кымызбы.
Укпаган кулак кулакпы,
Уйпалган тумак тумакпы.
Жалганды чынга айланткан,
Жалалуу сурак суракпы.
Мас кылбас шарап шараппы,
Майнапсыз талап талаппы.
Туугандар калыс болгула,
Тузу жок тамак тамакпы.
Күйбөгөн кайын кайынбы,
Күлдүрбөс шайыр шайырбы.
Кармашкан эки жаат болуп,
Касташкан айыл айылбы.

***          ***          ***

## Ат-Башынын тарыхынан бир үзүм

Табяттын таттуу жерин жердеген,
Эркиндигин Эч хандыкка бербеген.
Пейли кенен болгондуктан Чериктер,
Койнун ачып башкаларды кел деген.
Ошондуктан ынтымакта жашашат,
Башка жактан көчүп келген эл менен.
Кызын берип, кыз алышып той берип,
Көбөйүштү аз уруулар бой керип.
Кучакташып бир туугандай жашашат,

Айтышышпай сен башка уруу мен Черик.
Аталардын жолун жолдоп келишет,
Кичүүлөрү улууларга кол берип.

Xxx

Ак тонун чечпей жайда да,
Аскалар көккө сайылган.
Этеги жашыл тасмада,
Төрт түлүк малы жайылган.
Пейили кенен адамдар,
Берген сайын байыган
Ала-тоо Кыргыздардын Ата-Энеси,
Ала-тоо Кыргыздарды багаар кези.
Ала-тоону Ата-Энедей сактап алаар,
Кийинки урпактардын болсо эси.
Ала-тоону ардактайлы, сыйлайлы,
Ала-тоону даңазалап ырдайлы.
Арам ойлуу адамдарга кошулуп,
Ала-тоого чыккынчылык кылбайлы

*** *** ***

## Коомдун улуулугу жана сулуулугу аялзатына тийешелүү

Аялсыз үй муздак, жашоосу супсак:
Аялсыз үйдө сулуулук жок,
Жаткан жеринде жылуулук жок.

Жер жаралгандан бери миллиондогон жыл өтүп, Адам ата менен Авене бири-биринин бар экендигин сезишип, канчалаган жылдар издешип жүрүп кандайча жолугушканына күбө адам жок. Бирок биз канчалаган жылдардан бери, аял эркекке жана бири-бирине керек экендигин билип биздин ой жүгүртүүбүздүн негизинде, башка жаныбарлардан айырмаланып аял менен эркек биргелешип ким кандай жумушту аткарып келгендигин билебиз. Коомду түзүүдө аял затынын эркектерден кем эмес салымы бар. Анткени; Адам баласыз коом болбойт. Ал эми адам баласын жаратууда аялдын ролу зор. Эркек сээп койгон урукту, 9 ай денесине көтөрүп чоңойтуп, бул жарык дүйнөгө алып келген аял, жана ал «бечелди» багып чоңойтуудагы эмгегин ченеп билүүчү курал жок.

Коом жалаң эле адам затынын, жан - жаныбарлардын бардыгы менен эмес ошол айлана чөйрөдөгү жаратылышка жазаган көп кырдуу, көп сырдуу мамилеси менен улуулугун жана сулуулугун ар түрдүү жанрда белгилеп келген. Кайсы гана кылымды албайлы, бүт дүйнө жүзүндөгү абдан акылман ойчулдардын эң бир жакшы чыгармалары аял затына арналган. Коом аял затынын бардыгы менен кызык. Кандай гана легенда, эпос же жакшы чыгармалардын кызыкчылыгы ошол чыгармадагы аял затынын катышуусунда.

Алыс кетпей эле өзүбүздүн Манас эпосун ала турган болсок Каныкей, Айчүрөктүн ролу жана башка дүйнөлүк чыгармалардагы Фирдиоси, Саади, Омархаямдын аял затына чыгарган чыгармалары.

Леонардо Давинчинин сүрөттөрүндөгү жаратылыштын сулуулугун, аял затынын сулуулугу менен айкалыштырылышы: Француз акыны Байрондун аялдарга арналган сонаталарында аялсыз жашоонун дареметсиз экендигин белгилеп турат. Чынгызхан эмне үчүн 300 аял алган? Анткени: Ар бир чоң жүрүштөрдүн алдында улуу аялы Турхон-хотундун уруксаты менен кеңешчилери жаш кыздардан алып берип турган. Себеби: Күчүнө-күч, демине-дем, акылына-акыл кошулат дешкен. Чындыгында эле биз эркектер жолдо баратып аял көрсөк же аялдын жанында турсак дене боюбузду түздөп, өзүбүздү чыйракыраак кармаганга аракет кылабыз. Бул эмнелик? Бул аял затынын эркектерге берген сыйкырдуу күчү, экинчиден эркектердин аял затына таазим кылып, сыйлагандыгы.

Аялды «алсыз»-деген адам жаңылышат. Аял заты «алсыздыгы, назиктиги жана сүйкүмдүүлүгү менен күчтүү!». Баатырлардан ашкан баатыр аялдар болгонун билебиз. Мисалы: Кыз Сайкал, Жаңыл-Мырза, Джанна-Дарк. Жана экинчи дүйнөлук согушта канчалаган аялдар баатыр болушту. Согушка барбаган энелердин баатырдыгын айтса түгөнгүз. Мына бүгүнкү заманда аялдар эркектердин кийимин бекеринен тартып албаптыр, Анткени: Үйдөгү бийликти аялдар колдоруна алышып, үй бүлөнү багуу жагы аялдарга өтүүдө.

Себеби: аялдар эркектерге караганда ар нерсеге ийкемдүү, социялдык, экономикалык жагдайды жакшы билишээрин айгинелешти. Мурунку заманда аялы билген үйлөр чанда гана

болоор эле. Андай үйлөрдү, ушак-айын кылышчу көрсө, күйөөсү арабаны тарта албаса аргасыздан аялы тартучу. Азыркы заманда 70% үй-бүлө аялдардын багуусунда болгондуктан, аларга арнаган ырымды жазгым келди.

Жашоо үчүн ким да болбосун кыймылдаш керек, кыймыл аракетибиз менен адам баласы кылымдар бою жашап келе жатабыз. Бул жагдайда аялдардын эркектерге караганда, ийкемдүү экендиги көрүнүп калды. Мен муну менен эмнени айткым келет, жеке эле үй бүлөдө эмес, мамлекетти башкаруу жагдайда аялзатына кенен орун берип, аларга чоң ишеним көрсөтө алсак, эркектерден зирегирээк иштээрине көзүм жетип турат. Аялзатынын ишмердүүлүгү тууралуу мындай дээр элем, бир чечилбеген маселени эки эркек кээде чече алышпай кетишет. Эгерде ошол экөөнүн бирөө аял болгондо, аял тараптын ташы оорураак болуп, аял жактын пайдасына чечилип калуусу ыктымал.

Буга көптөгөн аргументтерди келтирүүгө болот. Экинчиден аялдын колунда укугу болсо, ошого өзүнүн баласын багып чоңойткондой аянычтуу мамиле жазап, жеп ичкенге кирбей, коррупция менен мафияга кошулбай элибизди ЭНЕ катары багуусу мүмкүн.

Аялдар патриоттуулугу жана демилгелүүлүгү жагынан эркектерден калышпайт. Бул жагынан аялдардын байкалбаган сыр дүйнөсүн биз эркектер биле бербейбиз. Эгерде мамлекеттер башында аялдар туруп, коомду аялдар башкарса, дүйнөдө мынчалык согуштар болмок эмес. 1-2-дүйнөлүк согушту жана андан кийинки граждандык согуштарды баштаган жалаң эркектер болууда..

Кыскартып айтканда аял затынын мамлекет башына келүүсүнөн зыян тартпаганыбызды РОЗА ОТУНБАЕВА тастыктап койду. Айткан сөзүндө туруп, мамлекетибизге ЭНЕЛИК милдетин аткарды! Мындан башка эң көрүнүктүү мисал: АИДА САЛЯНОВА 5 эркек жазай албаган жумушту кыска мөөнөттүн ичинде жазап, коррупция менен мафиянын башында турган АЖЫДААРЛАРДЫН жаагын айыргандыгынан «таза» эмес депутаттар, чиновниктер жана чоң бийликтегилердин корккондуктары, өкмөт башчыны туура эмес чечимге бардырды. Бул жерде бир суроо туулду? АИДАНЫ Президенттик шайлоодо

хандыгынан башка хандыктардын бирине да баш ийбеген эркин уруулардан болгондуктан, балдарын орустардын кулдугуна, кыздарын күндүгүнө бербеш үчүн, чырдын башы ушундан чыгат. Тактап айтканда чериктер эркиндик үчүн кырылышканы чындык. Бул сиздин айткандарыңыздын анча-мынча туура жагдайлары. Ал эми экинчи чоң качкында чериктердин 1 күнгө мурун качуусунда эки бөлөк ойлор бар. 1-си; Бүт Кыргыздардын качабыз деп сүйлөшкөн күнүнөн 1 күнгө жаңылыштык кеткен.

2-ой; башка уруулар чериктерге чыккынчылык кылышып, алардын мал-мүлкүн ээлеп калыш үчүн жана орустардын качкындарга кандай мамиле жазаарын күтүшүп, көбү аман калышкан. Сиздин айткандарыңыздын эң калп жери «чериктер качып баратышып зоолорго камалышып учуп өлүшүп аман калгандары өзүлөрү менен кошо ала жүрүшкөн чийки картошкаларын «БАБЕДИН» үчүн жешкен» - дедиңиз, мунунуз жеткен калп. Биринчиден; черик элинин көпчүлүгү жалаң мергенчилик менен чоңоюшуп зоочул келишет, зоодон учуп өлдү дегениңиз калп. Экинчиден; Черик эли ал кезде картошка дегенди көргөн да эмес. Чийки картошканы жесе, чериктерди ээрчип качышкан башка уруулар жешип «бабедин» кылгандыр. Черик эли ушу күнгө чейин этке картошка эмес камыр кошконду каалашпайт. Үчүнчү калпыңыз; чериктер «суу жүрөк-коркок эл болот»-дедиңиз. Коркок эл таягы менен пулемотко каршы чыга алабы?, коркок элден баатырлар чыгабы?. Мурункуларын айтпай эле коёюн, кийинки Ата мекендик согушта Кыргыздардан аман келген эки баатыр, экөө тең черик десем, бирөө сурап калды, «кимдер» - деп алар АСАНОВ ДАЙЫР, ЧОРТЕКОВ АНБАРБЕК дедим.

Төртүнчү калпыңыз жагдайыңыз төрдө отурган чүкөдөй аксакал өзү көлдөгү жалгыз черик экен, сиздердин кайсы уруудан экенинерди билбейм, силердин көзү өтүп кеткен маркумуңарды акыркы сапарга сыйнатын өткөрүп- узатыш үчүн атайлап чакырылып наркы өйүздөн келген адамды, «чакырыпургандай» кылдыңыз.

Бешинчи туура эмес жериңиз, «чериктер жаман эл болот»- дедиңиз, ЖАМАН ЭЛ БОЛБОЙТ, ЖАМАН АДАМ БОЛОТ. Сиз жаман адам экенсиз десем эле анын өйдө жагында отурган сакалчан чоң киши «мына ушуну көрмөксүң» деп шилиге бир койгондо тышкы киймин колтуктап эшикке жөнөдү. Үй ээси

токтой турунуз тамак даяр болуп калды дегенге болбой эшикке чыгып кетти. Эртеси топурак салган жерге да келген жок. Аны муштаган чоң киши агалары болот экен, эртеси уктум..

**Акылдууну сөз менен байла, акылсызды арак менен жайла**

Депутаттар экиге бөлүнөт:

1 - Депутат болгон адам, мандаты бүткүчөктү аны шайлаган шайлоочуларына дайыма карыз экенин билип, ошол элдердин суроо-талаптарын так аткаруунун үстүндө,чыгармачылык менен ак иштеп, элинин социалдык, экономикалык жана духовный байлыктарын, өстүрүп-өнүктүрө алган депутат; Ал элдик депутат болуп, элинин урмат-сыйына татыктуу болуп, бүткүл эл алдында жүзү жарык жүрө алат.

2 - Ал эми акча берип шайланган депутат, өзүнүн кызыкчылыгы элдикинен артык болуп, элдин кызыкчылыгы үчүн парламентте бир дагы ооз ачпай отурушуп депутаттык мандаттары бүтөт.

Жогоруда жазгандарым кур болбос үчүн мисал келтирейинчи;

Эмне үчүн түштүктүк депутаттар түндүктөгүлөрдүн мүдөө-талаптары үчүн сөз кылышпайт, аргасыздан бир азыраагы кол көтөрүү менен гана чектелишет. Себеби алар элдерден добушту сатып алышкан, ал элдерге бересе эмес. Депутаттык мандаты бүткүчөктү, шайлоо убагындагы жоготкон акчасын 2-3 эселеп көбөйтүп алуусу керек. Мындай депутаттарды мергенчинин тили менен айтсак: «Бир ок менен эки коён атат»-деген ушул: 1- Ал депутат болот, 2-чыгарган чыгымын 2-3 эсе көбөйтүп алат.

Эми шайлоочуга келсек, өзүнүн келечекте келе турган 5 жылдык укугун (добушун) сатып, убактылуу анча мынча садагага алданган элдин ошол депутаттан эмне аласасы бар?

Экөөнүн ортосундагы аласа-бересеси шайлоонун учурунда эле бүткөн. Мындай учурда ушундай депутаттын эл менен жолугушууну деле көп каалабайт. Аргасыздан элдин көзүнчө баягы бир ок менен аткан эки коёндун биринчисине таянып эптеп бирдемени айтып кутулуп, ИЧИНЕН («көп былжырабагылачы силер менен аласа-бересем нечак бүткөн») - деп, «ӨЗҮМ ДЕГЕНДЕ ӨГҮЗДӨЙ КАРА КҮЧҮМ БАР»-деп өз жумушун

бүтүрүп парламентке келгенде уктап отуруп, чочуп баарына эле кол көтөрө берип мөөнөтүн бүткөрөт.

3 - Ал эми, акчага алданбай туура иштей турган адамга, добушун берип, ал адамды депутаттыкка көтөрө албай калган эл эмнени жоготту? 1-ден эл өкүлү туура тандалган жок. 2-ден коррупциянын жолу ачылды.

Өткөн бир шайлоолордон кийин эл ичинде мындай деген ылакап калган «ЭЧКИНИН баасы АТ-БАШЫДА 700 сом Сатылган шайлоочунун баасы 200 сом» - деген.

Укугунду сатып байланып,
Убактылуу садагага алданып.
Кадырын билбей укуктун,
Кайрандар калды жайланып. Деген макалга айланбасаңар демекчимин. А. Ш. Нарын шаары.

*** *** ***

## Ынтымагыбыз кут болсун!

Жети дубан Кыргыз эл,
Ар тараптан келишти.
Атактуу Соң-Көл жайлоодо,
Азыктардын баатыры.
Андаштын тоюн беришти,
Өткөргөндөр бул тойду.
Союшун абдан союшту,
Азык уруусун чогултуп.
Таанытып элге коюшту,
Барган коноктордун баарысы.
Улуу-кичүү, карысы,
Буга ыраазы болушту.
Уруулары Кыргыздын,
Чачырап кеткен жылдыздай.
Түндүк-түштүк баарында,
Жашашып жатат Кыргызбай.
Түшүнгөн элдин баарына,
Бул бөлүнүү эмес-ынтымак.
Ынтымактуу болушсак,
Чыр-чатакты коюшсак.

Кыргыз эл өсүп-өнүгөт,
Дүйнө элине таанылып.
Жылдыздай болуп көрүнөт,
Эми ынтымагыбыз кут болсун.
Ырыскы толуп жериме,
Кыргыз элиме кут консун.

21-июль 2012-жыл

*** *** ***

## Мамлекетибиздин боосу бек болсун!

Быйыл Кыргыз Республикасынын өз алдынча түтүн булатып, мамлекет болуусуна 23 жылдын жүзү болот. Дегеле карт тарыхыбызга кайрылып, сары эсеп сала келсек окумуштуулардын изилдөөлөрү боюнча, Кыргыз-Кыргыз болгону экинчи жолу өз мамлекеттүүлүгүнө ээ болуп, азыркы илим менен техниканын өнүккөн кылымында башка элдер менен тең катар турмуш кечирип келебиз. Экинчи жолу демекчи; Кылымдар кыйрындагы бир чети элибиздин сыймыгы болгон МАНАС бабабыздын тушунда, «кулаалы таптап куш кылган, курама жыйып журт кылган, үзүлгөндөр уланган чачылгандар жыйналган». Кырк уруу Кыргыз биригип күчтүү Кыргыз мамлекети түзүлгөн эмеспи. Андан бери жылдар жылга алмашып дегендей, Кыргыз эли далай жолу бирде ички, бирде сырткы душмандарынын кысымынан, колдон найза, белден кылыч түшпөй элди жерди коргогон далай эр азаматтар ат үстүндө Кыргыз элимди кылымдар бою сактап келгени белгилүү. Чайпалсак да төгүлбөй, чачылсак да бөксөрбөй, оомал- төкмөөл заманда мамлекетибиз болбосо да, тар жол тайгак кечүүлөрдө кайрадан биригишип, сырткы душмандарына татыктуу сокку берүү менен өзүнчө улут катары сакталып келдик. Демек, ынтымак менен биримдик гана тигил же бул элдин, улуттун сакталып калышына, анын өсүп-өнүгүүсүнүн бекем пайдубалы болоорун турмуш да, карт тарых да эчак эле далилдеп койгон.

Республикабыз өз алдынча мамлекет болуп жарыяланган алгачкы жылдар оор болгону менен бүтүндөй эли- журтубуздун келечектен күткөн тилектери оптимисттик маанайда эле. Кыргызстан бир нече жылдан кийин өнүккөн мамлекеттердин

катарына кошулаарына көмөкчү боло турган, билимдүү кадрларыбыз, жетиштүү жер ресурстарыбыз бар эле. Бирок тилекке каршы, биринчи президент тарабынан жана анын айланасындагы айрым мамлекеттик чиновниктердин өлкөнү өнүктүрүүдөгү туура эмес жүргүзгөн эксперменттеринин аркасында өлкөнү убада кылган деңгээлге жеткире алышкан жок. Элдин турмуш- тиричилиги жакшырбай Союз мезгилиндеги завод, фабрикалардын баары токтоп, жумушсуздар көбөйүп, өлкөбүздө иш таппагандар, айрыкча жаштарыбыз чет өлкөлөргө жумуш издеп кете баштаашты. Эгемендүүлүктүн 23 жылы карт тарыхтын көз ирмем гана убактысы. Мына ушул 23 жылдын ичинде элибиз кылымга тете окуяларды башынан кечирди. Ал эми ошол учурда бийлик башындагылар өлкөдөгү абалга толук баа берүүнүн ордуна, бийликти кармап калуунун ар кандай айла-амалдарын издей баштады. Президенттин уулу, кызы жана жакындары көз көрүнө эле бийликке умтулушуп, шайлоонун жыйынтыктары бурмаланып, бийликтин адамдарына административтик ыкмалар колдонула баштады. Ал эми бийликке жакпагандар куугунтукталып, элибиздин биринчи наапазычылыгына алып келди. Мына ушундай наапазычылыктын башаты Аксыда башталып, 6 адамдын өмүрү кыйылды. Акыры жедеп чыдамы кеткен элдин толкундоолору күчөп, 2005- жылдын март айында Президент А. Акаев өлкөсүнөн качып кетүүгө аргасыз болду.

Тилекке каршы кийинки Президент К. Бакиев Элибиздин үмүтүн уурдоого гана жетишти. Чындыгында эле бүтүндөй калкыбыз кийинки Президенттен өткөндүн кемчиликтеринен жыйынтык чыгарып аны кайталабайт, калыс башкаруу жүргүзөт деп үмүттөнгөн эле. Тескерисинче жыл айланып, айланбай эле, Кыргызстан бир үй-бүлөнүн башкаруусунда кала баштады. Мамлекетибизге ири каражат алып келүүчү ишканалар менчиктештирилип же сатыла баштады. Өлкөнүн экономикасы начарлагандыгынан аз эле жерден ХИПИКке кошула жаздадык. К. БАКИЕВдин үй-бүлөлүк режими, өлкөнүн өсүп - өнүгүүсүн экинчи планга калтырып, мамлекеттин байлыгын өздөрүнө топтоп, өздөрүнө жакпагандар белгисиз себептер менен көздөрү тазаланып турду. Бакиевдин бул режимине чыдабай НАРЫН шаарында курамы 21 кишиден турган демилгелүү топ каршы чыгып, биринчилерден биз наапазычылык акцияны өткөрө

баштадык. Бийлик артыбыздан түшүп коркутуп- үркүтүп, камап да көрүштү. Бирок биз аягына чейин турдук. Бизди эл колдоп жатты. Натыйжада биздин көзүбүздү биротоло тазалоо пландары ишке ашпай калды. Мен ошол Апрель революциясынын активдүү мүчөсү катары 7- апрель күнү курман болушкан баатыр жигиттерибизге, алардын үй-бүлөлөрүнө, ата-энелерине жана жакындарына башымды ийип дайыма таазим кылам. Жаздын келиши менен оппозициябыз деген топтордун баш көтөрө баштаганы менин дайыма тынчымды алат. Кыргыз элине башыбыздан өткөргөн эки революция, айрыкча акыркысы, эки элдин ортосуна жик салган түштүк окуялары жетишет дейт элем.

Тынчтык болбогон жерде эч кандай өсүп- өнүгүү блобойт. Биздин бөлүнүп жарылганыбыз, биримдигибиздин жоктугу башка өлкөлөр үчүн пайда алып келбесе, бизге зыяны гана тийет. Зыяндын кесепети карапайым элдерди гана кууратаары шексиз. Деги эле бүгүн курултай деп ар кайсы жерде жыйын өткөрүүгө аракет кылган топтордун түпкү максаты бийликке келүү экендиги эч кимге жашыруун эмес. Курултай деген эмне? Курултай бул салыштырмалуу айтканда эсил кайран СССРдин тушундагы беш жылда бир өтө турган партиялык сьездге барабар болушу абзел эле. Буга бүтүндөй республиканын булуң бурчунан жыйындарды өткөрүп, анда шайланган делегаттар катышып мамлекет башчысынын жазаган иштери тууралуу билдирүүсүн угуп, ага оң же терс баа берилүүсү тууралуу маккамды баш мыйзамга жазылышы керек эле. Ушунун жоктугунан, башаламандыкка жол ачылып, бир ууч топ жалпы элдин атынан «курултай өткөрөбүз» дегенди токтотуу керек! Дагы бир айтпай коюуга болбой турган маселе: Кээ бир көрүнүштөр баш мыйзамга каршы келсе дагы аны билмексен болушуп (мүмкүн чын эле билишпесе керек). Ошол эле жогорку кеңештеги депутаттардын арасындагылар, карапайым жарандарды козутуп коюшуп, мыйзамга каршы аракеттерди жазашууда. Сөзүм кургак болбосун үчүн А. Келдибековду колдогондор, башкы прокурорго барышып, аны «үй түрмөгө чыгарып бер» дешип Коррупция менен камалып жаткан адамды үй түрмөгө чыгаруу, бул качыруунун амалы дейт элем. Себеби; мен да өмүр бою сөөк дарыгери болуп иштеп келгем, тизеге

кайсы убакта кандай операция жазаш керек экендигин билем. Мунун баарын айтып отуруунун кажети жок.

Эми өлкөбүздөгү акыркы саясый окуяларга токтолсом; Коалициянын бузулушу менен акыркы эки жылдын ичинде, дагы бир өкмөт башчысын кетирип тынышты. Ансыз да Кыргызстан эгемендүүлүккө ээ болгондон бери 25би же 26бы премьер которулду. Минтип отурсак, премьер качан кетээрин ойлонуп отурса иш жүрбөйт да. Качан болбосун ит талагандай эле талап жатышат. Мындай көрүнүш улана берсе, баарыбызга премьерлик кезек жетет го деген ой туулушу мүмкүн. Ошондуктан көпчүлүктүн сунушу боюнча баш мыйзамды 2020-жылды күтпөй толуктоолорду киргизүү мезгилдин талабы болуп жүрбөсүн. Анткени; Кыргыз эли кылымдар бою өзүбүздүн менталитетибизден, рух-дөөлөтүбүздөн алыстабаган өзүбүзгө тийешелүү идеологиябыздын алдында жазылбаган мыйзам катары, кылымдарды карытып күчтүү мамлекет болуп келгенибиз тарыхта турат. Башка жактардан көчүрүлүп келген мыйзамдар, денебизге сиңбей, каныбызга кирбей, эң башкысы мыйзамчылардын өзүлөрүнө сиңбей, ооз жүзүндө айтылып иш жүзүндө аткарылбай жатышы өкүнүчтүү!.

Кыргыз мамлекетин туш- туштан бөлүп кетүүнү каалаган күчтөр көп. Элибиздин улуу эпосу болгон Манас трилогиясындагы Абыке менен Көбөштөр, бүгүн өзүбүздүн ичибизден чыгып жаткандыгы да өкүнүчтүү. Эл баарын көрүп турат, эл өзү тараза деген сөздөр бекеринен айтылбаса керек. Айтайын дегеним; убагында эл үчүн жарытылуу иш кылбаган, бирок элдин таламын талашымыш болуп өздөрүнүн пайдасы үчүн саясий упай топтоого жан далбас урган, «жыттуу» саясатчыларыбыз мурдунан алысты көрө албаган максаттары, элибизди тынч койсо экен деген тилек.

Саламаттыкты сактоонун ардактуу кызматкери, Нарын обулусунун ардактуу атуулу, 7-Апрель революциясынын Эл баатыры А.Ш.

## Өткөөлдөгү башаламандык

Мамлекетибиз жаңы доорду башынан өткөрүп, кыйынчылыкты көп көрүп, тар жолду басып, тайгак ашууну ашып, табылган кендерибизди ала албай турганда казып, эл

арасынан чыккан ач көз шылуундар Кытайга темир менен жезди сатып, эми аллюминийге киришти шашып. Электрдин тогу жүргөн зымдарыбызды кыйып кетсе, калабыз го жарыгы жок шорубуз катып. Ушундай өзүбүздү өзүбүз талап, жардам кайдан келет деп батыш менен чыгышты карап, ошого жооп таба албай, акимчиликтер отурушат эмнени самап. Ажобуз болсо жумшактык кылып, чөйрөсүндөгү адамдардын ысыгына чыдай албай жашып турган мезгилде, жардам кылбай кетпейли качып. Бул менин оюм жеке эле өкмөт башчыларыбызга тийешелүү болбостон, жер-жердеги акимчиликтерге да тийешеси бар. Анткендиги; Президентибиз жана өкмөтүбүз биздин ааламга кучагын жайган тоолорубуздун арасындагы байлыктардын баардыгын биле берүү кыйын. Аны жергиликтүү эл оңой жолдорун билишет. Акимчиликтегилер элди ойлошпой өздөрүнүн кызыкчылыгын көздөшүп, союздан калган байлыктарды талап, тоноп сата башташты. Кеп ишти төбөсүнөн баштабай, акырын аяк өйдө баштоо керек да. Менин сиздердин көңүлүңүздөрдү бура турган нерсе; Биздин Нарын өрөөнүндө болгон жана болуп жаткан, кыйынчылыктарга токтолуп кетким келет. Себеби; Бир кезекте Нарын шаарынын тургундарына өкмөт тарабынан там салып бере албагандарга, өзүлөрү салып алыш үчүн жер кезип беришкен. Суу чыкпаган, тоо, таштын арасынан, кокту-колоттун ичинен 4 сотукка чыкпаган жер берилген. Ошол кездеги арзанчылык болбосо, азыр ошол дөңсөөнү кантип түздөп, кантип суу чыгарып, кыш жеткирмек. Көрүн өрттөнгөн МАТЕН мына ушуга барып, Нарындын элин кыйнаган. Малды, карагайларды жүктөгөнү аз келгенсип, түз жерлерди түштүккө жүктөп кетем десе керек. Мына эми ошол тоо таштын арасына салынган тамдарды суу каптап кетүү коркунучунда калды. Бул коркунучту сезген адамдар тамдарын бузуп алышып тамы жок. Нарындын суугунан коркушуп Чүй жакка көчүп кетишти. Кээ бир адамдар курулуш материалдардын жоктугунан Аксай, Арпадагы кандай сонун салынган сарайларды, курама тамдарды, талкалап, бузуп алып кетишти, ыйлагың гана келет айлаң жок. Канча күч менен миллиондогон сомдорду сарп кылып салынбады беле. Эмне жашоо ушуну менен эле токтойбу? Кайрадан бир жакшы заман келээр. Баарынан жаманы, ошол жайлоо, кыштоолорубузду,

жайыттарыбызды Кытайга алдырып жибербесек эле болду. Эми там салуу ушунчалык кымбатка туруп калды. Сибирден карагай алып келүү биздин өрөөн үчүн өтө кымбатка турат. Биздин өзүбүздө ресурс бар. Ал тоолорубуздагы карагайлар. Алар өзүнчө убактысы жеткенде шамалдан кулап, көчкү алып чирип жаткан карагайларды кесип, «жакпас жерде отун бар, ичпес жерде суу бар» - деген макал оюңа түшөт. Бул биздин жергиликтүү жетекчилердин кайдыгер мамлеси. «Башы оорубагандын КУДАЙ менен иши жок» - дегендей, алардын 2 ден, 3 төн тамы бар, башка кишилердин эмне кереги бар. Эгерде элди ойлогон жетекчи болсо, мен бул оюмду 1989-жылы бир облустук жыйында айттым эле, КЕМЕЛ Ашыралиев обул аким, Авен КАЗЫБАЕВ менин оюмду колдойлу дешкен. Кийин ошол бойдон унутулуп калды.

1. «жаратылыштын байлыгы жан-жаныбарлар үчүн жаралган белек, аны сактай билип, коротпой, туура пайдалануу адамдар үчүн керек» - деген учкул сөздүн алкагында. Адамдар кыйын замандарда, жаратылыштын пайдасын көрүп келген. Азыркы кыйынчылык заманда, карагай алуунун бир оңой жолу Нарындын башында чоң жана кичи капчыгайдын суусу менен агызып Нарынга алып келсе болмок. Эгер акимчилигибиз уюштурууну билишсе, күч толтура бош жүргөн жаштарыбыз, жумуш менен камсыз болмок. Элибизде там салгандарга жана кары-картандарга отун үчүн жеңилдик болмок. Бул маселе тууралуу экинчи жолу бийликтегилерге кайрылып жатамын.

Нарын шаары, 1991-жыл, ШЕРМАМБЕТОВ АБДЫРАЗАК.

## Элибиздин ден соолугу жалпыбызга тийешелүү

Ден соолук тууралуу кеп болгондо, көпчүлүгүбүз ойлойбуз, оорукана менен дарыгерлерди. Бирок мындай түшүнүк туура эмес, анткени; Оорукана менен дарыгерлер, оорулуу адамдарга акыркы көмөкчүсү болуп эсептелет. Билинбей жүрүп ооруп калуунун көп жагдайлары бар. Ал биздин күндөлүк жашоо турмушубузга, иштеген иштерибизге жана бизди курчап турган айлана чөйрөбүзгө байланыштуу нерсе.

Эмесе жашыбыздан карыбызга чейин, ден соолугубуздун болушу, эң оболу үй-бүлөлүк турмушубуздан башталат.

Жаңыдан бала төрөлгөндөн тартып, ошону ден соолуктуу кылып өстүрүш бул өзүнчө бир илим. Балага акыл-эс киргенден тартып ага туура мамиле жасоо керек. Балага акыл-эс кирүү убактысын ким кандай ойлоорун билбейм, бирок баланын көрүү жана угуу сезимдери, биздин кыймыл аракетибизге түшүнө баштагандан тартып күндөн-күнгө акыл-эс кире баштайт.

«Баланы жашынан, катынды башынан» - деген эл макалы ошондо. Бала канчалык туура тарбияланса, ошончолук ден соолугу чын болушу мүмкүн. Көпчүлүгүбүз балабызды тарбиялаганда аны ушунчалык жакшы көрүп, ага болгон жакшы тамагыбызды, айрыкча таттууларды көп бергенибиз туура эмес. Эң туура эмес жерибиз, балага сыр алдырып коюшубуз. Анткени; бала чоң тамырчы, ата-эненин баладан эч нерсени аябасын билип алып, өз оюндагысын жазагысы келет. Ошентип өскөн бала кийин чоңойгондо ойлогон ою ата-энеси тарабынан мурункудай аткарылбай калса ал бала ичинен катуу кайгырып, бушайман болуп, ден соолугуна терс таасирин тийгизүүчү заттар денеде пайда болуп, ар түрдүү оорулар менен ооруп калуулары ыктымал.

Абыдан жаман жагы өмүрүн өзү кыйганга чейин баргандыгында. Айрыкча бала бирөө же экөө эле болсо, аны эркелетип өстүрсөң андай балдар өзүмчүл болуп, терс кулк мүнөздүү адамдардан болушат. Бала тууралуу мындай кеңеш берээр элем. «Баланы ичинден, башканы тышындан сүй» - деп Балага ичибиз элжиреп, эзилип турганын билгизбей сус жана туура мамиле жазап өстүрсөк, кийин ар түрдүү оорулардан жана кырсыктардан сактайбыз. Баланын кичине кези ата-эненин рахаты. А бирок өспүрүм учуру (14-17) жаш алардын жашоосундагы, эң кыйын кырдаал болуп эсептелет. Анткени; Адамдардын кийинки калыптанышы мына ушул убакыттан башталып, дене тутумдарында чоң өзгөрүүлөр пайда болуп, оң жана терс көрүнүштөрдү бат кабыл алуу менен бирге ар түрдүү ооруларга туруксуз болушуп бат ооруп калуулары ыктымал. Мына ушул өспүрүм учурунда эркелеп өсүшкөн балдар ата-энелерди көп түйшүккө салышат. «Баланын бары да жаман, жогу да жаман» - деген макал балдардын ушул өспүрүм кезине тийешелүүгө дейм. Ошентип; Ата-энелердин балдары тууралуу сөз жазап өттүк. Эми балдардын ата-энелеринин ден соолугун

сактоо тууралуу сөз жазап көрөлүчү. Эгерде балаң оюндагыдай калыптанып,өз арабасын өзү тартып кетсе, иштеген ишинен жаманатты болбой, жакшы жагынан эл оозуна алынса, бул ата-эненин сыймыгы, баягы өзүн балага жазаган ишиндин сыйлыгы болуп ата-энең мындай оорудан сак болушат эле. Тилекке каршы зымга тарткандай жашоо жоктугунан, көп учурда тетирисинче, балдарынын азабын тартып ата-энелери ооруларга чалдыгуусу көп болууда. Эми эрке бала тууралуу айтсам;

Эрке өстүрсөң баланды,
Эртеңки күнүң караңгы.
Корс этип келип бир тийет,
Улууга айтпай саламды.
Өзүнөр күнөөлүүсүңөр.
Жараткан мындай жаманды.

Мунун баары жокчулуктан эмес адамдар арасындагы экологиянын бузулуусунан ыймандуулуктан кетип пейилибизди жоготуп, бири-бирибизди жаман көз менен, жаман сөз менен оорутуп албай, акылыбызга келели. Бири-бирибизди сыйлап урматоону унутпайлы. Карыларыбыздын сөзүн угалы!

Убакыт өткөн себептен,
Жалбырак түшөт теректен.
Адамды адам багышат,
Чыкса да алар керектен.
Карыларды ыйык туталы,
Жалбырактай тебелебестен.

## Алмаз экинчи жолу премьмер болгондогу кайрылуум

Алмаз иним; Союз тарагандан бери Нарын аймагы боюнча үй куруу толугу менен токтогон. Ошол эле убакта үйгө муктаж адамдар көбөйүп жатат. Мурун салынган тамдар эскилигинен жана жаратылыштын катаклизмаларынын негизинде бузулууда.

Азыркы шартта Нарын тарапка үй куруу үчүн акча бөлүнбөйт, бирок, муктаж элди үй менен камсыз кылуу, мамлекеттин милдети. Муну Нарындыктар жакшы БИЛБЕЙБИЗ, түштүктүктөр жакшы билген үчүн «Бала ыйлабаса эмчек жок» - деген макалды жакшы өздөштүрүшкөн, ошондуктан, кичине бирдеме болсо эле ыйлай беришип,

Кыргызстандын «сүтүнүн, каймагы» менен бүт түштүккө кетип, бизге кырмычыгы да калбайт. Кыскартып айтканда бюджеттин тартыштыгына байланыштуу. МЕНДЕ бир ой пайда болуп бул ойду; Архитектура, мерия, администрация да колдоп жатат. Бул сунуш боюнча акча бөлүп берсеңиздер, мергенчинин тили менен айтканда, бир ок менен эки коён эмес беш коён атканы турабыз. Союз убагында салынган этаж тамдар бар. Эскилиги жетип, үстүнкү этаждардан тамчы тамат жана суу агып жатып боорлору жырылып, кирпичтери көрүнүп турат. Сиз акча бөлсөңүз, бир ок менен атуучу 5 коёнду санап берейин: 1-фундамент курбайбыз. 2- үстүнкү кабаттан аккан тамчы токтойт. 3-эгер 4 этаж там болсо үстүнө жеңилдетилген, жылуу 5- этажды курсак элибиз тамдуу болот. 4-Крышалар фигурный болот. 5-Шаарыбыздын көркү оңолот.

Мына ушинтип, бул идеяны колдогон жергиликтүү бийликтегилер; Мени «Сиздин жолуңуз жакшы эле» Каапыр БАКИЕВден деле охот магазин салдырабыз деп 100000 сом сурап алдыңыз эле, эми өкмөттөн 5 коён атканга 500000 сом сурасаңыз! Башталышын баштап коёлу, карынын сөзүн жок дебес дешип жатат. АЛМАЗ иним менин шагымды сындырба?-деп төмөнкү ырды арнайм.

Бул чылбыр менен тизгинди,
Экинчи жолу алдыңыз.
Бел байлап элди багам деп,
Татаал ишке бардыңыз.
Кызыр-Алеки-салам болуп жолдошуң,
Алла-таалам өзү колдосун.
Кадыр сыйдан кем болбой,
Ички душманга жем болбой,
Туруштук берип туруңуз,
Нарындыктар колдойбуз.
Башкаларды биз туурап,
Дайыма манкурт болбойбуз.
Катка көңүл буруңуз,
Айтылган сөздү угуңуз.
«Макул»-деп койгон болсоңуз,
Ал сөзүңүзгө туруңуз.
Кымбаттап кетип тамак-аш,

сактоо тууралуу сөз жазап көрөлүчү. Эгерде балаң оюндагыдай калыптанып,өз арабасын өзү тартып кетсе, иштеген ишинен жаманатты болбой, жакшы жагынан эл оозуна алынса, бул ата-эненин сыймыгы, баягы өзүн балага жазаган ишиндин сыйлыгы болуп ата-энең мындай оорудан сак болушат эле. Тилекке каршы зымга тарткандай жашоо жоктугунан, көп учурда тетирисинче, балдарынын азабын тартып ата-энелери ооруларга чалдыгуусу көп болууда. Эми эрке бала тууралуу айтсам;

Эрке өстүрсөң баланды,
Эртеңки күнүң караңгы.
Корс этип келип бир тийет,
Улууга айтпай саламды.
Өзүнөр күнөөлүүсүнөр.
Жараткан мындай жаманды.

Мунун баары жокчулуктан эмес адамдар арасындагы экологиянын бузулуусунан ыймандуулуктан кетип пейилибизди жоготуп, бири-бирибизди жаман көз менен, жаман сөз менен оорутуп албай, акылыбызга келели. Бири-бирибизди сыйлап урматоону унутпайлы. Карыларыбыздын сөзүн угалы!

Убакыт өткөн себептен,
Жалбырак түшөт теректен.
Адамды адам багышат,
Чыкса да алар керектен.
Карыларды ыйык туталы,
Жалбырактай тебелебестен.

**Алмаз экинчи жолу премьмер болгондогу кайрылуум**

Алмаз иним; Союз тарагандан бери Нарын аймагы боюнча үй куруу толугу менен токтогон. Ошол эле убакта үйгө муктаж адамдар көбөйүп жатат. Мурун салынган тамдар эскилигинен жана жаратылыштын катаклизмаларынын негизинде бузулууда.

Азыркы шартта Нарын тарапка үй куруу үчүн акча бөлүнбөйт, бирок, муктаж элди үй менен камсыз кылуу, мамлекеттин милдети. Муну Нарындыктар жакшы БИЛБЕЙБИЗ, түштүктүктөр жакшы билген үчүн «Бала ыйлабаса эмчек жок» - деген макалды жакшы өздөштүрүшкөн, ошондуктан, кичине бирдеме болсо эле ыйлай беришип,

Кыргызстандын «сүтүнүн, каймагы» менен бүт түштүккө кетип, бизге кырмычыгы да калбайт. Кыскартып айтканда бюджеттин тартыштыгына байланыштуу. МЕНДЕ бир ой пайда болуп бул ойду; Архитектура, мерия, администрация да колдоп жатат. Бул сунуш боюнча акча бөлүп берсеңиздер, мергенчинин тили менен айтканда, бир ок менен эки коёң эмес беш коён атканы турабыз. Союз убагында салынган этаж тамдар бар. Эскилиги жетип, үстүнкү этаждардан тамчы тамат жана суу агып жатып боорлору жырылып, кирпичтери көрүнүп турат. Сиз акча бөлсөңүз, бир ок менен атуучу 5 коёнду санап берейин: 1-фундамент курбайбыз. 2- үстүнкү кабаттан аккан тамчы токтойт. 3-эгер 4 этаж там болсо үстүнө жеңилдетилген, жылуу 5- этажды курсак элибиз тамдуу болот. 4-Крышалар фигурный болот. 5-Шаарыбыздын көркү оңолот.

Мына ушинтип, бул идеяны колдогон жергиликтүү бийликтегилер; Мени «Сиздин жолуңуз жакшы эле» Каапыр БАКИЕВден деле охот магазин салдырабыз деп 100000 сом сурап алдыңыз эле, эми өкмөттөн 5 коён атканга 500000 сом сурасаңыз! Башталышын баштап коёлу, карынын сөзүн жок дебес дешип жатат. АЛМАЗ иним менин шагымды сындырба?-деп төмөнкү ырды арнайм.

Бул чылбыр менен тизгинди,
Экинчи жолу алдыңыз.
Бел байлап элди багам деп,
Татаал ишке бардыңыз.
Кызыр-Алеки-салам болуп жолдошуң,
Алла-таалам өзү колдосун.
Кадыр сыйдан кем болбой,
Ички душманга жем болбой,
Туруштук берип туруңуз,
Нарындыктар колдойбуз.
Башкаларды биз туурап,
Дайыма манкурт болбойбуз.
Катка көңүл буруңуз,
Айтылган сөздү угуңуз.
«Макул»-деп койгон болсоңуз,
Ал сөзүңүзгө туруңуз.
Кымбаттап кетип тамак-аш,

Бошоп турат курубуз.
Качан курсак тоёт-деп,
Айталбай турган мунубуз.
Ушуну менен бүтөйүн,
Каттын жообун күтөйүн.

Деп катты жибергичекти АЛМАЗБЕК жумушун таштап кетип калды. Себеби, Бакиев менен иштешүүнүн келечеги жоктугунан болду окшойт.

*** *** ***

## Ала-Тоо

**Алыскы туугандан жакынкы кошуна артык эмес беле, бирок андай болбой калды.**

Ала - Тоонун пайдубалы,
Алтын менен күмүштөн.
Алла таалам бизге буюрган,
Кур калтырбай үлүштөн.
Ээлеп калган Ала - Тоону,
Кан майдандуу жүрүштөн.
Бабам МАНАС баш болушуп,
Башка элдерди сүрүшкөн.
Кезек келет байлыкка да,
Унутулуп турмушубуз чүрүшкөн.
Шылкыйышып баш ийишээр,
Шылдың кылып күлүшкөн.

Анткени, Казакстан, Өзбекстан, Туркмөнстандын жерлери кенен жана дарыялардын куймасына жакын жайгашып, аларда мунай менен газы көп. Кыргызстан менен Тажикстан дарыянын баш жагынан орун алып териториясы тигилердикинен кичине жери бийик, тоолуу болгондуктан мунай менен газ сарыгып ылдыйкы жагына жайгашкан, ошон үчүн мунай менен газды алуу оңой. Ал эми бийик тоолордо катуу кендер, туздуу металлдар жайгашып аларды өндүрүү бир топ татаал жана башка технологиялар колдонулат, техниканын жүрүшү да кыйын. Кыскартып айтканда, кайсы элде эмне чыкса, ошол элдерге буюрган «кызыл от кызыр калбайт» -дейт. Тигилер; мунайды, газды көмүр катары пайдаланышса, суу башындагы эки өлкө суусун сатып жана суу энергиясын пайдаланышы абзел.

Анткени: Кудай буларга таза сууну буюрган. Адамдар АЛТЫНСЫЗ жашоого болот, суусуз жашоого болбойт. Адамдар акыркы жылдары, техниканын өсүп-өнүгүүсүне байланыштуу, алтын жана ушу сыяктуу кымбат баалуу кендерди ач көздүк менен алууга аракет кылып жатышып, жер кыртыштарын ачышып, жерди, сууну, абаны булганычка алып келип, акыры мөңгүлөрүбүз эрип: Аба, суу, жерлерибиз ууланып, жаратылыш бузулуп, мөңгүлөрүбүз эрип, таза суулар азайып, жетишпей калган учурда; Адамдар АЛТЫНДЫН ордуна таза суу издеп, суу талаш болуп, адамдар арасындагы ЭКОЛОГИЯ бузулуп, ар түрдүү кырсыктардын болуусуна адам заты өзү күнөлүү болоорубузду сезбей келе жатабыз. Дагы кайталап айтаарым: Суу алтындан кымбат болуучу убакка жетпейли. Таза суу менен бай экенибизди эстейли. Жерибиз суулуу, элибиз сулуу, пейилибиз улуу болуп, дүнүйөнүн КУЛУ болбошубуз керек. Ушул дөөлөтүбүздү сактап калуу үчүн, Кыргыз элиме ЫНТЫМАК, ЫНТЫМАК жана ЫНТЫМАК керек

Кыргыздар салса ГЭСтерди,
Сарттардын ооруп бездери.
Кошуналарын душман ойлошуп,
О.Д.К.В. дан чыгып кеткени.
Ала-Тоо Кыргыздардын Ата-Энеси,
Ала-Тоо Кыргыздарды багаар кези.
Ала-Тоону Ата-Энедей сыйлап алаар,
Кийинки урпактардын болсо эси.
Ала-Тоону ардактайлы, сыйлайлы,
Ала-Тоону даңазалап ырдайлы.
Арам ойлуу акмактарга кошулуп,
Ала-Тоого чыккынчылык кылбайлы.
Улуу жолун Аталардын басайын,
Ийне менен ыр кудугун казайын.
Окугандар ырахатка баткыдай,
Сөздөрүмдү курак кылбай жазайын.
Тил дайрасын Кыргызымдын узартып,
Ырлар акчу булак көзүн ачайын.

***  ***  ***

## Бийликтегилерге кайрылуу

Кыргыз Республикасынын Президенти А.Атамбаевге
Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин төрагасы
А. Жээнбековго.
Кыргыз Республикасынын Премьер-министри
Ж. Оторбаевге.
Кыргыз Республикасынын Генералдык прокурору
А.Саляновага.
Кыргыз Республикасынын ички иштер министри
М.Турганбаевге.
Элдик талкуу үчүн «Кыргыз-Туусу» газетасына.

Бүгүн 14-ноябрь, 2014-жыл. «Таңкы Азаттыктан» Шайлообек Дүйшеев газеталарга чыккан маалыматтарды берип жатып Акматбек Келдибековдун ушул убакта Араб Эмираттарынын бир элитный жеринен хан сарай сатып алып үй бүлөсү менен оорубай эле тайраңдап жыргап жашап жатканын укканда, «Өкмөттүн алсыздыгыбы же коррупция ушунчалык күчтүүбү?»- деген ой сезимимди ушунчалык жийиркенткендигин сөз менен Сиздерге жеткирип берүү кыйын болуп, эмне дээримди билбей калдым. Ушундай акыбалда турсак кыргыз элинин келечегине, оңолушуна көзүм жетпей, кыргыз элине кайдыгер карабаган жарандар үн кошобу деген тилек менен төмөнкүгө токтолгум келди. Анда: Акматбек Келдибековдун окуясын айтып отуруунун кажети жок. Бирок, аны жана аны колдогон чөйрөгө сары эсеп салууну туура деп эсептеймин. Келдибековдун кара жолдор менен тапкан байлыгынын негизинде эле мамлекет күчтүү болгондо аны өмүр бою түрмөгө же атууга кесилип, бүт мүлкү мамлекетке өтмөк. Мамлекеттин мыйзамынан акчанын күчтүүлүгү айдан ачык болуп, коррупциянын күчтүүлүгү тастыкталууда. Жегичтин акчасынын көптүгүнө кызыккан, андан ашкан жегич Азимбек Бекназаров адвокат болуп ошондой эле бир топ депутаттар ал ролду ойношту.Себеби, ошол депутаттар да таза эмес кара жемсөөлүктүгүн сактап калуу максатында Келдибековду колдошуп, «анын анчалык күнөөсү жок»,-дешип, үй түрмөгө чыгарууну сураныышып, качып кетпөөсүнө кепилдик үчүн кол коюп беребиз деп дагы жүрүштү. Мындан айла

болбогондо калп жеринен «ооруп жатат, оорусу тизе муундарында экен»- дешип, жеңил операция кылуу максатында травматолог С.Жумабековду табышып, анын рангасы боюнча мындай операция бир эле жолу жасап бүтүрүүгө болмок. С.Жумабеков мындай (чепуховый) операцияны кайра-кайра жасаганы Келдибековдун акчасына кызыгып коррупцияга кирип кеткенин кантип сезбей калганы таң калычтуу. Айтор, тигилердин заказы дарыгердин антынан күчтүү болуп убакытты созуу үчүн кайра-кайра жасалды. Мен дагы сөөк-муундар боюнча дарыгермин. Ар бир улгайган адамдардын муундарында анча-мынча өзгөрүүлөр болуп муунадары оорушу мүмкүн. Баарысына эле операция жасай берсе, анда улгайгандардын баары бул операциядан кур калмак эмес. Келдибековго жасаган операция эптеп бир качыруунун амалы болгон. Ушул жерден бир артка кайрыла турган ой келди: Батукаевди түрмөдөн чыгарып жибергенде, кээ бир депутаттар эмне деген чууну башташты эле. Аны чыгаргандардын баарысын күнөөгө тартып, Батукаевди кайра Кыргызстанга алып келүүсүн талап кылышпады беле? Калыстык деген кайда? Андагы чуу чыгаргандар кайдасыңар? Келдибеков Батукаевге караганда канча эсе көп зыян алып келгенин эсептеп, кайра алып келип сотунун аягына чыгуусу тууралуу эмне сөз кылбайсыңар? Эгерде Келдибеков ак болсо баягы «Келдибеков ак»,-деген сөзүңөрдүн аягына чыгаруу үчүн сотко алып келбейсиңерби? Силер каралыгын билип унчукпай, Келдибеков соттолоорун билип качып жүрөт. Ак болсо качпайт эле да. Силер канчалык амалдансаңар да эл тараза. Кимдин кандай экендигин билишет. Элдин көзү ачылып калды. Эмки шайлоого баруучуларды тактап, кээ бирлерин эмитеден кара тизмеге киргизип, элге ачык жарыя кылынса, башы желге толгон, ашказаны жемге толгон, чөнтөгү акчага толгондор элди сатып алам деген ойдон кайтат беле? Кыскасын айтканда, Келдибековду чет өлкөдө тайраңдатып кутуртпай кайра алып келип «ак-карасын» аныктаган соттун чечимин чыгшарыш керек. Ал үчүн Келдибеков келгичекти ага кепил болгондорду,

1. Азимбек Бекназаров баштаган адвокаттарды;
2. С.Жумабековду (качырууга көмөктөш болуп, операция жасагандыгы үчүн);
3. Үй түрмөгө чыгарган сотту;

4. Үй түрмөгө чыгарылсын дешип элдерди кан жолду тосууга үгүттөгөн депутаттардын тобун камаш керек.

Ошондо Келдибеков ак болсо «ак эле ак»,- деген адамдарды атаса Келдибеков келет. Болбосо «Силерге мен ал жумушуңар үчүн акчалай төлөгөнмүн. Эми силер менен аласа-бересем жок», - деп кебелбей коюшу мүмкүн.

5. Бул Келдибековдун иши тууралуу Жогорку соттун ишмердүүлүгүнө да тактоо жүргүзүлсүн.

Айланайын жердештер, элибиздин келечегине кайдыгер карабаган, мамлекетибизге жакшылык ойлогон, акыл-эстүү адамдарыбыз көп. Кыргыз элин сактап келе жаткан ошолор силерсиңер. «Көп түкүрсө көл болот» эмеспи. Кыргызстандын келечеги үчүн келгиле, чогулалы. Себеби, ушинтип жегичтер жазасын албай тышка качып кете берсе дагы канчоо качканы жүрүшөт? Ошондойлорго эл өзүбүз бөгөт койбосок кийин кеч болот. Кыргыз элине каршылар качып кутулгандардын бары чогулуп ички чыккынчылар менен элибизге, мамлекетибизге зыян алып келип жүрбөсүн.

Айланайын акындарым, кайдасың?
Мурункудай сыйлуу эмес жайдасың.
Элибизге кайдыгерсиз карабай,
Табалычы бул учурдун айласын.

Мындай ишке тартылалы,акындар,
Эл ичинде элибизге жакындар.
Көөлөшөлү иштебеген мыйзамды,
Акындарда «Акын» деген мыйзам бар.

Калыстыктан тайышпаса өздөрү,
Курч болбосо акындардын сөздөрү,
Кантип элге багыттуу сөз айта алат,
Келечекти көрүшпөсө көздөрү.

Айта албасаң көзүң менен көргөндү,
Ал көзүңдүн пайдасы жок көргөнү.
Жетпесе эркин ачык айтып сүйлөөгө,
Кайран сөздүн ал учурда өлгөнү.

Сөздөрүм бар абдан курч болоттой,
Кесип түшөт убакытты коротпой.
Ынтымакта жүрөлүчү туугандар.
«Адам» деген касиетти жоготпой.

Табиятым тагдыр берген өзүмө,
Бетке айтам кимдин болсо көзүнө.
«Туура айткан тууганына жакпайт»,- дейт
Таарынбагын тура айткан сөзүмө.

*** *** ***

**Зыяны тийчү буюмдан сакта!**

Зыяны тийүүчү буюм дегеним, 20-кылымдын аягы 21-кылымдын башынан баштап билим берүү системасындагы мүчүлүштүктөрдү Сиздер менен тең бөлүшүүм мага окшогон улуу муундардын келечекке кайдыгер карабаган парзы деп эсептеймин. Келечекте элибиздин, мамлекетибиздин экономикасын көтөрө турган бул биздин жаңы өсүп келе жаткан жаштарыбыз болуш керек эле. Ушуларды жакшы жолго салып, жаңы багыт алып, кыска убакта жогоруда айтылган элибизге, мамлекетибизге пайда келтире тургандын ордуна, үй бүлөлүк бюджетке чыгашаларды алып келген (резинкадай чоюлган) 11 жылдык окуу системасы болууда. Балдарыбыз билсе, билбесе дагы 11-классты бүтүп, жогорку окуу жайларга кириш керек деген жугуштуу оору менен ооруп калганыбызды жаштарыбыз дагы, ата-энелер дагы билбей калдык. Билсек дагы балдарыбыздын көөнүн кыя албай ачык эле аргасыз жоготууларга барып жатабыз.

Алар 1. Мектеп убагындагы балдарга кеткен чыгымдар: алардын кийимдерине, окуу куралдарына, мектептин ремонтуна, мугалимдердин туулган күндөрү же 8-март сыяктуу майрамдарына, жол киресине кеткен чыгымдар.

2. Балдарды ЖОЖго өткөрүүдөгү чыгымдар.
3. ЖОЖду бүткүчөктөгү контракттар.
4. Зачёт, экзаменге берилүүчү чыгымдар.
5. Ошого чейинки ата эненин кароосу.

Ооруну жашырсаң өлүм ашкерелейт дегендей эмнени жашырабыз. Жогорку чыгымдарга карабай балдарыбыздын билимдери эң төмөнкү деңгээлге түшүп кеткен. Өзүлөрү окуп аракеттенейин деген балдар жок. Окуу жашындагы балдар ата-эненин же окуткан мугалимдерин сыйлоонун ордуна алардан ийменбей тең ата болушса мугалим окуучуну тентектиги же сабак билбегендиги тууралуу айтылган сөзү текке кетип, какус- кукус кыла албаса, ата-энеси баласын «Аппагым» деп баламды уруп коюптур деп мугалимди күнөөлөп турса байкуш мугалимдер аргасыздан окуучусуна кайдыгер мамиле жазагандыгынан, балдар окубай ата-эненин акчасы окугандыгынын негизинде билимдин эң төмөнкү деңгээлге түшүүнүн себеби ушунда. Жеке эле окуучунуку эмес, айрым мугалимдердики да түшүп, эптеп саат өтсө айлык болсо болду деп калышты. Байкуш мугалимдер канчалык аракет кылышса дагы балдардын окуюн деген аракети болбосо эмне кылуу керек?

Окуу системасын 9-класс менен бүтүрүп, баардык окуучуну орто билимдүү кесипкөйдүүлүккө даярдаганыбызда, жок дегенде өзүн-өзү бага турган бир кесиптин ээси болушса. Чет элде жүргөн мигранттарыбыз көчө шыпырып, мусор чыгарышмак эмес. Мамлекетибизде 53 ЖОЖ бар экен, ошолордун көпчүлүгүнүн дипломдору эч жакка жарабайт экен. Ошондой дипломдордун эки-үчөөнөн бир ПТУнун күбөлүгү өйдө тураарын билген балдар же ата-эне барбы? Мен ошондуктан «Алып учкан куюндан, зыяны тийчү буюмдан» сакта дегеним ошол. Чемоданда жаткан дипломдор ага кеткен убакыт менен чыгымдар, эң баалуусу бекер өткөн өмүрлөр. Бекер өткөн өмүрдү эсептей келсек. Тогуздан кийинки эки жыл ЖОЖдоку беш жыл баары жети жыл текке кетип жатат. Эгерде мектепти тогуз менен бүтсө үч жыл колледжде окуса он эки жыл окуп бир кесиптин ээси болуп ишке жарактуу болуусуна кепилдик бар. Ал эми он биринчи классты бүтүп беш жыл ЖОЖдон окуп баары он алты жыл убакыт өткөрүп иштээр, иштебесине кепилдик жок.

Ошондуктан мектептерди 9-класс менен бүтүрүп бош калган класстардын ордуна колледждерди ачып, ЖОЖдорду кыскартып, билим берүү жагында реформа жүрүүсү зарыл экендигин жалпы элдик талкууга коюлушун суранам.

## Жолдоштук шарш

Аа жолдош шашпа, муну угуп турчу башта. Сен көнүптүрсүн « КӨК-ЧӨБҮР»- деген атка.

Бул тамсилдин баянын, мен айтып берейин башта.Ошондон кийин бул кылыгынды ташта.

КӨК-ЧӨБҮРҮН кулун, тай, кунан жана башка , наамдары бар болуучу башта. Кийин гана конду «КӨК-ЧӨБҮР» деген атка. Болбосо ал дагы бир кезде, кыр, түздөрдө элирген. Нечен колдор карышып, кыл чылбырлар керилген. Кайрактын арпасын жеп, Куланакта семирген. Бирок кийин, же анги экени, же манги экени билинбей. Диспансердин арабасына чегилген. Ошентип моюнуна салынып каамыт, турмуштун өйдө-ылдыйын таанып, оңолоор дешти барып. Бирок «КӨК-ЧӨБҮР» баягыдан да кетти даарып. Ар кимге тийишет каарып. Акыры кылыгы белгилүү болду. Ошол көктүгүнөн «КӨК-ЧӨБҮР» атка конду. Көрктүү болом деп, коё берди көкүлдү жана жалды, Индюкту кайрымак менен алды, ээси көрбөсө уурдачу болду/челеги менен балды. Ар дайым мактана кететкочкорго, уйга, текеге. Менден башканар жарабайсынар жекеге. Эгерде КӨК-ЧӨБҮР уй болсо, дагы эле мүйүзү жок көк болмок. Аялдар жайган ыштанды аймап-саймап жеп коймок. Ээси келип сураса көргөн жокмун деп коймок. Башкалар жукту алга карай сүйрөйт, А «КӨК-ЧӨБҮР» болсо мындайды сүйбөйт. Жанындагыларды кажып арабага жөн жүрбөйт. Мына ушундан кийин, көпчүлүк мындай деп чечишти «КӨК-ЧӨБҮРДҮН күчүнөн да ишинен да кечишти. Аман жүрсөң болду деп бербей коюшту эч ишти. Мына ошондон бери, түк кургабай арам тери, ачык асман, ай талаа болду. Баш пааналаган жери. Мал жем жеген акыр, ага тийбей калды такыр. Ушинтип «КӨК-ЧӨБҮР» калды каңгып, торпоктун кашегин аңдып. Кашынып коюп мамыга, же мал басып барбай жанына. Анткени; Сүйлөгөн сөзү заар жана жаман. «Тоодой» болгон денеси бүт эле арам. Өзү тийишип коёт, ага катыра жооп алса, жаса салат жалган арызды же бул арыз жазуу «КӨК-ЧӨБҮРГӨ» парзбы?.

А.Ш. 1978-жыл.

## Ойлор:

Кыргыз эли эгемендүүлүктү алгандан бери кайсы гана рангадагы шайлоо болбосун, Кыргыз элинин менталитетиндеги мүчүлүштүктөр, (Уруучулук, жердешчилик, түштүк-түндүк жана башка көптөгөн бөлүнүүлөр.) Канчалык «бөлүнбөйлү»-деп ооз жүзүндө айткан менен токтобой келе жатат. Токтотууга да мүмкүн эместей көрүнүп калды. Ушундай мүчүлүштүктөр, тоскоолдуктар Кыргыз элинин өнүгүп-өсүүсүнө олуттуу бөгөт болгондугуна кайдыгер мамиле кылынып, өзүбүздү өзүбүз кишендеп келебиз.

Мамлекетибиз 7 дубандан туруп, ар бир шайлоодо бир жабууну жети жакка тарткылап жатып, айрылып да бүтмөй болду. Ошондуктан эмне кылуу керек? Мындай келишпөөчүлүк убакытта, баардыгына бөгөт коё турган бир күч бар. Мындай ыкманы, дүйнө жүзүндөгү элдердин баардыгы колдонот, айрыкча спорт тарабында. Бул чүчүкулак кармоо жолу менен макулдашуу. Эгерде облусубуз жетөө бойдон турса, ар бир областан үчтөн кишинин өкүлчүлүгү алдында, бирден жетиге чейинки санды чүчүкулакка киргизип, кайсы дубандан кайсы убакытка президент болуусун аныкташ керек. Мына ушул ыкманын негизинде, биринчи номерди кайсы дубан алды, жетинчини кайсы дубан алганы белгилүү болуп, эл арасында келишпөөчүлүктөр азайып бул ыкмага айласыздан көнүшүп, бара-бара түштүк-түндүк деп бөлүнүүлөр жана башка бөлүнүүлөр акырындап жоюлуп, Кыргыз элинин ортосундагы ынтымак-ырашкердик пайда болуусу ыктымал.

Бул ыкманын оң жагдайы, убагында 7 дубандан тең президент шайланат. Бул 1-жагы; Экинчи жакшы жагы, президентти шайлоодо кетүүчү чыгымдарды төмөнкүчө азайтууга болот. Чүчүкүлактын күчүнүн негизинде Президент шайлана турган гана дубандан шайлоо өткөрүү керек. Калган 6 дубандан шайлоо өткөрүүнүн кажети жок. Себеби; Президентти шайлаган дубандын элдери кимди шайласа калгандары ошого макул болуунун негизинде 6 дубанга кетүүчү чыгымдар мамлекетибизге экономдолуп калат. Президент болуп шайланган инсандын эки срокко шайланганга мүмкүнчүлүгү бар. Ал төмөнкүчө; Президент болуп иштеген инсандын ишмердүүлүгүнүн негизинде, жалпы элдик курултайдын чечими

экинчи срокко макулдук берсе анын экинчи жолку талапкерлигин, мурун шайлабаган 6 дубан шайлоо өткөрүп, шайлоонун жыйынтыгы үчтүн-экисинче добуш алса анда экинчи срокко калат. Эгерде аны ала албаса, анда Чүчүкулакта экинчи санды кармаган элде шайлоо жогорудгы тартипте өткөрүлөт. Бул ыкманын жакшы жагы, эл арасындагы бөлүнүүлөр акырындап жоюлуп, элибиздин ынтымагы бекиши ыктымал. Шайлоо убагындагы бийликтер тарабынан жүргүзүлгөн фалцификациялар жоюлуп ачык айкын, туура шайлоо өткөргөнгө мүмкүнчүлүк алабыз. Эми дагы бир жобо. Президентти эл шайлагандан кийин, Президент элге подотчетный болуш керек. Ошондуктан, Президент жылдын жыйынтыгы менен элге отчет берүүсү абзел. Элдик курултай Президенттин отчетун канаттандыраалык эмес деп табышса, анда Президентке импичмент жарыялап, аны ишке ашырышса, анда ушул Президенттин шайлоо учурундагы экинчи орунду алган талапкер Президенттик ишти улантат ушул срок бүткүчөктү.

Дагы бир эскертип кете турган жагдай, Президент болгон адам экинчи срокко барыш үчүн, үй-бүлөлүк башкаруу, туугандашуу, жердештешүү-деген жат көрүнүштөр токтолушу мүмкүн, Себеби; экинчи срокко, өз дубаны эмес башка дубандар шайлашат. Мына ушундай мыйзам кабыл алынса, жогоруда жазылган жат көрүнүштөр токтойт эле.

Бул ыкманы жалпы элдик талкуудан өткөрүү керек, кээ бир түшүнбөгөн адамдар, Президентти «чүчүкулак жолу менен шайлайбызбы деши мүмкүн». Биз бул ыкма менен элибиздин арасындагы, талаш-тартыштарды, геополитикалык бөлүнүүлөрдү жоюш үчүн жана шайлоолордун таза өтүүсүнүн бирден бир жолу ушул ыкма экени талашсыз. Мына өткөн жакынкы тарыхыбызга кайрылсак, эгемендүү болгондон бери экинчи Президенттин башкаруусунда жашап жатабыз. Эки Президентибиз тең үй-бүлөлүк башкаруунун жолунан чыга албагандыктан коррупция күчөгөндөн-күчөп бара жаткандыктан, айласыздан мыйзамыбызга ушундай ыкманы киргизсек оңолоор бекенбиз деген ой менен жалпы элиме кайрылып, СИЗДЕРГЕ эл ичинде, эң кымбат нерсе болгон ЫНТЫМАК тилеген МАЛАЙЫҢАР: Саламаттыкты сактоонун ардактуу кызматкери, дарыгер-акын А. ШЕРМАМБЕТОВ.

Нарын шаары. 05.12-2007-жыл

## Баатырды тууган аялдар

Аял сүйкүмдүүлүгү жана,
Назиктиги менен күчтүү!
Баатырга берген жүрөктү,
Балбанга берген билекти.
«Жармач» деп кантип айтабыз,
Жанында жаткан чүрөктү.

Баатырды тууган аялдар,
Балбанды тууган аялдар.
Үй оокат тиричиликти,
Башкарып турган аялдар.

Бөтөн элди эл кылган,
Жаманды жакшы эр кылган.
Жакасын жууп агартып,
Жакшыларга тең кылган.

Балдарга берип батасын,
Кор кылбай балдар атасын.
Аялың жанды жашартат,
Жашырып эрдин катасын.

Аялдан айтса багыңды,
Баа жеткис эле табылгы.
Кор болбой өмүр сүрөсүн,
Жаныңдын болуп жарымы.

Бакканды билсек жүдөтпөй,
Аялдын баары чүрөктөй.
Эркектер начар элебиз,
Аялсыз такыр күн өтпөй.
АНДА:
Сактайлы аял заттарын,
Денеде жалгыз жүрөктөй!.

Деп Бүт аялзатын келе жаткан 8-март майрамыңыздар менен куттуктайм А Б Д Ы Р А З А К ШЕРМАМБЕТОВ. 0777 72 72 50

***          ***          ***

**Жаратылыштын байлыгы жан-жаныбар үчүн жаралган белек, аны сактай билип, коротпой туура пайдалануунар адамга керек**

Жаман жакка барбайлы,
Жаратылышка бүлүк салбайлы.
Токол кылып тоолорду,
Ташка отуруп калбайлы.

Келечекти ойлойлу,
Жаратылышты коргойлу.
Аракка шырык алмашып,
«Акылдуу» «маңкурт» болбойлу.

Элүүгө чыккан карагай,
Жаңы эле баскан баладай.
Убалы жетип жүрбөсүн,
Кыйбачы аны балакай.

Врач; фтизиатр А. ШЕРМАМБЕТОВ
31. 03. 2000- жыл.

***          ***          ***

**Мага келген каттардан:**

Нарындагы врачыбыз АБДЫРАЗАККА Жаңы жылдык Салам!.

Келе жаткан жаңы жылың кут болсун; кереметтүү теңтушум,
Алтындан кымбат, баа жеткиз адамсын,
Алсырап жаткан кудамдын,
Аргасын өзүң табаарсын??

Ак халатчан АБДЫРАЗАК ак-алтын,
Адам үчүн аракети дагы алтын.
Улгайганда укмуш күчөп талантың,
Сенин ырың, сөздөрүңдүн баары алтын.

Арноо кылган ырларыңды окудум,
Ал үчүн мен абдан жыргап отурдум.
Айырмабыз асман менен жердей го,
Анткени;Сен врач-акын, а мен шоопурмун.

Кел жаңы жыл, кут келгин,
Өмүр таалай бак бергин.
Күнүбүз батпай түбөлүк,
Күрпүлдөгөн күч берсин.

Жаңы жылды куттуктап,
Жакшы Елка жазайлы.
Жай-кышы соолбос арчадай,
Жаркырап узак жашайлы.

Ат-Башы айылы, Таш-рабат кочосу үй
№237 Жумалиев Амангулдан 25-июль.1998-жыл

*** *** ***

**Экинчи каты**

Акын-врач Абдыразак теңтушума!
Мени каалап ыр китебин арнадың,
Кечирип кой? Шартым келбей кыйналып,
Куттуктоо айтып өзүнүзгө барбадым.

Сенин ырың-поэзияң күчтүү экен,
Дайым окуйм китебиңди ырыңды.
Ээн жерде эзилишип уксам дейм,
Баштан аяк ички дүйнө сырыңды.

Мага жакты Кга, Зга, Мга арнаган ырларың,
Тереӊ экен махабатта Сенин сүйүү сырларың.
Эсеп кылып эстеп жүргөн бар бекен?,
Шоопур менен врачтардын кылганын.

Талант тайкы колдон келген ушу экен,
Таза ыр таппай ичте турат арманым.
Аз да болсо аяшыма окуп бер?,
Өзүңүздөй жакшы ыр жаза албадым.

*** *** ***

## Мамлекетибизге кантип жардам кылыш үчүн, «пейилметирибизди» кеңейтсек!

Кыргыз Республикасынын Президенти ·А Ш Атамбаевге.

Урматтуу Алмазбек Шаршенович! Сиздин 2014-жылды «мамлекеттүүлүктүн жылы» деп жарялашыңыз эң туура болду деп эсептеймин. Себеби, Мамлекет болуунун үч шарты бар 1-ошол мамлекеттин курамына кирген эли. 2-мамлекетке тийешелүү чектелген жери. 3- ал мамлекеттин өзөгүн түзгөн элдин тили. Мамлекеттин кыймылдаткыч күчү бул эл болгондуктан Президентибиз башында турган жалпы КЫРГЫЗ элиме кайрылып төмөнкүчө ой бөлүшкүм келди. Ар бир ишке жарактуу адам, кыпындай болсо дагы «мамлекеттин бир бөлүкчөсүмүн» деп эсептеп, мамлекеттин түптөлүшүнө, өнүгүп-өсүшүнө, көмөктөш болгондо гана мамлекет өнүгөт. Союз бар кездеги гүлдөгөн мамлекетибиз кулаганда ар бирибиз алыбызга жараша азыркы Кыргызстаныбыз тонолуп, мамлекеттик менчик бат эле жеке менчикке өткөндүгүн баарыбыз жакшы билебиз. Кыскартып айтканда мамлекетте менчиги жок болсо, пенсия, пособия, стипендия жана маянага мамлекеттин бюджетинен кетет. Мамлекетте бюджет ар кандай төлөмдөр аркылуу жыйналат. Бул жерде коррупция гүлдөп, өсүп жатса кантип мамлекетибиз бай болот? Мен бала кезимде башымдан өткөргөн окуяны мисал катары айтууну туура таптым. 1940-жылы, анда мен 7 жашта болчумун,эсимде калган нерселер:(мурун кандай жашашканын билбейм) ата-энебиз колхозго иштөчү, айлык дегенди алчу эмес. Эмгек күн жазылучу ар бир эмгекке жарамдуу адам эмгек таппаса ал эл душманы катары эсептелүүчү. Ошондуктан коркушуп, ар бир адам эмгек күн тапканга аракет кылышчу. Согуш жылдарында кыйынчылыкты айтпай эле кой. Согуш бүткөндөн кийин 10 жылдын ичинде мамлекет өнүгүп, 1956-жылдан баштап СССР элге маяна бере баштады. Биздин Ат-Башы районунда «Пограничник» деген колхоздун тургуну Касымалы деген жылкычы аялы, балдары менен 6 адамдын бир жылдык маянасын салганга чакан идиши жок, карала кабын алып келип, каптын теңине жакын акча алып, баккан жылкыларынан

100% төл алышкандыгы үчүн кошумча акы деп 17 кулун алышканда эл ичинде даңаза болгон. Ал кезде элдин пейили жакшы болучу. Эл өзүн-өзү, бирин-бири багуучу, «Кыргыз жарды эмес, пейилинин кеңдиги эмне деген байлык». Кыскартып айтканда мамлекетибизди көтөрүү тууралуу түн уйкумду алган бир ой пайда болду. Ошону сиздердин ортоңорго салып, ой бөлүшүүнү чечтим, ал үчүн: 1-Президентибиз Алмазбек Шаршен уулуна, Асылбек Жээнбек уулуна жана Элдик талкуу үчүн «Кыргыз Туусу» гезитине жылдын бир күнүн «Мамлекетти көтөрүү күнү» деп жалпы элге жарыя кылууңуздарды суранам.

2-Ошол күнү акыл-эске толгон жарандардан тартып, пенсионерлер, иштегендер, студенттер колунан келишинче ак ниети менен мамлекетке (өзүбүзгө-өзүбүз) жардам берели. Көп түкүрсө көл болот дегендей, мисалы, мен (байбичем экөөбүз тең пенсионербиз) ошол күнгө арнап 1000 сомду кубануу менен беребиз. Ошондой эле балдарым өзүлөрүнүн үлүштөрүн кошот.

3-Ушул күнгө байланыштуу башкы банкка счет ачылса деймин.

4-Быйыл 2014- жыл мамлекеттүүлүктүн жылы болгондуктан 14 санды экиге бөлсөк кайсыл күн жана кайсыл ай экенин билебиз, тактап айтканда 07 07.(жетинчи айдын жетинчи күнү) болот экен. Кыргыздарда жетинин бири кыдыр дейт эмеспи, эки кыдыр бириксе элибиздин керегине жараган нерсе жаралат го деймин.

5- бул чогулган акча соц.обьектилерге гана жумшалса, ар бир жылда чогулган акча көлөмүнө жараша бир-эки обьект бүтүп турса мамлекетке (өзүбүзгө) канча пайда кылат элек.

6- Чогулган акчаны жылдын акыркы айында (декабрдын жетисинде) жыйынтыктап, кайсыл жумушка колдонулаары белгилүү болуп, элибизге айкын болуусу керек.

7-Жылдан-жылга чогулган акча салыштырылып турса элибиздин пейилинин оңолушунун чен бирдигин «Пейилметир» менен белгилесек! Жылдан жылга ак ниет, кеңпейил адамдарыбыз көбөйүп, мамлекетибиз байып, пенсия, пособия көтөрүлүп, элибиз байып «пейилметирибиздин» оңолушун тилеймин. Теңтушун АМАНГУЛДАН.

Ат-Башы айылы 26-декабрь 1997-жыл.

# ТУРДАКУН УСУБАЛИЕВ ЖӨНҮНДӨ

Союз убагындакы Кыргыз элинин башчысы жана бактысы болуп келген, элинин өнүгүп өсүүсүнө төө көтөргүз салымын кошкон инсан, чынын айтканда ТУРДАКУНДАН ашкан адам болгон жок. Ал 1961-жылдан 1985-жылга чейин, 25 жыл 1- катчы болуп иштешине эмне себебкер болгондугу тууралуу мындай дегим келет. 1-ден; Кудай берген өзүнүн токтоо мүнөзү, ар ишке кыраакылык менен мамиле кылган акылдуулугу, сабырдуулугу жана кең пейилдүүлүгүнүн негизинде, келечекти алыстан көрүп, ал ишке туура мамиле кылып, ошолорду аткара турган адамдарды тандоодо, өзүнүн жакындары эмес башка жактардан кесипкөйлөрдү таап ал иштерге жайгаштырышы, бир жагы иштин ийгилигин жаратса, экинчи жагы, коррупциянын башталып кетээрине көзү жетип, бир региондун инсандарын башка регионго жайгаштыруу жолу менен, туугандашып кетүүнүн жолуна билинбеген бөгөт коюлган. Бул жагдайдын чоң философиясы Кыргыз элин жалпы ынтымакка бириктирүү жолу эле. Мындай алысты көргөн көрөгөчтүгү чоң атасы КАЛЫГУЛДУН шыпаасы болуш керек. 1985- жылдан бери 30 жыл болду айрыкча, эгемендүүлүктү алгандан бери, карапайымдар эмес түшүнүктүү депутаттарыбыздын сессияларында жана башка жерлерде сүйлөгөн сөздөрүнөн, бир жик бар экендиги баардык эле элдерге билинип турат. Аны сезген Президентибиз АЛМАЗБЕК АТАМБАЕВ ар дайым МАНАСТЫН осуятындагы «бөлүнбө Кыргыз бөлүнбө» - деген чакырыгын айтып келет. Бирок түшүнүгү жоктор түшүнбөйт окшойт. Муну мен сезгеним ТУРДАКУНДУН өлгөндүгүнө байланыштуу аны эскерүү кечесинде билинип калды. УСУБАЛИЕВДИН 25 жылдык доорунда канчалаган ГЭСтер, канчалаган иш каналдар, завод, фабрикалар курулганына токтобой эле коёюн. Өзүнүн регионуна болгону бир АТ-БАШЫ ГЭСин, Куланак менен Учкундун кургаган талааларына суу чыгарып аягы жылан арыкка жетпей, ТУРДАКУНДУН ою толук аткарылбай, аны жумуштан бошотушту. Ошончо жыл иштеп өзүнүн атасына бир там салып берген жок, же бир машине алып миңгизбей, атасы эшек минип жүрүп өттү. Бул

эмнеликти билгизет, бул өзүн жана жакындарын эмес, эл багууну ойлогон адам болгондугу. КАДЫРАКУН БАЗАРБАЕВ Райком болуп турган кезде, бир колхоздун башкармасы ТУРДАКУНДУ тууғансытып, анын тилин албай, жыйналышка чакырса келбегендиктен, аны кабнетине жалгыз чакырып алып, эсине келтирип койсо, Кочкордогу аксакал адамды Усубалиевге жиберип «сокур эшекти» Кочкордон алып кетсин дедиртkende Кадыракунду чоңойтуп, ал башкарманы жумуштан кетирет. Бул Кыргыздын жакшы макалы бар «Туура бийде тууган жок», туугандуу бийде ыйман жок» - деген. Турдакун туура болгондуктан ошончо жыл иштегенге жетишти. Ушул жерден мисал катары бир чындыкты айткым келди. КПССтин 1- катчысы болуп АНДРОПОВ келгенде СТАЛИНДИН тартибине түшө баштакан. Чындыгында 5 жылдык планды жел аралаштырылып толтурулуп турушкан, аны билген ЮРИЙ АНДРОПОВ бардык Республикаларга бир убакта текшерүүчүлөр жиберилген. ӨЗБЕКСТАН менен КЫРГЫЗСТАНГА СССРдин ГЕНЕРАЛДЫК прокуратурасынан следственный бөлүмүнүн адамдары ГДЕЛЯН баш болгон адамдар келип текшергенде ӨЗБЕКСТАНДЫН 1-катчысы РАШИДОВГО мындай күнөө коюлган. Пахтанын планын аткарууда, жел аралап кеткен жалган сандар берилгендиги, дагы көптөгөн жазалды дегендер жок болуп чыккандыгы аныкталган. Ичип жегендер көбөйүп РАШИДОВДУ бир колхоздун башкармасы билип, кадрлар ошол аркылуу тейленип турган. Жана бул башкарма жашыруун жайга кыздардын интернатын ачтырып, «кызкана» уюштургандыгы үчүн РАШИДОВГО жана анын достору менен конокторуна жагып, кыздарды коноктордун көңүлүн ачтырып турган. Ал башкарма менен интернаттын директорунун аттарын билүүчү элем, унутуп калыптырмын. Мына ушулар билингенден кийин РАШИДОВ Инфарктан өлүп калды. Эгерде ТУРДАКУНДУН жеген, ичкени, туура эмес жактары болсо ошол текшерүүдө табылат эле да. УСУБАЛИЕВГЕ карата жазылган тоголок арыздарды текшерген текшерүүчүлөр ТУРДАКУНДУН атасынын тамын көрүшүп «эл эмне деген эл дешип» таң калышып кетип калышат. Анткени, ал тоголок арызчылар элдин

атынан жазышкан. Дагы бир айта турган нерсе, ТУРДАКУН пенсиясына 12 миң сом алып, ошого ыраазы болуп, ток пейилдик кылып жүрдү. Кийин эле көп эмес көбөйтүлсө керек. 25 жыл иштебей 5 жыл иштегендер ТУРДАКУНДАН мурда атак-даңкка ээ болуп, пенсиясы 80 миңге жеткендерге да атаандашкан жок. ТУРДАКУНДУ эскерүүдөгү КОРЧУБЕК аксакал жана башкалардын сүйлөгөндөрү туура болгондуктан жалпы элеттик элдердин каалоосунун аркасында ТУРДАКУНДУН 25 жылдын ичинде үзүрдүү эмгеги үчүн, райондун борборлорунан жана шаарлардын көчөлөрүнөн маркумдун атын берүүнү суранабыз. Маркумду узатуудагы Президентибиз АЛМАЗБЕКТИН жардыгына жана ага бөлүнгөн чыгымдар үчүн элибиздин ыраазычылыгын айтып коюубуз абзел.

ТУРДАКУНГА Бишкек шаарындагы АК ҮЙДҮН алдындагы плошадга эстелигин коюп, атын Т. УСУБАЛИЕВ атандагы плошад деш керек. СЕБЕБИ, ушул аймакты мрамор менен граниттен курдурганы үчүн жумуштан бошогон. Дагы бир эстелиги Ата -Бейитке коюлса жакшы болот эле. АТ-БАШЫ менен НАРЫНДА АТ-БАШЫ ГЭСине наамын берүү жөнүндө ойлор бар. Бул маркумдун кайтышындагы «ЭҢ БИР ӨЗГӨЧӨ НЕРСЕ» Кыргыз жеринде 3 баллдык жердин титирөөсү, маркумду жерге берип жатканда, баш калаабыз БИШГЕКТЕ АЛА-ТООНУН шумкарлары болгон БҮРКҮТТӨРДҮН айланып учуп туруулары, алардын да маркум менен коштошуп, Кыргыз элиме кайрат айтууларыбы? Бул эмне деген сыр? Кыргыз эли даана падышасынан айрылды деп алар дагы ыйлаштыбы? Эмне болсо дагы, бул маркумга кайдыгерлик кылбайлы!.

ОЙ БӨЛҮШКӨН СЛАМАТТЫКТЫ САКТООНУН АРЛАКТУУ КЫЗМАТКЕРИ,

7-АПРЕЛ РЕВОЛЮЦИЯСЫНЫН ЭЛ БААТЫРЫ, НАРЫН ОБЛАСТЫНЫН АРДАКТУУ АТУУЛУ АБДЫРАЗАК ШЕРМАМБЕТОВ

Нарын шаары, Арпа көчөсү № 2, моб:0777 72 72 50

18. 09 2015-жыл

## КАРЫНЫН МИЛДЕТИ

Эки адам урушса,
Каршылашып турушса.
Жан тартам деп бирөөнө,
Батпагын жаман күнөөгө.
Калыстыктан тайбастан,
Аларды көндүр жүйөгө.
Ушул болоор үйдөгү
Китептердин атасы.
Убактың болсо унутпа,
Китеп окуу тазасы.
Баалуулугу баарынан,
Ичиндеги батасы.

## МЕНИН ЧЫРЛАРЫМ

### Аалыга ачык кат

Манасты жок деп ойлосоң,
Ич тарлыгың койбосоң.
Мукай, Жусуп, Жоомарттар,
Жүрүшөт эле сойбосоң.
Аалы татыктуу эмес жылдызга,
Эч бир салымы жок кыргызга.
Жашыраак кезиң болгондо,
Чапмакбыз садага Чынгызга.
Аалынын жазгандарын таштайлы,
Аймакты минтип пастайлы.
Тийишбей Кыргыз, Чынгызга,
Алы жеткенин жазбайбы.
Сагызгандыгың билинди,
Саткансың эне тилиңди.
Кулгуна болуп кеткенче,
Кууп чыгыш керек ириңди.
Билбедик ким туугузкан,
Бутуңа сени тургузган.
Акыл эсиң бар болсо,
Эми кечирим сура Кыргыздан.

деп ачуум менен бул ырды жазып газетага жарыя кылайын деп, кайра карыгандыгына байланыштуу ал кишини аяп бербей калгам.

17.01.1988-ж.

***            ***            ***

## УШАКЧЫГА УКОЛ.

Кейпи суук кемтик ушакчы,
Айтасың чындай ушакты.
Өзүңдөн башка байкушум.
Тартасың кимге тузакты.
Айтканың баары чып-чындай,
Айтасың калпты тил сынбай.

Ушагың менен тор түйүп,
Жүрөсөң басып иш кылбай.
Бекер оокатты койбойсуң,
Берсе да ага тойбойсуң.
Бирөөдөн издеп кемчилик,
Өзүңдү кыйын ойлойсуң.
Далдайган менен даамың жок,
Же алгылыктуу наамың жок.
Жакшылык кылбас адамга,
Ички дүйнөң толо бок.
Кылган ишин арыз жазмай,
Балык уулап чөп басмай.
Котур таштан кутулуп,
Кошулсаң элден сен качпай.
Бул аты айтылбаган «доско».

27.09.2012-жыл. А. Ш.

*** *** ***

## БИР КҮНҮ

Бийликтер өттү бир колго,
Бир күндө түзгөн «ак жолго».
Калп айтып элин алдаган,
Кара өзгөй каапыр хан болбо.
«Ак жолго» кирди түлкүлөр.
Амалдуу өткөн шайлоого,
Айласыз келет күлкүңөр.
Бийлигиң калды түз болбой,
Жемишин берген күз болбой.
Асмандап кеткен баа үчүн,
Ашказан ыйлайт бир тойбой
Тизмеге илип пастарды,
Каржылап ичкич мастарды.
Билмемиш болуп калп эле,
Каматтың чыгаан жаштарды.
Жаштардын күчү толушаар,
Темирден- Болот болушаар.
Убагы жетип бир күнү,
Май баскан көзду оюша

Тагдырын элдин ойлогун,
Жетөөндүн жетет тойгонуң.
Азабын тартчу күн келээр,
Ак жерден аны сойгонуң.

Арбагы ураар өлгөндүн,
Айласыз жайды көргөндүн.
Ачылаар бир күн асманы,
Атайлап үйдөн бөлгөндүн.
Байлыгын элдин сатпагын,
Башкага бекер чачпагын.
«Ак өттү»-деп шайлоону,
Айтылган сөздөн качпагын.
Кыйноого жаштар түтөбү,
Кыргыздан качуу күчөдү.
«Жыргатам»- деп жар салган,
Жыластын калпы бүтөбү.
Көрөбүз бийлик зериңди,
Кор кылба туулган жеримди.
Күчүнө салып бийликтин,
Коркутпа Кыргыз элимди.
Убактылуу бийлик мактанат,
Убагында тарых такталат.
Бети жок кара тарыхтан,
Бир күнү КЫРГЫЗ акталат.
Б Ш К нын бети карарып,
Бюллетендер кайра жаралып.
Жыйынтыгы ушул шайлоонун,
Эмдигиче бүтпөйт саналып.
Акылсызга акылдуулар кор болуп,
Бюллетендер Б Ш К дан оңдолуп.
ӨЧ алуу үчүн ушул ырды жазамын,
Укуктары тепселбесин кордолуп.
Оппозиция ар тараптан көрүнбөй,
Алсыз болуп өткөн ишке сөгүнбөй.
Көпчүлүк эл бизди колдоп турганда,
Бириккиле бир муштумга бөлүнбөй.

Эл шамалдан күчтүү, элине каршы өзүнө сийет. Таяк эки баштуу, жоон башы өзүнө тиет. Чындыгы бар элдин, курсагы ток, Чындыкты табуудан чоң муктаждык жок.

Асман кайда, жер кайда,
Атбай КЫРГЫЗ эл кайда?
Куу заманга туш болдук,
Куткаруучу эр кайда?
Чачылып кеткен кыргыздар,
Кайрылып келээр бул жайга.

20 12 2007-жыл, «АК_ ИЛБИРС»

Жаман сөз уйгактай жабышса чыкпайт. Жакшы сөз сымаптай, тоголонуп жукпайт.

Өлүм чындык, эрте-кечпи бир келет. Бийлик жалган кээ адамга бир берет

*** *** ***

## Кайрылуу

Биздин Сизге кайрылуубуздун себеби, 24 - Феврал 2010-жылы Нарын шаарындагы РТС аймагындагы Нарындын 70 жылдыгына арналган паркында «электр жана жылуулукка болгон тарифтердин жогорулашына» каршы тынчтык митинги болгон. Кошумча 50% дык төлөмдөр өзгөрүүсүз калтырылсын. 3 - 110к Ваттык жеңилдиктер кайрадан калтырылсын.

4- Жер ,суу, тоо кендери сатылбасын:

5- Электр жана жылуулукка болгон пениялар түп тамырынан алынсын.

6- Север жана восток электро тармагы эл байлыгы боюнча калсын.

7- 17-марттагы элдик курултайды НАРЫН эли колдойт.

8- И. Исаков боштондукка чыгарылсын.

9- Ысык-Көл жана Петровка окуясындагы камактагылар бошотулсун.

10- Тынчтык митингдерди уюштуруучуларга болгон кысымдар токтотулсун.

Жогорудагы бийликке коюлган талаптарды биздин Президентибиз болгон БАКИЕВ Сизге да кулактар болсун деп кайрылуу жолдодук. Бул митинг Нарын шаарынын стадионунда 5000 ден ашык шаар тургундары БИШКЕКТЕН келген төрт жарандын катышуусунда өттү. Биздин талаптарды тез аранын ичинде карап чыгып аны орундата албасаңыз 17- мартта «ПРЕЗИДЕНТ жана анын составы бийликтен кетсин» деген талап менен митинг БИШКЕККЕ жөө жүрүш менен уланат. Сизди татыктуу чечим алууңузга ишеним арткан жалпы Нарын облусунун калкы.

2009- жылда болгон жакшы нерселер жана жат көрүнүштөр.

Ар бир адам, кайда гана жашабасын жаңы жылда, жакшы үмүттөр менен жаңы жылды тозушат. Бул түрлүү нерсе. Бул жылга тийешелүү тарыхта жазыла турган нерсе 23-июндагы президенттик шайлоо болду, миңдеген шайлоочулардын тилегин ташкапты. Себеби; көпчүлүк эл, бул шайлоодон үмүтү зор эле, бир бурулуш болот деген ой бар эле. БУРУЛУШ БОЛДУ!

Адамдын оюнда жок, баш мыйзамды көткө тээп боктогон, ага түкүрүп тепсеген, бурулуш болду. Мындай жорукка чыдабаган түз адам өзүнүн талапкерлигин таштаганга шашып, таштадым деп жарыя кылганда шайлоо пунктунда ага иштеп жаткандар күйгөнүнөн ыйлашса, бул окуя кээ бир шайлоонун жүрүшүн тейлеп бурмалаганга аракет кылган адамдар үчүн, асмандан алтын жаагандай сүйүнгөнүнөн ыйлашып, эркин бурмалоого өтүштү.

Бул шайтан шайлоонун жыйынтыгы Президент 86% менен шайланды.

Эми НАРЫН обласын өзүнчө алсак: эл менен бийликтин арасындагы чырдын чыгуусу тынчтык жол менен аякташы болду. Бул Ат-Башыдагы Торугарт окуясы. Нарындагы жетим тоо темир кени тууралуу, ушуга окшогон үчүнчү окуя НАРЫН шаарына өмүр бою соттолгондорго жай жайгаштыруусуна убагында коомчулукту көтөрүп тегерек үстөл өткөрүүнүн жыйынтыгы карапайым элдердин коркунучтуу нерселердин жакындап келе жатканына кайдыгер карабастыгы үчүн, убагында түшүндүрүү иштерди жүргүзүп көздөрүн ачкандыгыбыз үчүн мактана алабыз.

КЫРГЫЗДЫН ЭЛИ-ЖЕРИ Президент Бакиевдики эмес БАКИЕВ КЫРГЫЗ ЭЛИНИКИ!

Президенти эл шайлаган, ошондуктан Президент элдин алдында жыл сайын, иштеген иштери жөнүндө жоопкер болуш керек, бул биринчи: Экинчиси КЫРГЫЗДЫН жери КЫРГЫЗ элиники.

ЖЕРДИ Президент өзү билип сатып же башка өлкөгө ижарага берүүгө укугу жок. Мисалы, менчик тамынды сата турган болсоң, бүт үй-бүлөңдүн макулдугу болбосо сата албайсың.

Жер дагы ошондой, бүт элдин макулдугу болбосо башка элге сатылбаш керек.

Үчүнчү: КЫРГЫЗДАРДЫН макал-ылакаптарын кээ бир жерлерин бийликтегилер колдонушса болмок. Мисалы; «туура бийде тууган жок, туугандуу бийде ыйман жок- деген. Себеби: Президент БАКИЕВДИН балдарынан баштап баардык туугандары бийликтин ар кандай бутактарында иштеп жатышат. Жогорудагы макалды чечмелей турган болсок: Президент БАКИЕВДЕ «ыйманы жок деп айтуудан алысмын, мүмкүн ыймандуу атадыр. Балдарын, туугандарын жакшы көрүп алардын сөзүнөн чыга албаган жумшак адамдыр. Бирок жумшак адамдар эл башкара алышпасын тарых тастыктаган. Мына ушул эки мисал эл башкара албастыкка күбө. Ушундай эле окуя, мурунку Президент АКАЕВДЕ да болгон.

Эми чыр чыгарбай коё туралы, убакыт өзү көрсөтөөр.

10- март 2010- жыл. А.Ш. Нарын шаары...

## Нарын шаарындагы революциянын келип чыгышы

К. Бакиев экинчи жолку президенттик шайлоодо өзү мурун президенттик кызматта туруп, өзүн бардык жактан колдоого алган «Ак жол» партиясын кыска мөөнөттүн ичинде түзүп, ал партияны шайлоо учурунда бийликтин болгон ресурсун колдонуп калп жерден 70тен ашык пайыз алды дегени элдин кыжырын келтирген. Президенттик шайлоо дагы ушу сыяктуу өтүп 77% эл колдоду деп уятынан 70% түшүрүп бул тууралуу президенттин аброюн шылдыңдаган шакабалар чыкты. Президенттин туугандары жана жакындарынын бардыгы бийликке эч суроксыз аралаша баштašты.. Мына ушинтип президентибиз эрке баладай тайрандай баштады. Баардык бийликти бир өзүнүн колуна алып,

карапайым элди эшекче минип, эшектин тезегин тердирмек болду, электр тарифин 70т. дан 1.50т. көтөрүп салганда эл эмне кылаарын билбей дендароо боло баштаган. «Ачканы тойгузса болот, ач көздү тойгуза албайсын» - деген анын сыңаарындай Бакиевдердин тойбосуна элдин көзү жетип эл арасында чоң чыңаалуулар пайда боло баштап, буларды бийликтен кулатуу үчүн элибиз акыркы мүмкүнчүлүгүн айланбай турган убакытка жетип калган. Мына ушу мүмкүнчүлүктү колдон чыгарбаш үчүн элди туура багыт берип үндөй турган бир активдүү жарандардын тобунун пайда болуу зарылчылыгы өзүнөн өзү бышып жетип калгандыгынын себебинен, биз Нарын шаарынын тургундары «Электр тарифин түшүрүү кыймылы»- деген топ түздүк. Бул Ата-Мекен партиясынын штабында түзө баштадык. Мурун беш киши болдук анан акырындап көбөйүп отуруп 18 киши болдук анан коалициядан кишилер кошулду, ошентип баардыгыбыз 21 киши болгондо өзүбүздүн уюмубузду түздүк. Бул уюмга жеке эле Ата-Мекен партиясынын мүчөлөрү эмес башка партиялардан жана партияда жоктор да кирישти. Ата-Мекен партиясынын штабында уюушулган үчүн штабдын жетекчиси Эсенбеков Адылды жетекчи кылып шайланып, калгандары тең төрагалык милдетте болуп 4-5 топко бөлүнүп иш чара жүргүзө баштаган. Биринчи карапайым элдерге жашыруун баракчаларды таратылып, үгүт иштери эл арасында жүргүзүлө баштаган. Карапайым элдин көпчүлүгү биздин үгүт иштерибизге муюуганы биздин болочок революциябызга күч кошкондой болуп, ишеним көбөйө баштады, кээ бирлери бизге кошулуп шыкакчы боло баштады. Барган сайын карапайым эл быша баштады 2010-жылдын февралында тынчтык митингге бир гана социалдык маселе менен чыкмай болуп саясый маселени аралаштырбайлы деп кеңештик, себеби, биздин тобубузду ансыз деле күч органдары куугунтукка алып прокуратура аркылуу эскертүү ала баштаганбыз. Ошентип электр тарифин кайра 70 тыйынга түшүрүлсүн деген талап менен чыгуу үчүн шаардын мерине билдирүү жасап, Нарын шаарынын стадионун сураганбыз. Анткени стадион шаардын ортосунда эл көп топтолгон базарга да чукул эң башкы милдетибиз боло турган тынчтык митингге эл көбүрөөк чогулса дегенбиз. Бирок биздин сураган жерибизди бербей шаардын четинде жайгашкан эки жерди сунуш кылышты.

Айласыздан РТС участкасындагы паркка өткөрмөк болдук да айла жок баракчаларыбызды тарата баштадык. Быйылкы кыш суук катуу болуп, кардын терендигинен бул жакка автоунаалар көп барбагандыктан эл чогулбай митинг өтпөй калса деген бийликтин оюна таш каап, белгиленген жерде, белгиленген убакта элибиздин жөө жалаңдап тизеден өөдө өткөн карды кечип 3 миңден ашык кишинин чогулганы, бизди кубандырса, бийлик менен күч органдарын өкүндүрүп кооптуу кылып салды. Митинг убагында башталды. Чакырылган бийликтегилер жана мэр келбегендиктен митингди улантуу үчүн жөө жүрүш жасап РТСтен плошадка чейин келип митингдин уландысын плошадда өткөрөбүз деген жыйынтыкка келгенибизде ал жердеги «тыңчылар» аркылуу бул сөз бийликке жеткенде, мэр Алмаз Кулматов шашылыш жетип келди. Көп кишилер сүйлөдү, көп сөздөр айтылды. Социалдык маселеден саясий темаларга өтүп кетип жаткандыктан аларды токтотууга аракет жасап жаттык себеби, ошол кезде биздин маселелерибиздин болгонун Эсенбеков Адыл менен Асаналиев Эркинди саясий темага өтсөңөр жооп бересиңер деп милдеттендиргендиктен толкуган элди токтотууга мүмкүнчүлүк болбой да калат экен. Ошентип, Нарында кычыраган кышта, зыркыраган шамалда тизеден ашкан кар кечип турган эл да, мэр келгенде аны да батинкечен кар кечирип ар түрдүү талаптарды коё башташты. Бирок чындыгында коюулган талап мэрдин колунан келбей турган талап эле. Бирок элдин талабы жергиликтүү бийлик аркылуу жогорку жакка жеткирүүсүн талап кылышты. Карапайым эл кату суукка чыдып ар кимиси көйгөйлөрдү айтууга аракет кылып тарагысы келбей жатышты. Үшүгөнүнө кайыл болушту бир гана СНБдан жана күч органдарынан келгендер көгөрүп үшүп, кетүүгө аракет кылышып чыдамы кетип турушканы билинип турду. Биз кыймылдын мүчөлөрүбүз да сөз сүйлөдүк. Саясатка кирбегенге аракет кылдык. Биз үшүгөнүбүздү билгенибиз жок, анткени элдин көп чогулушу бизге күч жана дем берди. Ошондуктан митингди жабууга шашпай келген эл бүгүн чыгарып, сүйлөп алсын деген ойдо болуп элибизге ыраазычылыгыбызды билгизип, анан тарадык. Коюулган маселенин оң чечилишине байланыштуу бийликке убакыт бердик. Бир гана маселе электр тарифи төмөндөп мурунку ордуна келүүсү бул маселе чечилбесе кайра

чыгабыз дедик. Эл тарап кеткенде биз тарабай офисибизге чогулуп, митингдин жүрүшүн талкуулап, кеткен анча мынча кемчиликтерге көңүл бурулду жана эл менен мурункудан дагы күчтөп иштөөгө умтула баштадык, анткени элге ишеним пайда боло баштады. Бул өткөргөн биринчи митингибиз бүтүндөй Кыргызстанга дүң болуп, теледе, радиодо жана сайттар аркылуу дүйнөгө тарай баштаганы кыймылдын мүчөлөрүнө абдан чоң шык берди. Биз менен ошол учурдагы оппозициянын жетекчилери байланыш түзө баштады. Жогору жактан чабарман болуп Шыкмаматов Алмамбет келди. Эмки митингибизди 10-мартта койдук, ага чейин иш чарабызды күчөтүп, үгүт иштерин медицина тармагын жана мектептер арасында жүргүзө баштадык. Бирок бул мекемелердин жетекчи адамдары элдерин ким митингге катышса жумушунан бошотобуз дешип коркутуп жатышты. Бир өкүнүчтүү жери медиктер, мугалимдер ич ара сүйлөшүп алышып, иш таштоо катарында баарысы митинге катышышса болмок. Баарын бошото албайт эле да. Ошентип биз белгилеген 10-март да болоюн деп калганда, 9-мартта оппозиция лидерлери Отунбаева Роза, Топчубек Турганалиев, Алмамбет Шыкмаматов келип 10-мартта катышмак болушту деген кабар алып, алардын коопсуздугун кандай сактайбыз жана кайда жайгаштырабыз деп, Эсенбеков Адыл экөөбүз кеңешип биздин үйгө жаткырмак болдук. Анткени үйүмдө конок тосууга бардык шарт бар эле. Коноктор 9-мартта кечки саат 6да келишти. Караңгы кирип калган. Биздин үйдө коноктордон башка Адыл болду жана жардам берүүгө келген Таалай менен Зина болду. Эртеси 10-мартта эл чогулсун деп белгилеген убактан жарым саат кечигип, конокторумду: Розаны, Топчукени жана Алмамбетти стадионго алып бардым. Белгилей кетчү нерсе эмне үчүн бул жолу стадионду берди, себеби өткөндөгү элдин түрүнөн чочуп калышкан. Биз стадионго келгенде биринчи эле көзгө урунган нерсе элдин көп чогулгандыгында болду. Дагы бир тараптын келе жаткан топторду көрдүк. Микрофон коюулган жерге жакын барсак ал жерде жаңы шайланган губернтор Алмаз Акматалиев бүт командасы менен Мэр Алмаз Кулматов жана райондун акимчиликтери эл арасында турушуптур. Митингдин алып баруучулары Адыл Эсенбеков менен Эркин Асаналиевдер биринчи сөздү губернатор Акматалиевге беришти.

Акматалиевдин сөзүнөн бир жерин белгилеп коёлу, анткени кийин керек болот, ал мындай деген «Мен эгерде жогору жактан жалпы элге каршы, мыйзамга каршы буйрук бериле турган болсо, аны аткарбай эл тарапта болом » деген. Ошентип, көп кишилер сүйлөштү. Мен дагы сүйлөдүм. Роза айым да кеңири сөз сүйлөдү. Топчуке кыска нуска, ток этээр жерин айтты. Алмамбет да сүйлөдү. 10-марттагы митингибизге 6-7-миндей киши катышып, купулубузга толо баштады. Элибиздин да сөздөрү оңолуп, биздин кыймылдын мүчөлөрүнө ыраазычылыгын да билгизгендер болду. Жыйынтыктап айтканда келген конокторубуз да ыраазы болушуп, ушунуңардан кайтпагыла биз да силерди колдоого алабыз деп бизге чоң шык берип кетишти. Коюулган маселе боюнча өкмөткө дагы убакыт бердик. Эмдиги митингибизге Нарын областынан шайланган депутаттарды чакыралы деген жыйынтыкка келдик. Бирок депутаттар жумушунан бошоп бара албайбыз деген шылтоо менен телемост уюштуралы дешти. Биз мунусуна да макул болуп, болжогон күнү, болжогон убакытта жарандар коалициясынын офисине чогулдук. Телемост бир топ убакытка чейин башталбай жатты себеби, катыша турган депутаттар келбей жатышыптыр. Бирок биз теле маекти баштай бердик. Депутаттардан болгону убакыттын тең жарымы бүткөндө Султаналиева гана келип катышып, калгандарынын бошобой жаткандарын айтты. Ошентип телемост аркылуу да максаттарыбызга жете албай эмдиги митингди 29-мартка болжоштук. Муну уккан бийлик биздин баарыбызды ак үйгө чакырып мээбизди жууп, кулагыбызды ушалап Бакиевдин алдоосуна салмак болушту.

Бир күн мурун бизден 20бызды Нарындын мэри Кулматов жетектеп Бишкекке алып барды. Саат 4тө ак үйгө киргизип, 4 тосмодон өткөзүп, акыркы тосмодон паспортторубузду, телефондорубузду алып калды. Ак үйдүн залына киргенде Данияр Үсөнов деп жазылып турган орундуктун маңдайынан орун алдым. Ар бир орундукта микрофон бар экен. Данияр келгичекти бир топ министрлер, силовиктер, депутаттар орун алышты. Регламент боюнча сөз сүйлөөгө чектөөлөр болбосун дедик жана суроолордун жообу аягында айтылсын делди. Ошентип, Данияр келип электр энергия боюнча кыскача сөз сүйлөп аны экран аркылуу слайд менен энергетиктин специалисти коштоп,

түшүндүрмө берип жатты. Карапайым элге научный доказательствонун кереги жок эле, ошентип биздин мээбизди айлантып сөзгө муюутабыз деп ойлошсо керек. Биз ичибизден сөгүнүп, ого бетер кыжырыбыз келе баштады. Мурун биз сүйлөшүп алганбыз, канчалык күлкүлүү сөз болсо дагы эч качан жылмайбайлы деп. Бири-бирибизди кайталабас үчүн темаларды бөлүшүп алганбыз, мага орчундуу тема бөлүнгөн Аксай, Арпанын жана Жетим тоонун 49 жылга арендага берилүүсү жана стратегиялык обьектердин сатылышы, бул тема 4 пункттан турган. Мага кезек келгенде Данияр иним биринчи суроом: «Эмне үчүн сен кайсы бийликке келбегин кымбаттатуудан баштайсың. Мисалга Бишкекке мэр болгонуңда автоуналардын тарифин көтөрдүң 5 сомдон 8 сомго. Эми Электр энергиясын 70 тыйындан 1,50 т көтөрдүң.

Экинчи айта турган нерсе илгертеден кыргыздар сөз багып келген, макал-ылакап жана учкул сөздөрү менен кыргыздар дүйнөдө биринчи орунда турат. Алсак «Жер-эне» деген сөзү бар аны чечмелесек, жер планетасында жашаган жан жаныбарды кумурскадан тартып адам баласына чейин жер аркылуу тамактанып жашоосун өткөргөн. «Жер-эне» деген сөз ошондон айтылып калган. Ошондуктан бийликтегилерге энеңерди саткан жоксуңарбы деген суроо туулат. Бул тууралуу силердин жообуңар даяр «Саткан жокпуз ижарага бердик»-деп 49 жылга ижарага берүү бул саткан менен барабар, андан да 49 жылдын ичинде алтындай жерди астын-үстү кылып, бүт кендерди алып бүтүп, жерибизди хвостохранилишага айлантып туруп берсе берет, бербесе жок. Бул дүйнөлүк практикада бар. Мисалы Аляскаңы Россия Екатеринанын убагында Америкага арендага берген, кана ала алышканы. Алыс кетпей биздин эле Баткенде сох, борук, Шахимардан сыяктуу жерлерибизди союздун убагында өзбектер күчтүүлүк кылып алышкан, кана кайтып ала албадык. Ошо сыяктуу болот. Тем более кытайлар кирсе 6 айга киргенин чыгара албай жатабыз, 49-жылда кантип чыгарабыз.

Ат-Башы эли башка райондорго карганда эмне үчүн бай ошол Ак-сай, арпа, кең жайлоолору бар үчүн бай. Кыскартып айтканда айтылган жерлерди Кытайга берсеңер Ат-Башы, Нарын эли өлүмдөн да кайра тартпайбыз дедим. ГЭСтердин арзан баада сатылып кетүүсү ким үчүн кызык. Сатып алган еврейлер үчүн

кызык болбосо кыргыз эллине кызыгы жок. Бир 5 жылдын ичинде Кыргызстан еврейлердин бир бөлүгү болуп калабызбы. Бүт байлык алардын колуна өтүп жатат дедим. Кыскартып айтканда берген 3 суроомо берген жообу мени канааттандырган жок. Ошентип 4тө башталган кеңешме 9га чейин созулду. Саат 8де Данияр бирөөлөр менен жолукмак элем деп суранып кеткен. Жыйынтыгында өкмөт эч качан артка кетпейт деген бүтүм чыгарылып, биз консенсуска жетишкен жокпуз. Акыркы бир саатында депутаттарыбыз менен жолугушуп алардын таарынычын уктук, себеби, бул талкуу учурунда депутаттарыбызга катуу сын сөздөр айтылган, акыры алар менен тура түшүнүккө келип, Аскардын коногу болуп эртеси кайттык. 29-мартта өткөрүлө турган митингибиз Данияр Үсөновдун Нарынга келүүсүнө байланыштуу, митингди башка күнү өткөрүүгө тура келди. Себеби, 1-ден ал күнү өкмөткө каршы чыгып жатат деп кагылышуулар болуп кетмек.

2-ден биздин жетекчилер тарабынан «Нарындыктар башка күнү пландагыла, ошол күнгө Кыргызстан боюнча жалпы көтөрүлөлү» деген сөздөргө макул болуп кеңешип 7-апрелди болжодук. Анткени ошол 29да көтөрүлгөндө башка региондон бизди колдоочулар чыкпай биз жалгыз болуп бийлик бизди сындырып коюуша башкалар бизди туу тутуп чыга алышмак эмес. 29-мартта биз сүйлөшкөндөй коюулган орундуктардын алдына дежурлар эмес карапайым элдерге толтуруп, дежурларга сөз бербейли дешкенбиз. Ошону аткардык, жалгыз Үсөновдун шайын кетирип, сөзду жулуп алып жаттык. Апрель революциясынын кульминациясы 6- апрелден башталды. Мен 5-апрелде колхоздо элем. Алтысында эртең менен эрте келгенмин. Адыл мени менен байланышып, Азимбек Бекназаров менен Алмамбет Шыкмаматовдун келгендигин айтты. Себеби, болжошкон 7- апрелдеги митингге биздин жогору жактагы лидерлердин келүүлөрү күтүлгөн. 7-апрелде көпчүлүк элдерге жана бийликтегилерге кезектеги эле митингдин болоорун айтканбыз, бирок өзүбүз чындап эле революцияга даярдык көрө баштаганбыз. Жакынкы айылдардан атчандарды да даярдай баштадык. Алтысында эртең менен барып Азимбектерге учурашып иш аракеттерди сүйлөшө баштап, жыйынтыгында мындай деген чечимге келдик. Мен бул кыймылдын улуусу

болгондуктан, анын үстүнө губернатор жердешим (бир айылдан) болгондуктан үч киши болуп губернаторго алтысы күнү саат 10го кирдим. Жаңы эле администрациясынын эшигинен бир балжайган сары жигит алдымдан чыгып «Абдыразак аке кандай, конокторуңузду кандай тостуңуз» дейт, мен ал адамды таанычу эмесмин, таң калып кайсы конокторду десем, коюуңузчу Бекназаровдорду айтып жатам билмемиш болосуз да жарыктык деди. Мен Бекназаровдорду көргөнүм жок, алар Ат-Башыга өтүп кетиптир деп уктум десем чын элеби деди. Эми укканымды айтып жатам да деп алардын изин жашырдым. Анан сиз кимсиз деп сурадым. «Мен сиздин иниңиз болом, бул жерде СНБнын председатели болом» деп чыгып кетти. Мен үчүнчү этажга Алмазга кирдим. Саламдашкандан кийин Алмаз биздин келген себебибиз: ситуацияны байкап жаткандырсың, сен башка жактан келген жоксуң, өзүңдүн элиң, өзүңдүн жериңде турасың, баягы 10-марттагы сүйлөгөндөй эле сөз сүйлөп «мен эл тараптамын десең» эле көп кагылышуулар болбой калганы турат. Элдин уруштан кайра тарта турган түрү жок десем, губернатордун бизге көнө тургандай эместиги көрүнүп калды. Ал мага «Абдыразак аке мен жаңыдан эле Максим менен сүйлөшүп келдим, көптөгөн инновациялык инвестициялар биз жакка тартылып келмей болду, жакшы пландар бар деп» менин айткандарыма ынабай бул бийликти эч ким кулата албайт дегендей маанидеги сөздөр менен эки жарым саат отурдук да, бирибизди бирибиз туура түшүндүрө албагандыктан тарап кеттик. Түштөн кийин Таластыктар дагы уюшуп чыгабыз деп жаткандыктарын кабарлашты. Биздин чакырылган атчандар келе баштады. Саат 3төр чамасында Таласта Шерниязовду камаптыр деген кабар келди. Көп убакыт өтпөй Шерниязовду эл бошотуп алыптыр, уруш чыгып эл омондорду басып алып, куралдарын таратып алыптыр деген жакшы кабарды укканда, бизге да күч кубат киргендей болдук. Ар тарап менен сүйлөшүп жаттык, калган жерлердин бары тынч. Бизге жеткен маалымат боюнча Кыргызстандын 18 жеринен бир убакта эл көтөрүлмөк, бирок Таластан башка жерлер тынч болду. Убакыт өтүп, түн кире баштады. Түн жамынып келген атчандардын саны 27 ге жетти. Биз Азимбек менен Алмамбетти катып жаткан үйдүн эки тарабына эки катар жандуу барьер коюп конокторубузду тарттырып ийбегенге аракет калып жаттык. Бирөөлөр курал алып келбейлиби дегендер болду, мен ага каршы

болдум. Себеби, бизде жетиштүү курал бар болчу, ал бек жерге катылган. Үч кишиден башка эч ким билүүчү эмес, ошондуктан мен: «Эгерде биз курал алып келсек, кийин күнөөлүү болуп калабыз, андан көрө омондор курал колдонобуз дешсе куралын тартып алуу керек» деген жыйынтыкка келдик. Ошентип түнкү саат 12ден өткөндө губернатор менен сүйлөшүүлөр болмок болду. Биз тараптан Адыл сүйлөшүүгө бармак, бирок аны алдырып жибербеш үчүн биз условия койдук. Эгер сүйлөшүүгө келсең, өзүң жалгыз кел, куйрук ээрчитпе деп биз турган үйдүн артынан бир бурчту болжодук. Ошол жерден бир машинанын ичинен губернатор менен Адыл бир саат сүйлөшүп анан кетти. Саат түнкү бир жарымда. Ошентип таң атканча мен, Адыл, Муса, Жумабектер болуп конокторубузду уктабай кайтарып чыктык. Дегеле убакыт өтпөй узарып кетти. Эл 11де плошадга чогулмак. Биз он бирди күтпөстөн ондо эле желектерди көтөрүп атчандарды артыбыздан ээрчитип конокторубузду ортого алып, омондорго жулдуруп ийбейли деген ой менен ал үйдөн базарды көздөй жөнөдүк. Базарга келсек дүкөндөр жабык, киши жок, андан стадионного келип анан ак үйдү көздөй жөнөдүк. Плошадка келсек, ал жерде губернатор баштап бийликтегилер бүт чогулуп турушуптур, биз болгону ошол убакта 10-30 болуп калган, 150дөй киши анан атчандар болуп полшадка келгенде ошол жерде турган бийликтин адамдары бизди көрүп күлүп шылдыңдагансып турушту. Себеби, 150 дөй киши бизди басып ала алабы деген ойдо болушса керек. Биз да өзүбүз кооптоно баштадык. Эл кайда деп Азимбек чыйпылдай баштады. Аңгычакты 11 болоюн деп калганда ар тараптан агылып плошадка эл толо баштады. Баягы бизди шылдыңдагансыган бийликтегилердин жүздөрүнөн жылмаю кетип, өңдөрү кубарыңкы тартып, элдин сүрүнөн коркҟондугу байкалып турду. Саат 11ден өтүп митинг башталды Эсенбеков Адыл митингди ачып, администрациянын алдында катылуу турган милицияларды чыгарып жиберүү талабы коюулду. Анткени биздин агентуранын жардамы менен катылган 26 милицияны билгенбиз. Элдердин «чыксын, чыксын»-деген кыйкырыктарынын негизинде алар чыгарылды. Тынч чыгарып жибериш үчүн коридор ачып берүү үчүн алардын алдына түшүп, мен жол ачтырып чыгарып жибердим. Байкуштардын өңдөрү жок калышыптыр. Экинчи талап Нарын суунун өйүзүндөгү батальондун ичинде катып жаткан омондорду бул жакка

келтирбөө болчу. Мына ушул эки талап аткарылгандан кийин сөздү Алмаз Акматалиевге берди. Алмаз Акматалиев элди тынчтанууга жана сабырдуулукка өзүнүн ораторлук мүнөзү менен элдин башын айланта баштаганда Адыл баштаган биздин кишилер колунан микрофонду жулуп алышып, түрткүлөп эмне кечеги сөзүңө турбайсың дешкенде, аны бийликтегилер кабинетке алып кетишти. Алмазды ичке алып кеткенден кийин, Эсенбеков Адыл сөз сүйлөп губернатор Акматалиев түнкү сүйлөшкөн сөзү боюнча сөзүнө туруп өз каалоосу менен эл тарапка өтүүсүн же болбосо күч менен ак үйдү алуу жагы айтылып дагы сүйлөшүүгө мени жиберишти. Мен администрацияга кирип Алмазга айттым, Алмаз кайра чыгып администрация толугу менен эл тараптабыз дебесең болбой калды. Эл талкалап өрттөгөндөн кайра тартпайт десем: «Мен администрациянын атынан айта албайм» дегенде, анда өзүңдү эле айтып «Мен эл тараптамын»-де десем дагы, мен кайра чыксам эл мага кол салбайт деп кепилдик бересизби деди. Мен эл үчүн кепилдик бере албайм дедим. Ошентип кыскасын айтканда бир жыйынтыкка келе албаганда мен кайра чыгып сүйлөшүүнүн жыйынтыгын айтканымда Адыл, анда элүү бала кирип көтөрүп чыккыла деди. Мен ал балдарга алып чыккыла бирок кол тийгизбегиле дедим. Ошентип Алмазды алып чыгышты. Чыкканда дагы эле эл тараптамын дей албай турганда кол тийип кетти окшойт, акыры макул болду. Ошентип ак үйдү тынч алгандан кийин, талпа обл милицияны көздөй жөнөштү. Элдер УВДга 100 метрден ашыгыраак калганда эле милициялар аткылай баштады, взрывпакеттерин жардырып асманга ата баштаншты. Жаш чыгаруучу пакеттерди жардыра баштаганда чөнтөгүмдө эки платочканы салафанга салып суулап алганмын, милициялар ата баштады мен атпагыла, атпагыла деп бир платочкамды өйдө көтөрүп мен парламентармын деп чуркадым. Тарсылдактар күчөп, көздөн жаш ага баштаганда суулаган платочкамды көзгө жаап алдыга чуркадым. Бир маалда бир нерсе ыргып келе жатканда башымды ылдый кыла калганда, менин артымда келе жаткан аялдын бутуна тийип ал жыгылып калды, балтырын үзүп кетиптир, ошентип милицияга сүйлөшүүгө мен кирдим да, «кайда начальник, ким менен сүйлөшөм»- десем мурун плошаддан көргөм ошол жигит мени менен сүйлөшөсүз деди. Сиз кимсиз десем «мен зам министр, генерал майор Исаевмин» деди. Анда элге чыгып милиция элге өттү деңиз,- деп

тышка алып чыкканда талпа тебелеп кете жаздап, эптеп тегеректеп анын коопсуздугун сактап жатып площадка жеткирип, милиция эл тарапта деген сөзүн уктук. Бул жерден ошол мезгилдеги губернатор Алмаз Акматалиевдин ак үйдөн келген приказды аткарбагандыгын белгилеп кетишибиз керек. Эгер аны аткарганда Талас областындагыдай картина болмок. Ал эми милициялардын чогулган элге ок чыгаргандыгынын себеби, (холостой патрон) өзүлөрүн коргонуу милдетин аткарышкан.

Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин төрагасы
А. Жээнбековго
Кыргыз Республикасынын Премьер-министри
Ж. Оторбаевге
Кыргыз Республикасынын билим берүү жана илим министри
К. Сыдыковго
Элдик талкуу үчүн «Кыргыз-Туусу» газетасына

**Шайлоонун балит өтүүсүнө карата**

**Бакиев калпычыга каяша**

Бир элдин болдуң жекеси,
Подхалимдердин текеси.
Туура айтканды тутпаган,
Жетекчинин кечеси.
Айтканың ашпай жүзөгө,
Көрүнбөйт жакшылыктын чекеси.

Шылдындаба бийлик элинди,
Шылдын болуп саттың жеринди.
Убактың бүткөн күн келээр,
Баскынын көпкөн деминди.
Карманбай бир күн калаарсың,
Жарылса “Ак жол” желинди.
Айтканың баары чып чындай,
Айтасың калпты тил сынбай.
Бийликти берип балаңа,
Жүрөсүң такыр иш кылбай.

Калп айтып тилди жоорутпай,
Жүрсөңчү көңүл оорутпай.
Корс этип келип бир тийген,
Кыймылың жаман доңуздай.
Билгендер сенден жийиркенет,
Сүткө түшкөн коңуздай.

Жер саткан бийлик мактанба,
Билмемиш болуп актанба.
Барабар эле болду го,
Эненди кошуп сатканга.
Каргышы элдин урбайбы,
Канчалык алыс качсаң да.

Ак-Илбирс — Ат-Башы 2008-жыл

***　　***　　***

Кыргыз Республикасынын
Президенти К С Бакиевге

## Жасалма шайлоо дагы элдин эмгегин жейби?

Жайытсыз жайлоо жайлообу,
Жасалма шайлоо шайлообу.
Даменди текке кетирген,
Дан бербей айдоо айдообу?

Дегендей; Бакиевди жасалма "Ак-Жолчу" партиянын демилгеси менен 23-июлда боло турган президенттик шайлоого көргөсүүсү карапайым элдердин деминин эмитен эле сууй башташы мурунтан кайдыгер калкты ого бетер кайдыгер мамиле кылуусу айдан ачык болууда.

Себеби, мурунку өткөн эки шайлоолор элибиздин демин суугандан, тоңгонго жеткизип салган. Мындай шайтан шайлоолор үчүнчү жолу кайталанса, элибизде, жерибизде чоң чыр чыгышы мүмкүн. Чыр чыгып кетсе, кан төгүлүп, канча бири камакка түшөт. Ошондуктан чырды чыгарбоонун бирден бир жолу шайлоону ак, таза өткөрүү.

Эгерде 23-июлда өтүүчү шайлоону чындап эле шайтаң басса чоң чырга айлантпай туруп, тараптар өз ара сүйлөшүп, бул

шайлоону бузулду деп жокко чыгарып, кызуу кандуулардын канын суутуш үчүн, бул шайлоону 2010-жылга жылдыруу керек. Себеби Бакиевдин ошого чейин мүмкүнчүлүгү бар болучу. Ал убакка чейин менин Президентти шайлоо боюнча баш мыйзамга өзгөртүү киргизүү үчүн жалпы элдик талкууга жиберилүүчү пикирлерди кошом. (тиркеме 1- баракта). Бул 23-июлда өтө турган шайлоодо бир жагдайы.

Экинчи жагдайы: шайлоо таза өтсө А.Атамбаев шайланып калышы ыктымал. Ошондой болгон учурда баш мыйзамга өзгөртүү киргизилип, президенттик бийликке чектөөлөр коюлуп, бийликтин үч бутагына өзүнүн укуктары толук колуна тийип

А.Атамбаев Президент,

Ө.Текебаев Спикер,

У.Барыктабасов Премьер,

Болсо кыргыз эли оңолушу мүмкүн.

Анткени, А.Атамбаев президенттикке келсе биринчи үй бүлөлүк башкаруу болбойт. Баш мыйзамга өзгөртүү киргизет жана ар бир бийликтин укуктары өзүлөрүнүн колуна тийип, бир кишинин көзүн кароодон кутулабыз деген ойдомун. Көпчүлүк карапайым Эл да ушундай ойлошот. А.Атамбаев президент болуп калса берген антын, абийирин, адамкерчилигин Эл алдында сактай алат деген ишенич бар. Себеби, өткөн президент менен азыркы президенттин Эл алдында берген антынан жалпы эл “ант ургур” деп каргап жүргөнүнө күбө. Ошон үчүн А.Атамбаевдин абийирдүүлүгү, адамкерчилиги жогору болгондуктан Эл аны шайлайт. Экинчи: Текебаев тууралуу элдин ишеничи да чоң себеби, ал акты- ак, караны - кара деп туура айткан адам. Ушул күнгө чейин кара иштегенге малынбаганы, анын адамдык касиетинин тереңдиги менен баалуу. Муну кудай колдогон адам. Кудай колдогон үчүн аз жерден “матрёшкага” жем боло жаздады.

Ө.Текебаевдин мыйзам чыгаруу бийлигинде чоң салымы бар. Элибизде Эл аралык парламентария боюнча мындан ашкан азыркы убакта инсан жок. Ошондуктан Ө.Текебаевдин парламентте спикер болуусу баш мыйзамдын мыйзамдуулугу толук аткарылып, көз каранды болбой оңолушуна ишенем.

Үчүнчү: аткаруу бутагына Урмат Барыктабасов келсе Кыргызстандын иши оңолуп, элине бактылуу жашоо келээрине көзүм жетип турат. Урмат Барыктабасов ушул убакта кыргыз эли

үчүн аба менен суудай керек адам. Анын адамдык касиетинен, адамкерчилиги адамдарга кылган мамилеси жана өзүнүн айткан сөзүн тута билгени менен башкалардан айырмаланат. Адамдын баалуулугун өлчөй турган куралы жок. Ал ар бир адамдын өзүндө. Бул тууралуу менин тастыктоом боюнча адамдын баалуулугу анын байлыгында эмес. Алган айлыгында эмес, келишимдүү келбетинде эмес, тагынган берметинде эмес, пейлинин кенендигинде, кара кылды как жарган калыстык менен теңдигинде!

Ушул жерден Урматтын сөзү менен иши айкалышкандыгы тууралуу болуп өткөн нерсени кээ бир адамдардын эсине салуу менин парзым катары сезип төмөнкүнү айткым келди.

24-март 2005-жылдагы ынкылаптан кийин Урмат Барктабасов Акаевдин куугунтугунан келип адамдардын жакырчылыкка батып, жаштардын кылаарга иши жок тургандарын көрүп, аябай кейип, "кой буларга бир колдоо көргөзүү менин атуулдук милдетим"-деп "Мекеним Кыргызстан" Жаңы муун кыймылын түзүп, жаштарды спорт менен алаксытыш үчүн, спорт инвентарлар менен камсыз кылып, ар бир районго бул кыймылдын ячейкаларын ачып, көчө таптап турган жаштарды ар кандай терс иштерден коргоп спорт менен машыгууга көмөк түзгөн. Мугалимдер менен медиктердин профессионалдуулугун көтөрүш үчүн конкурстарды уюштуруп, "жылдын мугалими", "жылдын дарыгери" деген наамдарга татыктуу болгондорго төрт номинацияда сыйлык берилген.

Мындан тышкары жакыр жашаган үй бүлөлөргө бир жылдык мөөнөт менен 10 000ден 20 000ге чейин пайызы жок кредиттерди берип баш аягы Кыргызстан боюнча 200 млн.сом берген. Кыскартып айтканда "Президенттик шайлоого азыр эрте" десем "такырбаштардын", "элге таанылгын" деген тилин алып, шайлоого катышканы бийликтин шаштысын кетирип ар кандай күч колдонууга аргасыз болуп тил сынагынан 5 алганына карабай кыргыз эмес деген бүтүм чыгартып шайлоого киргизбей коюшкандыгы тууралуу тынчтык наразылык акциясын өткөрүшкөндө, атайлап уюштурулган провакаторлор бул акцияга жамынып ак үйдүн темир дарбазасын сындырып ак үйгө кирип кетишкен. Дарбаза жыгылганда давка болбой бир да кишинин

кабыргасы сынбай, бир жаман короонун чириген жыгач решеткасындай сындырып өтүп кетишкен. Себеби ал дарбаза алдын ала түбүнөн арааланып, жыгылганга даярдалып коюлган. Болбосо давкадан бир канча киши жарат алат эле да. Бул болуп өткөн чындык.

Ошентип Урматка кара иштерге малынган бийлик ак жерден кара көө жабышып эмгичекти ал башка эл башка жерде жүрөт. "Эми болоору болду, боёсу канды"-дегендей бул көрүнүштү канча айткан менен пайда чыкпайт. Кыргыз элине пайдалуу жагы төмөнкүлөр болушу мүмкүн:

Жогоруда айтылган пайызсыз берилген кредиттер адамдарда калды. Бул тууралуу Урмат газета аркылуу "Айланайын кыргыз элим! Мен берген кредитти кайтып беребиз" башыңарды оорутпагыла, элимдин өнүгүп өсүүсү үчүн, Кыргыз элим үчүн! Ал акчадан кечтим, кайтарып албайм - деген, мына бул адамдын баалуулугу эмей эмне? Урматтын Президент болоюн деген ою жок. Кыргыз элин жакырчылыктан чыгаруу үчүн акылы башында, эрдиги жүрөгүндө бар Премьер керек. Буга азыркы убакта Урмат кана татыктуу.

"Жамандык өтпөгөн баштан, жакшылык аз чыгат, алысты көрүп билбеген, жакынына кас чыгат"-дегендей Урмат башынан көптү өткөзүп, жамандык менен жакшылыкка туура караган акылдуу адам. Анын үстүнө байлыгы да марттыгы да бар адам үчүн 200 млн.сомдон, эли үчүн кечип жатпайбы.

Урмат Араб өлкөлөрүндө бир элдин качкыны эмес, ал өлкөлөрдүн абдан сыйлуу, акылман адамды катары бааланып, бизнес тууралуу Урматтан кеңеш алышканына караганда Урмат абдан баалуу адам. Анын баалуулугун жогоруда айтып өттүм. Кыскартып айтканда, Урмат Кыргызстандын Өкмөт башчылыгына келсе Кыргызстанга болуп көрбөгөндөй, Кыргызстан үчүн абдан пайдалуу инвестиция тартылаары шексиз. Тактап айтканда, элибиздин жаздагы айдап себүүсүнө, оруп жыйноосуна керектелүүчү майлар, пайызсыз кредиттерди берүү жолу менен Кыргызстандын экономикасын көтөрө турган бирден бир уулубуз ушул.

## Бийликтин ээси эл

АЛМАЗБЕК ШАРШЕНОВИЧ менин токтоло турган маселем төмөнкүчө: Эгемендүү мамлекет болгондон кийин, бийлик элдин колунда болуш керек. Сизди ПРЕЗИДЕНТ катары элибиздин 63% шайлаган. Ал эми Парламентти партиялык тизме менен 15-20% добушту сатып алуу жолу менен келишти.

Ал партия тышкы душмандарыбыздын каржылоосу менен көп добуш алышып, ички душманга айланышып, мамлекетибизди туруксуздукка алып келип, бузуп жарганга аракет кылган партиянын атын атабаса деле белгилүү болуп калды. Аны 3-октябрда болгон окуя тастыктап турат. Бул биринчиси;

Экинчи- маселе ошол 3- октябрдагы митингдин башынан аягына чейин дүйнөнүн эли бүт көрүп сүйлөгөн сөздөрүн угуп жатышса дагы Ата-журттун депутаттары мыйзамга баш ийбей ага каршы иштешип, камалгандарды бошотуп жиберүү үчүн карапайым элди үгүттөп, «баатыр» энелердин жана ажаан катындардын артына жашынышып мындай ишке барышкандыгы, кан жолдорго боз үй тиктиришип тостургандыгы Кыргыз элибиздин ички душмандары экендигин аныктап, аларды уюштурган башчыларын жоопко тартуу жагын сурайбыз.

3-коррупцияга каршы башталган ишти; Биз Нарындыктар колдойбуз. Эң башкы маселе ушул камалган депутаттарды караөзгөйлөрдүн кепилдиги менен үй түрмөгө чыгарсаңар, анда булардан кол жууйбуз, качып кетишип, тышкы душманга айланат. Эгерде өзүлөрүнө өзүлөрү койгон статиялар турса дагы, сотторубуз чыгарышып жиберишсе, дүйнөгө шылдың болобуз. Анда коррупция менен күрөшпөй эле койгонубуз оң болот.

Бир элдик макал оюма келип, ага породия жазгым келди. Кой аксагы менен МИҢ- деген. Менин породиям; «Бизде депутаттар КӨК МЭЭСИ менен 120 деп». Көк мээнин ким экенин айтпаса деле билесиздер.

5-декабрь 2012- жыл. А.Ш. Нары шаар

## Ачуу чындык (элдик макал.)

Бул макал тууралуу мындай кошумча айткым келет. Чындыкты табуудан чоң муктаждык жок, чындыгы бар элдин

курсагы ток-деп. Себеби, биздин канчалаган жарандар, чет мамлекеттерде «малай» болуп жүргөндөрү өкүнүчтүү. Булар ачкачылыктан кетишкен жок, КАЧКЫН эки президенттин тушунда, мамлекетибиз бир коомдон экинчи коомго өтүү учурундагы, жумушсуздуктун негизинде, экономикалык тартыштыктын болуусу жана жарандарыбыздын чет өлкөгө кетүүсүнүн эң башкы себеби, өлкөбүздө чындыктын жоктугу, паракордук, караөзгөйлүк, коррупция менен криминалдык чөйрөгө, бийликтегилердин көмөктөшүп кетүүсү, баягы төө минип алып, чындыкты издеген индустай болушуп өлкөдөн чыгып кетишти.

Болбосо бир кара курсакты бул жерден деле тойгузса болмок.

Чындыктын жоктугунан акты кара-деп, караны ак-деп бүтүм чыгарышкандар; СОТ бийлигинен баштап бийликтин бардык бутактарына жайылып кетүүсү жугуштуу оорудай болуп калды.

Мындай адамдарды өкмөт жумушунан да четтете албайт. Себеби; Булардын кара акчага жалданган «ОБОН» деген шиттери пайда болду. Элибизде мындай макал бар. «Жаман катын эр бузат, жаман эркек эл бузат» - деген. Азыр тетирисинче, жаман катын эл бузуп, жаман эркек ошол катындын жыртык штанын маска кылып бетин жаап алып, алардын артынан ээрчип калышты. Мындай көрүнүштү, кылымдарды карыткан КЫРГЫЗ ЭЛИМДИН деңгээли ушунча түшүп кетеби деп корком. Мындай аялдар жеке эле элет жеринде эмес, бийликтин бир бутагы болгон, жогорку кеңеште да мурдунан алысты көрбөгөн, чагымчыл аял жок эмес. Эгерде ошол аял туура болсо, «кокуй койгула биз «аял»-деген ыйык жана улуу наамыбызды булгабай, сактайлы — деп ажылдаган катындарды тыйса болот эле да.

Антпестен колтугуна суу сээп, аларды түкүрүп туруулары өтө жат көрүнүш деп ойлоймун. Аял заты эмнеси менен күчтүү? Алардын алсыздыгы, сүйкүмдүүлүгү, назиктиги менен күчтүү!.

Ажылдаган итке окшогон ажаанга, эч кимдин теңелгиси келбейт.

Ушунчалык жийиркеничтүү болгондуктан, мындай макал эске түшөт «итке теңелип бок жебе» ЖЕ «бокту чапсан бетке чачырайт» - деген. Ушунун себебинен; Бетиме бок чачыратып

албайын - деп күч органдары дагы, өзүлөрүнүн укугун басаңдатып коюшту. Жок мындай болбош керек. Бул тууралуу мыйзамга өзгөртүү киргизүү зарыл экендиги көрүнүп турат. Мындай жат көрүнүштү, баардык коомчулук, улуу-кичүү, аял-эркек баарыбыз мындай көрүнүшкө бөгөт коюп, бийликке эл өзү жардам кылмайынча, элибизде ынтымак болбойт.

Ушундай АЧУУ ЧЫНДЫКТЫ Биздин аты алайга жеткен жазуучуларыбыз жогорку наамды алып, төшүнө «БААТЫР»- деген орден тагынып жүрө бербей, мындай терс көрүнүштөр тууралуу жазышышса элибизге жеткиликтүү да ишеничтүү да болоор эле.

## Унутулган институт

Биз Кыргыз мамлекети өзүбүздүн укугубуз колубузга тийип, бирөөгө көз каранды эмес, эркин мамлекетти түзүп жатабыз. Өзүбүздүн конституцияны кабыл алдык жана ушул конституциябыздын ичине камтылган сот, прокуратура, милиция, коопсуздук комитети жана адвокатурага тийешелүү закондорду биздин кымбаттуу парламентибиз бекитишти. Бирок ушул эки жылдан ашык убакыттан бери, адам укугун коргоо тууралуу канчалаган сөздөр болбоду, канча кызандашып урушканга чейин барышып, бир топ закондорду кабыл алган менен эң керектүү жерин унутуп, көп этибар албай койушту.

Эркин мамлекеттин элдери эркин укуктуу адамдардан туруу керек. Эркин укук деп биз билебиз, ал адам социялдык, экономикалык, саясий, духовный жана башка жактардан бирөөгө көз каранды болбогон адамдарды эркин адамдар дейбиз. Мына ушул кыйынчылык менен курулуп жаткан демократиялык түзүлүшүбүздө эркиндиктин бардык жагдайын сот да, прокуратура да, милиция да толугу менен коргой албайт. Аны толуктай турган ар бир инсандын укугун керек болсо ӨЛКӨНҮН укугун коргой турган бул адвокатура институту. Адвокатура канчалык күчтүү болсо ошончолук өлчөмдө адам укугу корголот. Ушул жерден сиздердин көңүлүңүздөрдү бура турган бир нерсе; Баарыбыз жакшы билебиз раматылык С С С Р бар кезде абдан чоң күч прокуратурада жана милицияда эмес беле, адвокатура болсо аты эле бар формальный жумуш өтөгөн, эптеп жанын баккан мекеме экенин баарыбыз жакшы билебиз. Ошондуктан

адвокатурага, соттон, прокуратурадан милициядан бошоп калгандар ушул күнгө чейин иштеп жатуулары өкүнүчтүү болууда. Адвокатуранын алсыздыгынан прокуратура менен теңдешсиз экендиктен, канчалаган шордуулар ак жеринен соттуу болушту. Колунда бийлик тургандар караны ак, акты кара кылышты. Баардыгы деп күнөөлүү болгум келбейт. Ошонун арасында көпчүлүгүнүн колдору пара алып булганып калышты.

Ошол эле учурда ушунчалык булганыч кызматка колунан келген кокуйлар, балдарын да бул тарапка тарта башташып, юридикалык факултеттерге киргизишип, өздөрүнүн турмушун кара жолдор менен оңдоп алууга умтулушкан. А эмне үчүн, ошол эле балдар юридикалык билим алгандан кийин адвокат болушкусу келишпейт. Анткени СССРдин эң чоң кемчилиги, прокуратура менен адвокатура бирдей тегиздикке жайгашкан эмес. Бир кызык нерсе юридикалык факултетти жаңы бүткөндөр адвокат болуп иштеди дегенди уга элекмин. Ал эми өнүккөн элдерде эң күчтүү юристер бул адвокаттар. Мен баардык соттуу болгондорду адвокаттардын начардыгынан дегенден алысмын. Кээ бир күнөөлүүлөрдү күнөөсүнө жараша күнөөлөш керектигин баса айткым келет.

Мисалы; атайлап киши өлтүргөндү, зордоо жана зомбулук жазаганды, күнөөсү аныкталгандан кийин 10 күндүн ичинде атуу же асуу керек. Ууру кылгандарды күнөөсүнө жараша, манжаларын же колун кезүү жагы биздин конституциябызда каралса болмок.

Себеби, атайлап киши өлтүргөн же ошого тете күнөө кылгандар ошол барган колонияларда, оңолуп кетүүнүн ордуна, мурун бир киши өлтүрүп түшсө кийин бошонуп келгенден кийин мурункуну кайталабайт деп ким кепил боло алат. Анткени, оңолуунун ордуна өлтүрүүнүн бардык түрлөрүн мурункудан да жакшы үйрөнүп чыгышат. Мындай адамдар эл арасында коркунучтуу болгондуктан буларды, жакшы адвокаттар да жактабайт. Менин акырында айтайын дегеним, Адвокатурага прокуратурадан кем эмес көңүл бургула! Юридикалык факултетти бүткөн жаштар прокурор эмес адвокат болом дешип умтулушса, колдору таза болушуп жакшы адвокат болушкандарды күтөөр элем. Себеби; 21-кылымдын ичиндеги жаш адвокаттар президент болушса таза ПРЕЗИДЕНТ чыгат эле.

Нарын шаары **АБДЫРАЗАК ШЕРМАМБЕТОВ.** 1997-жыл

Президентти шайлоо боюнча Кыргыз мамлекетинин баш мыйзамына өзгөртүү киргизүү үчүн,элдик талкуугa коюлуучу

## УЗАКБАКБАЕВ ЭМИЛГЕ

КОПИЯСЫ . Жибек жолу газетасына.

## А Р Ы З.

Кымбаттуу иним ЭМИЛ. Биз Ак-коргон аймагында жашачулар Сизге ушул арыз менен кайрылууга мажбур болдук. Себеби, ошол аймакта Арпа көчөсүнүн тушунда таштанды төгүүчү жай коюлган, ошол жайга 8 көчөнүн тургундары таштанды төгүшөт. Бир жарым жылдан бери таштанды чогулуп тоо болду. Акчасын чогултуп алышкан. Бул маселе тууралуу чөлкөмдүк кеңешке жана акимчиликке бир канча жолу кайрылдык, бирок жыйынтык болбогондо айла жоктон баягы «куйөөсү өлгөн катын кошокчу» күйүттүү адам жомокчу дегендей Айласыздан төмөнкү ырды жаздым.

### Таштанды

Ак-Коргон биздин айлыбыз,
Атайлап издеп барыңыз.
Каралбай минтип калгандай,
Болду экен эмне айбыбыз.
Биз жакка көңүл бөлүнбөй,
Таза жер калды көрүнбөй.
Туралбай койдук сөгүнбөй..
Жамгыр суу акчу арыктар,
Таштанды тозуп көл болду.
Кайык жок көлдөн өтө албай,
Таштанды бизге жол болду.
Таштанды жазда чириди,
Көргөндүн көөнү ириди.
Акча жыйнап алгандар
Калп айткандын бириби.
Таштанды чирип көгөрүп,
Келатат чымын көбөйүп.

Анда ойногон балдарды,
Кетпесин ажал өнөрүп.
Төкпө деп айтсаң урушат,
Айла жок куйкан курушат.
Жумшап коюп балдарды,
Чоңдору карап турушат.
Маш эмес элек жазганга
Маани бер ЭМИЛ айтканга.
Таштандыдан кутулсак
Тазарсын көңүл басканда.

ДЕП ЫРДЫ ЖАЗГАН дарыгер акын.
АБЫРАЗАК ШЕРМАМБЕТОВ.

Нарын шаары, 4-июнь,1997-жыл.

Кара сөзгө караганда ЫРДЫН таасирдүү экенин ушунда билдик.

Тимеле жүктөгүч трактор, самосвал бат эле табылып, эки күндө эле бүтүштү.

## Эмне үчүн буга өч болдум

Мен бала кезимден мергенчиликти жакшы көргөндүктөн мылтыктардын түрлөрү бар эле. Анын сайлуулары милицияда каттоодо туручу. «БАРС» маркасындагы эки мылтык, бирөө менин жакшы жолдошум УМЕТОВ ЖИГИТТИН наамында болучу, ал мергенчиликке кызыкпагандыктан мен пайдаланчумун жана менде сакталып туручу. Бир жолу милициянын майору Асаналиев келип, мылтыктарды милицияга чогултуп жатабыз, текшерүүчү келмек болду деп менин Барсымды дүрбүсү менен алып кетип 12 күндөн кийин кайра алдым. Үйдөн мылтыгымды текшерсем, жөн эле складда турбай, атылып стволу кирдеп калыптыр, дүрбүсү да туура отурбай калыптыр. Мен мылтыктарымды балдарымдай көрүп дайыма майлап-тазалап турам. Экинчи жолу дагы текшерүүчү келмек болду дегенде, мурунку жолу алганда мылтыгымды пайдалангандыгын айтып, мылтыкты бербейм десем, мыйзамга таяп болбогондугунан айла жок дүрбүсү менен затборун чыгарып калып калсам, ал нааразы болуп, экөөбүз кыжылдаштык. Ошондон бери ортобузда кара

көлөкө ойноп калган. Дайым эле мынтыктарымды текшерип тийише бергендиктен, шыралга да бербей койдум. Тийиштей жөн мамиле кылганда, шыралганы шыйрагын кеспей бутулуу деле бермекмин.

Айлам кеткенде мурун башынан өткөн нерсесин эсине салып коёюун деп ойлоп МИДИНДЕН салам айтайын деп чечтим.

Бул окуя төмөнкүчө болгон. Раматылык МИДИН тирүү кезинде, айылына барып, кайра ФРУНЗЕГЕ кетиш үчүн «КЫЗАРТ» айылынан чоң жолго чыгуучу бурулушка келип автоунаа тозуп калат. Күн ысык көлөкөлөй турган жер жок. Жакын жерде эски мүрзөнүн дубалынын көлөкөсүндө бир киши жатканын көрүп, көлөкөлөш үчүн анын жанына барса, милиция формасын кийген киши экен.

Башында бир да түгү жок жалтырап, нымышып, тердеп турганын көрүп, жазып көнгөн эргул колу кычышып чөнтөгүнөн химический карандашын алып чыгып, төмөнкүчө жазат.

«Бул башпы? Же ташпы?
Муну жыдытканбы, жулганбы?
Же талаада жаткан кумганбы?.
Минтип жүрсөң куу башың,
Курутат го Жумгалды».

Көрсө бул адам дагы Фрунзеге кетиш үчүн жол тосуп келип «супер саяктар» жакшылап узаткандыгынан ысыкта көлөкөлөп отуруп уктап калган тура.

Бир жолу экөөбүз жолугушуп калдык. Мен кичүү болгондуктан, ортобуздагы көлөкөнү жоюш үчүн барып салам айтып кол алыштык. Байкасам маанайы жакшы көрүнөт. Мен дагы жибийин деп «байке жаман менен кандайсыз? десем анын эмне деп менден кайра сурады». Мен койчу байке ошону кантип билбейсиз унуттуңузбу. Элдин баары эле жакшы көргөн нерсесин «жаманым» деп эркелетет эмеспи десем, «эмне дегени турасың» табышмагы жок эле айтчы деди. Мен үч манжамды жумуп бармак менен чыпалагымды чыгарып көргөздүм да сүйлөшөлүбү дедим. Ал чыныбы-калпыбы «шашып жүрдүм эле эмки жолу деди. Кийин автобуздун ичинен жолугушуп калдык, бир топ кишилер менен келе жатышыптыр, баарлыгы ГОРБАЧЁВДУ жамандап жатышты. Орто жолго жетип калган кезде, эл азайган кезде байке кайдан түшөсүз биреөнүн саламы бар эле десем милициядан түшөмүн айтпайсыңбы саламың дегенде түшкөндөн

кийин айтам дедим. Остановкадан чоогуу түштүк. Ал көчөдөн өтүп тратуарга чыгып токтоп «кана айтчы саламды ким айтты» - деди;

Мен жанына барбай маңдай жагында бактын жанында туруп. Мидинден айтам саламды,

Кат жазган башың аманбы?
Өлгөндөрдү эскерүү
Тирүүлөргө жаманбы.
Горбачевго ырахмат,
Эркиндик берген заманды.
Аз калса керек убагы,

Ала келсин деди «жаманды» дегенде «ох атаңды»-деп таягын жаңсаганда таягы бакка урунуп токтоп калганда мен алыстан туруп «өчүмдү алдымбы?-десем «алдың»-дегенде ортодогу көлөкөнү кубалап, «ЖАМАНДЫ» кошуп алсак ал бизди достоштуруп койду. «ЭР ЧЕКИШПЕЙ БЕКИШПЕЙТ»-деген ушул экен.

## Бата

Апапак болсун жакаңыз,
Ар дайым консун саканыз.
Өмүрдүн татаал жолунда,
Тайгылбай бассын таканыз.
Арбагы менен өзүндү,
Колдосун АТА-БАБАҢЫЗ.
Унутуп калбай Кыргызды,
Колдосун МАНАС АТАБЫЗ.

Бул кыска батанын чечмеси төмөнкүчө; 1-саптын чечмеси;

Жаканы агарта турган сенин өмүрлүк жарың, (алган аялың). Үй ичинде ынтымак болсо, Ырыскы ээрчип келет. Ырыскын сенин үй-бүлөң (бала-чакаң), ошолордун ортосунда кадырман ата болуп, өзүндү «бактылуумун»-деп сезе билсең, көңүлүңдө кир болбосо, алла таалам буюрган ырыскыга топук кылып, пейилинди кенен салып жашооңду өткөрсөң, жеке эле үй-бүлөң эмес, башка адамдарга, дегеле жаратылышка жүрөгүң таза болсо аларга ак мамиле жазап биреөнүн көңүлүн кирдетпесең жакаңдын аппак болгону ошол. (көйнөгүң кирдесе жуусун, көңүлүң кирдесе суусун)-дегендей көңүлдү суудурбаш керек.

2-Саптын чечмеси; Кыргыздарда, мурунку кылымдарда сакаңы, чүкөнү төлгө катары колдонушуп аны абыдан сыйлуу, улуу адамдарга өкчөтүп келишкен. Адамды —адам кылган эмгек. Эмгектенген жеринде ишиңдин ийгилигин көрүп, кадыр-баркка бөлөнүп, досторуң сыйлап, душманың ыйлап, атак-даңкың алыска жетип, кара-кылды как жарган калыстыктан тайбай, айткан сөзүң жерде калбай, бирөөнүн ырыскысына кол салбай жүргөнүңдү эл сыйлап турганы. Бул адамдын САКАСЫНЫН ар дайым конгону ошол.

Эми 3-4-саптын чечмеси;

Адам баласынын өмүр жолунун кызыктыгы, бирде өйдө, бирде-ылдый болуп. Бирде чөлдө калсаң, бирде сууга агып, тайгак кечүү тар жолду басып, рахаттуу жашоого аракет кыласың. Бирок тагдыр адамдын башына эмнелерди гана алып келбейт. Жамандык башыңа түшсө ошого чыдап сабырдуу мамиле кылсаң, өмүрүңдүн татаал жолдорунан тайгылбай өткөнүң ОШОЛ.

(Адам адамга жакшылык кылыш үчүн, жаманчылыкты, кыйынчылыкты башынан өткөрүш керек). «Ушул тууралуу бир учкул Сөзүм бар. «Жамандык өтпөгөн баштан жакшылык аз чыгат, алысты көрүп билбеген, жакынына кас чыгат». 3-4-саптын эң күчтүү жери, сен кайсы гана тармакта иштебегин ошого бийик жана улуу максат коюп, ошонун туу чокусуна жетүүдө көптөгөн тоскоолдор ( суу болобу, тоо болобу, же кууракан чөл болобу) ошолордон тайгылбай, мүдүрүлбөй, чарчап-чаалыкбай өтүп, элге кызмат кылганыңды элиң билсе, анда ушул бата сага тийээри шекшиз..

## БАЛАҢДЫН ҮЙЛӨНҮҮСҮ

Жакшылыкка кадам болсун,
Келиниң ажаан болбой адам болсун.
Уулуңду уят кылбай ,
Эл сыйлаган МАДАМ болсун.
Арнаган элге ырым бар,
Айтууга болбос сырым бар.
Ак иш кылган адамдын,
Аты өчпөй калат кылымдар.
Жемкорлорду мээлеген,
Сөз менен атчу чырым бар.

## Жаңы келген келинге  А к  Б а т а !


Жакшы турмушка туш болгун,
Жакшы адамга куш болгун.
Кадырын сыйлап эркектин,
Каныкейдей уз болгун.
Кейитпей келген жериңди,
Кереметтүү кут оюлгун.
Бул жерде ата-энеге,
Колу менен бут болгун.
Алган жарыңа ээ болгун,
Акыл кошоор мээ болгун.
Үй-бүлө, бала-чаканы,
Тойгузган сүттүү бээ болгун.
Баскан турганың тың болсун,
Денсоолугуң чың болсун.
Өзүң эл көбөйткүн,
Алганың жер көбөйтсүн.
Арчадай өмүр берсин,
Асмандай көңүл берсин.
Адамдарды суктандырган,
Жашоонун төрүн берсин.
Каапырдын каргышы жетпей,
Ортонордон ынтымак кетпей
Ишиңер оңолсун.
Күлкүңөр додо болсун,
Үйүңөргө ырыскы толсун.
Жараткандын сыйлыгы бол,
Жакындардын сыймыгы бол.
Оомийин! Ушул батаны АЛЛАМ өзү кабылдасын,
Жакшылык үйүңөрдөн жаңылбасын.

А. Ш.

***   ***   ***

«4-октябрдагы шайлоодо кайсы партиялар өтсө Кыргыз элинде алдыга жылуу болот эле деп ойлойсуз. Сиз көптү көргөн, азыркы убакытты дагы туура түшүнгөн адамсыз»- деп Нарында бир журналист сураган суроосуна мындай жооп бердим да алдымдакы ак баракка сүрөтүн тарта салдым.

Бул Каркыраның учуу философиясы




Мунун түшүндүрмөсү мындай СДПК баштаса, Замандаш менен Кыргызстан экөө тең жаштар, СДПКнын тилин алышат. Ошондуктан ынтымак болгондуктан алар бийик жана алыска уча алышат.



Энем Турдукан, агам Турдубек, жеңем Анипа баласы менен.



Уулдарым Эмил, Эркин, Эдил, кызым Айнур.



Мен аткан кулжа 551 балл алып алтын медалга татыктуу болгон.



Мен досум жана коллегам Марс менен Тынч океанда 5 мамлекетте жүргө Круиздеги сүрөт.



Мени биринчи мергенчиликке 8 жашымда үйрөткөн Шайлоо



1955-жылдагы Самарканд шаарында армияда жүргөндө мен атып жүргөн 152мм калибрдеги Гаубица пушкасы



Менин досум Нуркан Турсунбаев жана мен дарылаган оорулуулар



Байбичем Бүбүсайнап, уулум Эркин, келиним Гуля, кызым Айнур, биринчи неберем Толгонай



Эң улуу агам Раимбек Шермамбетов 1931-35ж.ж., Кашкар шаары, СССРдин 1-ачылган консулствосундо иштеген (разведчик).



Эң жакын жана жакшы көргөн досум Орозбек Төрөбеков





Ак-Сай өрөөнүндө мен, облуспоолкомдун төрагасы Кеңешбек Мырзабеков, досум Орозбек Төрөбеков шопуру менен малчыларга барган учурдагы сүрөт, 1982-жыл.

Бул китепти жакшы көргөн досуңа белек катары берсең болот, себеби ал бай болсо ага акчанын анча кажети жоктой. Ал 5миң сомду албай да койушу мүмкүн.1-2 минди өзүң да бере албайсың. Ошондой жерде бул китеп ылайыктуу, себеби: бул китепте кымбат баалуу баталар бар. Учкул сөз, макал-ылакаптар, түркүн ырлар, тамсилдер бар, табышмак үчүн төмөнкү тамгаларды сөзгө айланткыла. **(Ч.Ч.К.К.)**

1-туура тапканга китепти белекке берем.

## Окурманыма

Колуңуздардагы китепти окуганыңызда кандай ой, пикир жаралды ошого кайдыгер карабай оюңуздарды, пикириңиздерди төмөнкү дарекке жазып жиберсеңиздер кийинки китепке багыт болот эле. Сиздерге жана туугандарыңызга китептин ичиндеги баталар тийсин деп Абдыразак Шермамбетов, Нарын шаары, Арпа көчөсү, № 2 үй, тел. 5-2164,0777727250, 0556001458

# СӨЗ АЯГЫ

Мен чындыгында кесибим боюнча дарыгермин. Бала кезимден жаратылыштын коздугуна жана сулуулугуна суктанып, аларды бала сыяктуу аяр мамиле кылууну көксөп дайым чыркыраган чындыкты издөө менен алек болдум. Мейли ыр болобу же кара сөз болобу ушулар мага дем берип, күчүмө күч, акылыма акыл кошулгансып, жакшы адамдардын акылдуу сөздөрүн эсиме түйүп алууга аракетимдин жыйынтыгындай сезилет. Кыскартып айтканда бул китептин чыгышына демөөрчүлүк кылышкан Нарында жашашкан Ат-Башылык инилериме Кыргызстан партиясынын жетекчилери Талант Исаев, Шаршенбек Абдыкеримовдун командаларына чоң ыраазычылыгымды билдирем. Кыргыз элим ынтымак менен ырыскыга бөлөнүп аман болушсун! деп автор А.Шермамбетов. 0777727250

МАЗМУНУ


Кириш сөз........................................................................................ 5

АРНОО ЫРЛАР........................................................................................ 10

Алмазбек Шаршеновичти колдогон ураан!........................................................................................ 10

МЕНИН ЫРЛАРЫМ........................................................................................ 11

Кандай элбиз кыргыздар........................................................................................ 11

Үч инсанга үч ооз сөз........................................................................................ 12

Акаевге !........................................................................................ 12

Шеримкуловго!........................................................................................ 12

Жумагулов Апаска........................................................................................ 13

Үчөөнөн башкаларга........................................................................................ 13

Каалоом бар айтчу Чыңгызга!........................................................................................ 14

Жакшынын шарапаты........................................................................................ 15

Кубанамын жыгач атчан «Агайыма»........................................................................................ 16

Бүкөш деймин атыңды эркелетип........................................................................................ 18

Кадырлуу кудам Саткынбайга!........................................................................................ 19

Алыкулду эскерүү........................................................................................ 20

Асылбек курсташыма........................................................................................ 20

Бактыбек салган ак сарай........................................................................................ 21

Классташым Батмага!........................................................................................ 22

Энеме. Сүт менен адам болгонбуз........................................................................................ 23

Бүкөштүн туулган күнүнө арноо........................................................................................ 24

Иним Каныбек Сейтакун уулуна!........................................................................................ 25

Кымбаттуу курбум Айыпка!........................................................................................ 26

Коллегам Эсенбүбүгө!........................................................................................ 26

Казыбек биздин атабыз........................................................................................ 27

Кеңешбекке........................................................................................ 28

Арзыкан кызы Таластын........................................................................................ 29

Жанарага........................................................................................ 30

Өкүнүчсүз өмүр өтпөс дүйнөдөн........................................................................................ 30

Иним Дүйшеев Шайлообекке........................................................................................ 31

Барыктабасов Урмат Аскарбековичке........................................................................................ 31

Орозакун Мамбетакуновго!........................................................................................ 32

Менин кесибим боюнча коллегам Асанбек Мырзабековго........................................................................................ 33

Курсташым Торонго!........................................................................................ 34

Кубатым деп........................................................................................ 35

Мергенчи Баатайга........................................................................................ 36

Балдарга........................................................................................ 36

Апама........................................................................................ 37

Магелланга........................................................................................ 38

Оо Хозе Ризал, Филиппиндин баласы........................................................................................ 38

Эдил мерген ........................................................ 39
АР ТҮРКҮН ЫРЛАР ........................................................ 41
Менин ырым........................................................ 41
Ден соолук адамдардын келечеги........................................................ 41
Поэзия күчү........................................................ 42
Абдыразак деген атым бар........................................................ 43
Кадыр түн........................................................ 43
Асрейил periштеме!........................................................ 43
Мен өлгөндө........................................................ 45
Жашоонун кызыл сызыгы........................................................ 45
«Акын»-деген бир атым........................................................ 46
Өкүнөмүн өтүп кеткен жылдарыма!........................................................ 46
Жазгым келет........................................................ 47
Тоолорум менин байлыгым........................................................ 48
Кайдыгерлик........................................................ 49
Ак дилим бар........................................................ 50
Изим калган менин дагы ал жерде........................................................ 50
"Жетим"........................................................ 51
Улуттун куту Нарында........................................................ 52
Ат-Башым........................................................ 53
Муктаждыктын эң кыйыны, чындыкты табуу........................................................ 53
Айдоочуларга!........................................................ 54
Жүргүнчүлөргө!........................................................ 55
Калыс сүйлө карыганда!........................................................ 56
Шеринелештериме!........................................................ 56
Мен коркомун........................................................ 57
Кыргыз тили........................................................ 57
Көңүлү бардан кур калба!........................................................ 58
Командировкага барганда ооруп калган глав врачка!........................................................ 59
Эң күчтүү курал ынтымык........................................................ 59
Кең Чүй жакка качпайлы........................................................ 60
Айланайын Кыргыздар........................................................ 61
Кыргыздар!........................................................ 63
Символдор........................................................ 63
Жазайын деймин уялам........................................................ 64
Олимпиада........................................................ 65
Оо жигит........................................................ 66
Атадан калган эстелик........................................................ 67
Жеңиш күнүм........................................................ 68
Эки нарын........................................................ 69
Темир менен көмүр........................................................ 69
Суу менен жер........................................................ 70

Биз ал жакта........................................................................ 70
Кыргыз жапан үйлөнсө............................................................. 72
Нагасакидеги эстелик.............................................................. 73
Оо океан................................................................................ 74
Кырсык.................................................................................. 75
Ой........................................................................................ 76
Бала...................................................................................... 76
Каптабасын темир булут асманды............................................. 77
Өтсө жылдар.......................................................................... 78
Тоо сыры............................................................................... 79
Ак сүтүн................................................................................ 80
Ак төшөк............................................................................... 80
Көк- Кыя............................................................................... 81
Мөңгүлөр.............................................................................. 82
Кыш бермети.......................................................................... 82
Көчмөндөр. Көчмөндөр ойну көк бөрү....................................... 83
Таппай турам жашаруунун айласын........................................... 84
Кайдасыңар курсташтарым?...................................................... 85
Кайра куруу жаңыруу.............................................................. 86
Биздин Шерлок Гдлян!............................................................. 87
Оо туугандар, туугандар!......................................................... 87
Оо аяштар, аяштар.................................................................. 89
Кытайга баргандардын кээ биринин кылыгы!............................... 89
ОО жаштарым, жаштарым.......................................................... 90
Тилдин күчү сөздө, Сөздүн күчү өздө!........................................ 91
Тил мүдөөсү........................................................................... 92
Макал-ылакап, учкул сөздөрдү өнүктүрсөк, тил өнүгөт................ 93
Террористтик бир көрүнүш........................................................ 94
Куудулдарга куймак!................................................................ 98
Белдиктен мурун туулган козунун арманы................................... 104
Тамсилдер.............................................................................. 105
Тарыхтын дөңгөлөгү кайталанып................................................ 105
«Биздики баары жетет» - деп..................................................... 106
СССР менин мекеним................................................................ 108
Жетим тоо.............................................................................. 110
Нарын шаары.......................................................................... 110
Ичкилик................................................................................. 110
МЧС- деген тегим бар............................................................... 111
Кургак учук............................................................................ 112
Алгачкы белгилери................................................................... 114
Жаштар үчүн........................................................................... 115
Коллегалар үчүн...................................................................... 116

ЛИРИКАЛАР........ 118
Акыркы болбо барагым........ 118
Ага жан........ 118
Ак чыным........ 119
Оо «Сакура! - Сакура!»........ 120
Суранаарым сүйүүңүздөн беришсең........ 122
Аселге!........ 123
Саламаттын туулган күнүнө........ 124
Мугалим кызга!........ 124
Көзүндөн күлкү көрүнүп........ 125
«Жашмын»-деп жаным качпасаң........ 125
«Карып»-деп мени санаба!........ 126
Сүйүүбүз жүрсүн үзүлбөй!........ 126
Көзүндөн күлкүн көрүнүп........ 127
Кысталышта кысылган сүйүү!........ 127
Болбойлучу гүл издеген көпөлөк........ 128
Сен гана........ 129
Сенин атың........ 129
Кечиргин сүйөм деген жазыгымды........ 130
Келчи жаным көңүл ачалы........ 131
Сый жүрүштүк эмнегедир сырдашпай........ 132
Көл жээгинде........ 132
К — га........ 133
З — га........ 133
М — га........ 134
Көрсөтсөм деймин үйүмдү........ 134
Шакек ырдайт........ 135
Г — га........ 135
Автобустун ичинде........ 136
Ай минип жылдыз кубалап........ 136
Мен сүйдүм бир кызды........ 137
Ж —га........ 138
Орус кызы «К»га (Кристине)........ 138
МЕНИН СЫРЛАРЫМ........ 139
Гимнге кайырма........ 139
Китеп тууралуу........ 139
Тил тууралуу........ 139
Адамдын баалуулугу тууралуу........ 140
Жаратылыш тууралуу........ 140
Карыларды ыйык туталы........ 140
Теңир-Тоо........ 140
Эрке бала тууралуу........ 141

Алтын той 1959-жыл 12-октябр үйлөнгөн күнүбүз.................. 141
Өчпөс өмүр же бир ырдын тарыхы.......................................... 142
Алыкулду эскерүү............................................................... 143
Бир ырдын тарыхы............................................................. 144
Суранаарым сүйүүнүздөн беришсең........................................ 149
Ааламга барычу жол айылдан башталат, ал жолду билгендер ааламды башкарат. СССР дүйнөнү дүңгүрөттү!.. 150
Сөз кадыры.......................................................................... 151
Кыргыздардын сөздүгүн байытыш үчүн макал-ылакап, учкул сөздорго кайрылуу керек.................................. 152
Менин учкул сөздөрүм......................................................... 152
Учкул сөздүн уландысы, чаласынынын курандысы.................... 157
Дастандар.......................................................................... 163
Ат-Башынын тарыхынан бир үзүм........................................... 166
Коомдун улуулугу жана сулуулугу аялзатына тийешелүү.......... 167
Жаман эл болбойт, жаман адам болот..................................... 170
Акылдууну сөз менен байла, акылсызды арак менен жайла!....... 173
Ынтымагыбыз кут болсун...................................................... 174
Мамлекетибиздин боосу бек болсун........................................ 175
Өткөөлдөгү башаламандык..................................................... 178
Элибиздин ден соолугу жалпыбызга тийешелүү........................ 180
Алмаз экинчи жолу премьер болгондогу кайрылуум.................. 182
Ала-Тоо............................................................................. 184
Бийликтегилерге кайрылуу.................................................... 186
Зыяны тийчү буюмдан сакта.................................................. 189
Жолдоштук шарш................................................................ 191
Ойлор................................................................................ 192
Баатырды тууган аялдар....................................................... 194
Жаратылыштын байлыгы жан-жаныбар үчүн жаралган белек, аны сактай билип, коротпой туура пайданалууар адамга керек............................ 195
Мага келген каттардан.......................................................... 195
Экинчи каты...................................................................... 196
Мамлекетибизге кантип жардам кылыш үчүн, «пейилметирибизди» кеңейтсек!.................................... 197
Турдакун Усубалиев жөнүндө................................................. 199
Карынын милдети................................................................ 202
МЕНИН ЧЫРЛАРЫМ.......................................................... 203
Аалыга ачык кат.................................................................. 203
Ушакчыга укол................................................................... 203
Бир күнү............................................................................ 204
Кайрылуу.......................................................................... 206

Нарын шаарындагы революциянын келип чыгышы............. 208
Шайлоонун балит өтүүсүнө карата.............................. 218
Бакиев калпычыга каяша.............................................. 218
Жасалма шайлоо дагы элдин эмгегин жейби?...................... 219
Бийликтин ээси эл.................................................... 223
Ачуу чындык............................................................ 223
Унутулган институт.................................................. 225
Узакбаев Эмилге........................................................ 227
Таштанды.................................................................. 227
Эмне үчүн буга өч болдум............................................ 228
Бата......................................................................... 230
Баландын үйлөнүүсү.................................................. 231
Жаңы келген келинге А к Б а т а.................................. 232

**Абдыразак Шермамбетов**

ӨЧПӨС ӨМҮР

Дизайнери *Эркинбек у. Б.*
Корректору *Эркинбек к. Ж.*
Редактору *Турдукулова А.К.*
Тех.редактору *Кочоров А.Д*

Басуута 10.12.2015-ж. берилди. Форматы 60x84 1/16. Офсеттик кагаз.
Офсеттик басуу. Көлөмү 15,5 б.т. Нускасы 500д. Муктажы 398.
Бишкек ш., Сухомлинов көч., 20.
"Текник" ББ Кыргыз мамлекеттик техникалык университети,
т: 54-29-43, e-mail: beknur@mail.ru
Китепке ой пикирлериңиздер болсо ушул байланыш телефондорго чалсаңыздар
болот : 0777- 72-72-50